КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Роман-герман филология кафедрасы

Кол жазма укугунда
УДК 41:494.3:482:808.03

Суркеева Динара Бекмаматовна

Тектеш эмес системалуу тилдерде сырдык сөздөрдү которуунун жолдору (англис, орус жана кыргыз тилдеринин материалдарынын негизинде)

10. 02. 20 - тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
диссертация

Илимий жетекчи – филология илимдеринин доктору,
профессор З.К.Караева

Ош – 2017

Мазмуну

Киришүү.....4

I бап. Сырдык сөздөрдү изилдөөнүн тарыхына жана теориялык негиздерине сереп

1.1. Сырдык сөздөрдүн дүйнөлүк тил илиминде иликтениши.....14
1.2. Сырдык сөздөрдүн англис тили илиминде серептелиши.....17
1.3. Сырдык сөздөрдүн орус тили илиминде берилиши.....32
1.4. Сырдык сөздөрдүн кыргыз тили илиминде изилдениши.....40
Биринчи баптан алынган тыянактар.....51

II бап. Тектеш эмес тилдердеги сырдык сөздөрдү структуралык жактан анализдөө жана которуунун жолдору.

Алгы сөз.....53
2.1. А) Модель 1 - Бир компоненттүү сырдык сөздөр.....55
2.2. Б) Модель 2 - Эки компоненттүү сырдык сөздөр.....80
2.3. С) Модель 3 - Үч компоненттүү сырдык сөздөр.....95
2.4. D) Модель 4 - Төрт компоненттүү сырдык сөздөр.....107
2.5. Е) Модель 5 - Беш компоненттүү сырдык сөздөр.....110
2.6. F) Модель 6 - Алты компоненттүү сырдык сөздөр.....111
2.7. Кыргыз тилиндеги V, VC, CV, CVCструктураларындагы сырдык сөздөр.....112
Экинчи баптан алынган тыянактар.....117

III бап.Тектеш эмес тилдердеги сырдык сөздөрдүн семантикалык өзгөчөлүктөрү жана алардын которуу ыкмалары. “Башы жок чабандес”романынын материалдын негизинде.

Алгы сөз.....119
3.1. Модель - 1.Кубануу.....122
3.2. Модель - 2. Сүйүнүү.....124
3.3. Модель - 3. Суктануу.....125
3.4. Модель - 4. Таң калуу.....127
3.5. Модель - 5. Кызыгуу.....129
3.6. Модель - 6. Коркуу.....131
3.7. Модель - 7. Өкүнүү.....133
3.8. Модель - 8.Кейүү.....135
3.9. Модель - 9. Тоготпогондук.....137
3.10. Модель - 10. Тамшануу.....139
3.11. Модель - 11. Ишендирүү.....141
3.12. Модель - 12.Анткорлонуу.....143

3.13. Модель - 13. Тынчтандыруу.....145
3.14. Модель - 14. Жалынуу.....146
3.15. Модель – 15. Тамашалоо.....148
3.16. Модель - 16. Уяткаруу.....150
3.17. Модель - 17. Жек көрүү.....151
3.18. Модель - 18. Жинденүү.....154
3.19. Модель - 19. Көңүл буруу.....156
3.20. Модель - 20. Айран калуу.....158
3.21. Модель - 21. Камаарабастык.....160
Үчүнчү баптан алынган тыянактар.....163

Корутунду.....165
Колдонулган адабияттар.....170-185

Киришүү

Изилдөө проблемасынын негизделиши. “Адамдын акыл-эсинин жана интеллектинин табиятына, инсандын аны курчап турган дүйнө жана башка адамдар менен болгон алакасынын бардык процесстеринде пайда болуучу жүрүм-туруму менен байланышкан” проблемалардын кең чөйрөсүнө кайрылуу тилдеги адам факторуна багытталган бүгүнкү заманбап лингвистиканын мүнөздүү белгиси болуп калды (Кубрякова, 2004). Тилдик кубулуштарга карата дүркүрөп өнүгүп келе жаткан антропоборбордук ыкманын рамкасында тилдик белгинин эмоционалдык-экспрессивдик жактары менен байланышкан тармак барган сайын лингвисттердин кызыгуусун көбүрөөк арттырууда (караңыз: Ю.М. Малиновичтин, В.И. Шаховскийдин, Е.И. Шейгалдын, Р.С. Сакиеванын, Н.А. Красавскийдин, Н.Д. Арутюнованын, Л.Г. Бабенконун, И.С. Баженованын,А. Вежбицкаянын, В.Н. Телиянын иштерин; о.э. “Человеческий фактор в языке. Языковые механизмы экспрессивности” деген монографияны).

Салттык грамматикада өзүнчө мааниси жок, семантикалык жактан мазмунга ээ эмес деп мүнөздөлгөн тилдик элементтер лингвисттердин көңүлүн сейрек буруп келген болчу. Мындайларга көптөгөн жылдар бою ар кайсы лингвистикалык мектептерде түрдүүчө чечмеленип келген сырдык сөздөр таандык эле. Бирок сырдык сөздөрдүн күнүмдүк пикир алышууда өтө маанилүү ролду ойной тургандыгы эч кимде эч кандай шектенүүнү туудурбайт. Көбүнчө алар сүйлөшүүнүн мимика, жест ж.б.у.с. вербалдык эмес компоненттери менен салыштырылат (Девкин, 1965; Горелов, 2009; ж.б.). Алар коммуникацияны коштоп жүрүшөт жана табигый дискурстун бөлүгүн түзүшөт (табигый дискурстун маселеси тууралу караңыз: Цурикова, 2002).

Сырдык сөздөр сөздөрдүн өзгөчө классы катары орус илимпоздорунун (Ломоносов, 1952; Виноградов, 1972; Маслов, 1997; Касаткина, 2001 ж.б.) гана эмес, бир катар башка тилчи-окумуштуулардын дагы, маселен, украин,

англис, француз, түрк тилчилеринин (Швец, 1954; Балли, 1955; Костомаров, 1956; Сарыбаев, 1959; Мисявичене, 1982; Бадмаев, 1966; Бертагаев, 1956; Наделяев, 1988; Рассадин, 1978; Норова 1970 ж.б.) көңүлүн буруп келген. Н.И. Гречтин (1830), Д.Н. Овсянико-Куликовскийдин (1912), А.М. Пешковскийдин (1938), Я. Шмидттин (1832), А.Д. Рудневдин (1959), А.А. Бобровниковдун (1849) ж.б. лингвисттердин ысымдары менен байланышкан биринчи багыт сырдык сөздөрдү өзүнчө сөз катары санашпайт жана аларды сөз түркүмдөрүнүн курамынан чыгарып салышат, алар биологиялык жактан жаныбарлардын кыйкырыгын сырдык сөздөр менен салыштырып, о.э. ойлонуп айтылган кептик фактын, кептик чыгармачылыктын акты менен салыштырышат. Жыйынтыгында, сырдык сөздөрдүн структуралык жана семантикалык жактарын изилдөөдөн баш тартышат же сырдык сөздөрдү изилдөө туурасындагы маселе козголгондо унчукпай коюшат.

Мисалы, Н.И. Греч: “Тыбыштардын айкалышуусу (сырдык сөздөр) менен түшүнүктөрдү эмес, сезимдерди билдиришет, демек, сөз түркүмдөрүнө да, бөлүкчөлөргө да алар таандык эмес”, - деп жазат (1830:110). К.С. Аксаков сырдык сөздөрдү жада калса сөз эмес деген пикирин билдик. “Сырдык сөздөр сөздүн толук функциясын аткара албайт.” (Гречтин цит. 1830, 110-б.). Д.Н. Овсянико-Куликовский дагы сырдык сөздөрдү сөз түркүмдөрүнүн чегинен тышкары караган: “Сырдык сөздөр ойлордун эмес, сезимдердин берилүүсү, алар чыныгы сөз түркүмдөрү эмес” (1912: 372). Ушундай эле көз карашты А.М. Пешковский (1938, 372-б), В.А. Богородицкий (1913:154, 278-279) карманышат. Р.И. Аванесов жана В.Н. Сидоров өздөрүнүн “Очерки грамматики русского литературного языка” деген эмгегинде да сырдык сөздөр жөнүндө эч нерсе айтылбайт. Академик И.В. Щерба сырдык сөздөрдү “ачык эмес жана күңүрт категория” деп эсептеген (1974: 67).

Сырдык сөздөрдүн жемиштүү илимий трактовкасына негиз салган экинчи багыт М. В. Ломоносовдун (1952) ысымына таандык, анын көз карашы Ф.И. Буслаев (1959), А.А. Шахматов (1941), И.И. Мещанинов (1945),

В.В. Виноградов (1972), Н.Ю. Шведова (1941), изилдөөчүлөр А.И. Германович (1958), Г.В. Дагуров (1960), Л.П. Карпов (1971), В.А. Плотникова (1970), В. М. Наделяев (1988), В.И. Рассадин (1978) ж.б. менен байланыштуу. Бул окумуштуулардын концепциясына ылайык, сырдык сөздөр тилдин жалпы системасына кирген өз алдынча сөздөр катары таанылат жана башка сөздөр менен үзгүлтүксүз байланышта каралат. Ушуларга карата бул багыт сырдык сөздөрдүн структурасын, семантикасын, алардын кептеги функцияларын, пайда болуу тарыхын изилдөөнү абдан зарыл проблема катары санайт.

Кыргыз лингвистикасында бүгүнкү күнгө чейин сырдык сөздөрдү, алардын структуралык-семантикалык табиятын талдоого алган, алардын өзгөчөлүктөрүн изилдөө менен байланышкан эмгектер аз кезигет.

Сырдык сөздөрдүн лексика-грамматикалык курамынын чеги жөнүндөгү маселелер дагы тилчилер тарабынан бир тектүү чечилбей келет. Аларды бирде сырдык сөз, бирде этиштик бөлүкчөлөр, бирде этиштик сырдык сөздөр катары аташат (Германович, 1949: 50). Аларды изилдөөнүн түйүндүү маселелеринин катарына алардын структуралык-семантикалык бөтөнчөлүктөрү, сүйлөмдө колдонулушунун ар түрдүү функционалдык-синтаксистик өзгөчөлүктөрүн да кошууга болот. Азыркы мезгилде тилдик каражаттардын стилистикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоодо жана изилдөөдө сырдык сөздөрдүн категориялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө жана алардын функцияларын аныктоо тил илиминдеги негизги маселелерден болуп калды.

Андыктан, жогоруда айтылгандардын баарын эске алып, кыргыз жана англис тилдериндеги сырдык сөздөрдү, алардын структуралык жана семантикалык спецификасын көркөм чыгармалардан алынган материалдардын негизинде изилдөөгө жаңыча көз карашта кайрылуу, аталган тилдердин системасындагы сырдык сөздөрдүн өзгөчөлүктөрүн жана логикасын адекваттуу чагылдырган изилдөө жүргүзүү, аларды толук түрдө салыштырып чыгуу илимий жактан да, практикалык өңүттө да өтө маанилүү маселелердин бири деп санайбыз. Мындай мүнөздөгү изилдөөлөрдүн

зарылчылдыгы эчак бышып жетилгендиктен **изилдөөнүн проблемасынын негизделишине** түрткү берди.

Иштин актуалдуулугу. Сырдык сөздөр сүйлөө кебибизде улуттук тилдинөзгөчөлүгүн билүүдө чоң ролду ойнойт, ошондуктан бул тармактагы изилдөөнүн **актуалдуулугу:**

1) тектеш эмес системалуу тилдердин (англис,орус жана кыргыз) материалдарынын негизинде сырдык сөздөрдүн кыргыз лингвистикасында салыштырмажана котормо планда атайын иликтенбегендиги;

2) англис, орус жана кыргыз тилдеринде сырдык сөздөрдүн которуулуштары жөнүндөгүилимий изилдөөлөрдүн сейрек кезиге тургандыгы;

3) тектеш эмес тилдердеги сырдык сөздөрду которуудагы өзгөчөлүктөрүнүн толук жана терең изилденбегендиктен, алардагы өзгөчөлүктөргө, окшоштуктарга жана тилдик универсалийлерге көңүл бурулбагандыгы, сырдык сөздөрдү которулган материалдардын негизинде которуу денгээлинде сыпатталбагандыгы;

4) тектеш эмес тилдердеги сырдык сөздөрдүн котормосу түрдүү маданий тексттерде кандайча колдонула тургандыгынын аныкталбагандыгы;

5) тектеш эмес тилдердеги сырдык сөздөрдүн формалдык семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрүнүн изилденбегендиги, тайпаларга жана топторго бөлүштүрүлбөгөндүгү менен шартталат.

Ал эми сырдык сөздөрдүн дискуссиялык проблемасын, алардын үч тилдин сөз түркүмдөрүнүн ичинде алган ордун тактоо жана семантикалык, фонетикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө тил илиминде зарыл маселелердин бири болгондуктан диссертациянын темасынын жана багытынын тандалышына шарт түздү.

Илимий изилдөөнүн объектиси болуп англис, орус жана кыргыз жазуучуларынын чыгармаларынан алынган материалдардын негизинде салыштырма жана котормо аспектинде сыпатталып жаткан англис, орус жана кыргыз тилдериндеги сырдык сөздөр саналат.

Илимий изилдөөнүн предмети катары англис, орус жана кыргыз тилдериндеги сырдык сөздөрдү которуудагы структуралык-семантикалык–которуу **өзгөчөлүктөрү** жана функционалдык мүнөздөмөсү тандалып алынды.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери. Изилдөөнүн **максаты** катары англис, орус жана кыргыз тилдериндеги сырдык сөздөрдү теориялык,практикалык жана котормо денгээлинде изилдөө, сырдык сөздөрдүн которуудагы тектеш эмес тилдерде изоморфтук, алломорфтук жана универсалдуу кубулуштарды табуу. Сырдык сөздөрдүн структуралык-семантикалык мазмунун жана функционалдык айырмачылыктарын котормо денгээлинде ачып берүү болуп эсептелинет.

Коюлган максаттарга жетүү жана объективдүү натыйжаларга ээ болуу үчүн төмөнкү **милдеттерди** аткаруу зарылдыгы келип чыгат:

1) англис, орус жана кыргыз тилдериндеги сырдык сөздөрдүн табиятын изилдеп, мүнөздүү категориялык белгилерин таап, аларды тектеш эмес тилдерге которуудагы лексикалык, стилистикалык, фонетикалык, грамматикалык денгээлдерде изилдөөнүн объектиси катары карап чыгуу;

2) англис, орус жана кыргыз тилдериндеги сырдык сөздөргө көп компоненттик контрастивдик анализ жасоо, аталган тилдердеги сырдык сөздөрдүн формалдык жана семантикалык окшоштуктарды жана айырмачылыктарды бөлүп көрсөтүү жана аларды классификациялоо;

3) салыштырма планда каралып жаткан тилдердеги сырдык сөздөрдүкоторууда жалпы жана атайын өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;

4) тандалып алынган тема боюнча теориялык жана практикалык адабияттар менен таанышып чыгуу, сырдык сөздөрдүн заманбап теорияларын окуп-үйрөнүү;

5) сырдык сөздөрдү которууда алардын прагматикалык касиеттерин эске алуу;

6) тектеш эмес тилдердеги сырдык сөздөрдүн структуралык-семантикалык топторун котормодогу ыкмаларын аныктоо.

Изилдөөнүн **материалы** катары XX-XXI кылымдагы кыргыз жана англис жазуучуларынын көркөм чыгармалары, түшүндүрмө, эки тилде жазылган, этимологиялык, сөз түзүүчү, синонимдик, антонимдик, фразеологиялык, энциклопедиялык ж.б. сөздүктөрдүн, англис, орус жана кыргыз оозеки кебинин үстүнөн байкоо жүргүзүүнүн, газета-журналдардын материалдары, о.э., тексттеринен англис, орус жана кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр иргелип алынган прозалык чыгармалардын түп нускалары жана котормолору кызмат кылат. Толук тандап жана иргеп алуу ыкмасынын негизинде 500ге жакын ар кайсы кептик стилдерге таандык тилдик бирдик жыйналып, статистикалык салыштыруу ыкмасы жактан анализденилип чыкты.

Изилдөөнүн методдору жана методологиясы. Коюлган милдеттерди аткаруу үчүн иштин жүрүшүндө төмөнкү **ык-жолдор** пайдаланылды: жыйноо, каттоо, топтоштуруу, функционалдык-семантикалык, контекстуалдык, салыштырма анализ, которуу, сырдык сөздөрдүн семантика-грамматикалык топторунун арасындагы айырмачылыктарды аныктоону камсыз кылуучу трансформациялык анализдөө ыкмасы, прагматикалык жактан чечмелөө методу, оригиналдын жана котормонун салыштырылып жаткан тексттериндеги бирдиктердин сапаттык мүнөздөмөсүн толуктоочу жана тактоочу стилистикалык анализ, статистикалык анализ ж.б.

Изилдөөнүн методологиялык базасын түзгөн **теориялык негиз** катары англис жана орус тил илиминин төмөнкү баалуу мурастары кызмат кылат:

- типологиялык багыттаЖ. Б. Буранов, У. Юсупов, Г. Жамашева, Исмаилова жана З. Караева;

- функционалдык грамматика боюнча И. И. Мещанинов, О. И. Москальская, Е. И. Шенделъс, В. Г. Гак, Е. Е. Корди, Л. С. Рубинштейн ж.б.;

- дискурстун жалпы теориясы боюнча Е. С. Кубрякова, Н. Д. Арутюнова, М. В. Никитин, Г. Вайнрих, Л. В. Цурикова ж.б.;

- тилдин коммуникативдик-прагматикалык теориясы боюнча Е. В. Падучева, Н. Д. Арутюнова, М. В. Никитин, В. Г. Гак, И. П. Сусов, Г. В. Колшанский, Е. В. Милосердова, К. Бюлер, ж.б.;

- эмоционалдык-экспрессивдик синтаксис боюнча О. В. Александрова, В. Д. Девкин, О. И. Москальская, Ю. М. Малинович, Л. М. Михайлов, Т. Т. Токоев, А. П. Назаров, Ашырбаев Т., Б. Ш. Усубалиев ж.б.;

- маданият аралык коммуникация теориясы жана тилдик бирдиктерди салыштырып-тектештирип изилдөө боюнча А. Вежбицкая, Н. А. Красавский, С. Г. Тер-Минасова, В. Г. Гак ж.б. Ишибиздин илимий куралы катары Ж. Б. Бурановдун иштеп чыккан типологиялык категориясы жана З. К. Караева тарабынан иштелген котормо категориясынын экстралингвистикалык релеванттуулуктары боюнча теориялык базаларга негизделди.

Азыркы учурда кыргыз тил илиминде сырдык сөздөрдү кенен масштабда, салыштырма планда, ар тараптан изилдөөгө арналган атайын эмгектер жокко эсе. Чет өлкөлүктөрдүн лингвистикасында дагы көп убакыттан бери мындай алкактагы изилдөөлөр аткарылбай келет. Аталган область боюнча тилчи-окумуштуулардын көз караштары, позициялары, ой-пикирлери дагы бир кылка эмес. Ушул себептүү биздин изилдөөнүн **илимий жаңылыгы** төмөнкүлөр болуп калды:

1) заманбап кыргыз жана англис адабиятынан алынган кенен тилдик материалдын негизинде, лингвистикалык изилдөөлөрдүн практикаланган, прогрессивдүү ыкмаларын колдонуу менен англис, орус тилдери менен салыштырылып жаткан кыргыз тилиндеги сырдык сөздөрдүн структуралык-семантикалык функцияларын ачыктоого кыргыз лингвистикасында алгачкы ирет аракеттердин жасалышы;

2) тектеш эмес тилдердеги сырдык сөздөрдүн формалдык жана семантика-функционалдык которуу өзгөчөлүктөрүнүн, айырмачылыктарынын жана окшоштуктарынын изилдениши;

3) кыргыз тилиндеги сырдык сөздөрдүн фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик бөтөнчөлүктөрүнүн аныкталышы жана алардын котормодо берилиши;

4) алардын маанилерин берүүдөгү негизги грамматикалык каражаттардын такталышы;

5) тектеш эмес тилдердеги сырдык сөздөрдүн семантикалык классификацияларындакотормо ыкмаларын көрсөтүлүп берилиши.

Ошондой эле, сырдык сөздөргө карата багытталган жогоруда саналган мындай пландагы изилдөөлөрдүн кыргыз тил илиминде алгачкы жолу жүргүзүлүп жаткандыгын да иштин жаңылыгы катары саноого толук негиз бар.

Изилдөөнүн теориялык мааниси. Кыргыз тилинин грамматикасынын жалпы теориясын иштеп чыгууда биздин бул изилдөөнүн белгилүү бир деңгээлде салым кошушу, кыргыз тилиндеги сырдык сөздөрдүн жаралуусунун семантикалык табиятынын аныкталышы, кептеги бир гана эмотивдүү табияты эле эмес, прагматикалык жана когнитивдүү ролунун берилиши, англис тилинин практикалык грамматикасы боюнча окуу колдонмолорго киргизилбеген сырдык сөздөрдүн мурдагы тил илиминде жана азыркы учурда жазылган аныктамаларынын келтирилиши о.э., сырдык сөздөрдүн сүйлөмдөрдөгү универсалдык мүнөздүү белгилеринин болжолдуу түрдө ачыкталышы, сырдык сөздөрдү тереңдетип изилдөө, структуралык-семантикалык жактан анализдөө жана алардагы синтаксистик алакаларды ачып берүү кыргыз тилиндеги сырдык сөздөрдүн табияты жөнүндөгү толук түшүнүктүн жана көз караштын калыптанышына шарт түзгөндүгү диссертациялык иштин теориялык мааниси катары саналат. Негизинен, бул изилдөө сөз түркүмдөрдүн жалпы теориясынын, которомо жалпы теориясынын жана семантикасынын өнүгүүсүнө салым кошот деген ойдобуз.

Изилдөөнүн практикалык мааниси. Иш компаративистиканын, тектештирме-тарыхый, типологиялык тил илиминин, кыргыз жана англис тилдеринин грамматикасы ж.б. тармактардын идеялары, жетишкендиктери,

принциптери жана методдоруна таянылып, англисче, орусча, кыргызча факты-материалдарынын негизинде иштелип чыкты.

Биринчиден, иштин материалдары жана негизги жоболору компаративистиканы, салыштырма типологияны жана семасиологияны өнүктүрүүгө өбөлгө болуу менен бирге филология профилиндеги адистерди даярдоочу ЖОЖдордо азыркы кыргыз тили, кыргыз жана англис тилдеринин салыштырма грамматикасы, салыштырма стилистикасы жана кеп маданияты боюнча лекциялык курстарды түзүүдө жана окууда, котормонун теориялык негиздерин өнүүктүрүүгө, атайын семинарларды өткөрүүдө, өлкөбүздүн колледждериндеги жана орто билим берүүчү мекемелериндеги заманбап кыргыз, орус жана англис тилдеринин морфологиясын, лексикологиясын үйрөтүү боюнча сабактарды өтүүдө, котормочулардын жана журналисттердин практикалык иштеринде колдонууга болот. Экинчиден, салыштырма типология боюнча окутуунун методологиялык ыкмаларын иштеп чыгууда, окуу куралдарын жазууда котормо илимин практикалык жактан баалуу материал болуп бере алат. Үчүнчүдөн, иштеги натыйжаларды компаративистика, кыргыз жана англис тилдеринин салыштырма грамматикасы, лексикалык семантика, психолингвистика, социология боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө пайдаланса болот.

Коргоого коюлуучу жоболор:

1. Сырдык сөздөр адамдын эмоционалдык чөйрөсү менен байланышкан тилдик универсалияларды жана башка тилдик бирдиктерден адаттан тышкаркы фонетикалык формасы, кептеги семантика-стилистикалык өзгөчөлүктөрү жана спецификалык функциясы менен айырмаланат.

2. Алардын семантикалык мазмуну интонация, тилдин орфоэпиялык нормалары, этнос-тил ээсинин этномаданий каада-салттары, тарыхы, улуттук өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу (мындай өзгөчөлүктөрдүн кепте чагылуусу субъекттин маанайынан, жашынан, кызматынан, социалдык абалынан ж.б. көз каранды).

3. Контекст менен кептик жагдай сырдык сөздөрдүн семантикалык мазмунуна абдан чоң таасирин тийгизет жана кепте сырдык сөздөрдү максатка ылайыктуу колдонуу улуттар аралык коммуникациянын ийгиликтүү болушуна көмөк көрсөтөт.

4. Сырдык сөздөрдү салыштырып изилдөө лексикографиялык булактарда семантика-структуралык, семантика-стилистикалык, социалдык-гендердик, этномаданий өзгөчөлүктөрдү чагылдырууга жол берет.

Бул изилдөөдө англис, орус жана кыргыз тилдериндеги баштапкы жана туунду сырдык сөздөргө салыштырма структуралык-семантикалык анализ жасалды. Ар бир сырдык сөздүн маанилеринин максималдуу мүмкүн болгон варианттары каралды, сырдык сөздөрдүн семантикалык мазмунунун өзгөрүшүнө өздөрүнүн колдонулуш шарттарынын таасир этүүсү эске алынды.

Изилдөөнүн апробациясы. Диссертациялык изилдөөдөн алынган тыянактар жана жоболор Ош мамлекеттик университетинин Роман-герман филология кафедрасынын отурумдарында, илимий жумалыктарда 4 жолу талкууланып, ОшМУнун, Эл аралык университеттин, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окутуучуларынын, аспиранттарынын илимий-практикалык конференцияларында (2010-2015) бир нече жолу окулду жана эл аралык, республикалык, регионалдык конференцияларда 3 жолу автор тарабынан жасалган докладдарда баяндалды, о.э., ата мекендик жана чет мамлекеттик илимий журналдарда (анын ичинде ЖАКка кирген журналдарда), ЖОЖдордун илимий жыйнактарында, окуу жайлардын жарчыларында жарык көргөн 12 макалада чагылдырылды.

Диссертациялык эмгектин структурасы. Эмгек киришүүдөн, үч баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Колдонулган адабияттардын тизмеси 196 аталышты камтыйт. Иштин жалпы көлөмү – 185 бет. Диссертациянын текстинде ар түрдүү таблицалар колдонулду.

I бап. Сырдык сөздөрдүн изилдөөнүн тарыхына жана теориялыкнегиздерине сереп

1.1. Сырдык сөздөрдүн дүйнөлүк тил илиминде иликтениши

Сырдык сөз деген термини латын тилиндеги «interjectio» – «ортосуна ыргытуу» же болбосо стандарттуу кепке кирбеген, лексикалык мааниге ээ болгон сөздөрдүн арасында колдонулуучу тилдик бирдиктердин өзгөчө топтору дегенди билгизет.

Сырдык сөздөрдү изилдөө алмустактан баштап, ушул күнгө чейинки заманда да негизги маселелердин бири болуп эсептелинип келе жатат. Буга мисал катары биздин заманга чейинки I кылымда эле Варрондун грамматикасында аны атайын сөз түркүмү катары карагандыгы жана риторикалык маселелерге тиешелүү экендигин белгилеген. Ал эми орустун улуу окумуштусу М.В. Ломоносов сырдык сөздөргө мындайча баа берген: “Сырдык сөздөр – булар инсандын жан дүйнөсүндөгү сезимдердин кыймылынын кыскача берилиши” [Ломоносов, 1950-1959: 143]. Мындай көз караштарга карабастан, айрым изилдөөчүлөр сырдык сөздөргө көп маани бербей, аларды маргиналдуу абалда карашкан.

Бирок сырдык сөздөрдүн адамдын сырткы чөйрөгө карата болгон эмоциясынын реакциясы экендигинде шек жок. Сырдык сөздөрдү дүйнөлүк деңгээлде изилдөөдө Ш. Баллинин, Л. Теньердин, француз грамматикасындагы ордун изилдөөдө Ж. Дамуретт жана Э. Пишондун, Ф. Брюнонун маалыматтары өтө баалуу. Ал эми сырдык сөздөрдү психомеханика менен байланыштырган Г. Гийома кептин динамикалык аспектисине көп көңүл бөлгөн. Дүйнөгө аты таанылган окумуштуу Э. Бенвениста сырдык сөздөрдү аргументациялоо теориясын иштеп чыккан.

Америкалык окумуштуу Вилкинстин айтуусуна толук кошулуу менен азыркы мезгилде да сырдык сөздөрдү изилдөө функционалдык лингвистиканын актуалдуу маселелеринин бири деп санайбыз [Wilkins 1992].

Чет өлкөлөрдө сырдык сөздөрдү изилдеген окумуштуулардын арасынан төмөнкү тилчилердин илимий булактары абдан маанилүү. Аларга Ф. Амека [Ameka 1992:1994]; А. Вежбицкая [Вежбицкая 1999; Wierzbitska 1992] ж.б. кирет.

Сөз түркүмдөрүн бөлүштүрүүдө сырдык сөздөрдү кайда кошуу маселеси ар түрдүү чечилген. Өзүнүн китебинде А. Вежбицкая психологиялык, антропологиялык жана лингвистикалык пикирди ар кайсы маданият, тил жана социалдык мамилелер түшүнүктөрүнө киргизет. Ал бет эмоциясын, дене эмоциясын жана сүйлөшүү кебинин эмоцияларын изилдеген (Караңыз: Джеймс [James, 1973], Д.П. Уилкинз [Wilkins, 1992], француз илимпоздору - Ж.М. Барбери [Barberis, 1992]; К. Буридан [Buridan, 2006]; М.Л. Демонэ [1998 a,b: 2006]; Г. Дости [Dostie, 2004]; Ж. Клебер [Kleiber, 2006]; К. Оливье [Olivier, 2000]; К. Сидар-Искандар [Sidar-Iskandar, 1983]; М. Святковска [Swiatkowska, 2000, 2006], Ельмслев, Пролегомены к теории языка, “Новое в лингвистике”, вып. I, М., 1970, с. 330-331). Демек, сырдык сөздөрдү изилдөө тарыхында тилчилердин эки карама-каршы пикири берилет. **Биринчиден** сырдык сөздөрдүн баштапкы аныктамасы М.В. Ломоносовго таандык. Бул ой А.Х. Востоков, Ф.И. Буслаев, А.А. Шахматов, В.В. Виноградов, А.И. Германович аттуу окумуштуулардын иштеринде улантылган. Бул окумуштуулар төмөндөгү пикирлерди айтышат: а) Сырдык сөздөр - бул өзүнчө сөздөр жана аларды бириктерген категорияны сөз түркүмү деп айтышыт; б) Бул окумуштуулар сырдык сөздөрдүн структурасын алардын кептеги аткарган функциясын, түзүлүш тарыхын изилдешкен. **Экинчиден** Н.И. Греч, Д.Н. Кудрявский, Д.Н. Овсянико-Куликовский, А.М. Пешковский ж.б. тилчилердин пикирлерине таандык: а) Сырдык сөздөр өзгөчө сөздөргө кирбейт, сөз түркүмдөр болуп эсептелинбейт; б) Сырдык сөздөрдүн структурасын, синтаксистик өзгөчөлүктөрүн изилдешпейт. Изилдөөнүн кажети жок деп айтышат.

Сырдык сөздөрдү кароодо түрдүү үндөрдү чагылдыруучу сөздөргө да көңүл буруу зарыл. А.Н. Тихонов: “Междометиям явно не повезло, но мы

добавим: звукоподражаниям не повезло еще больше», - деген оюн айткан. Ал түрдүү үндөрдү чагылдыруучу сөздөрдүн категориясына карата терең оюн айткан. Грамматиканы окуткан тилчилердин бул категория тууралуу пикирлери өтө кызыктуу. С.И. Абакумов: “Звукоподражания лежат вне системы средств языкового общения”, - деп жазган. Сырдык сөздөрдү сөз түркүмдөргө кошуу же кошпоо маселеси көптөгөн белгилүү окумуштуулардын эмгектеринде талкууланган. Алардын көпчүлүгү ар түрдүү эмоционалдуулугу бар, өзгөчө интонация, экспрессия менен айтылган сөздөргө кирет деп айтышат. Бирок бул түшүнүктөрдүн эмоция менен экспрессивдүүлүк боюнча айтылган аныктамаларында так пикир жок. Себеби, алар ар түрдүү түшүнүктү беришет.

Түрдүү үндөрдү чагылдыруучу сөздөр менен сырды билдирген сөздөрдүн тарыхый келип чыгуусунун жана кептеги аткарган функциясынын ортосунда чоң айырма бар. Л.В.Щерба: «…так называемые, звукоподражательныемяу-мяу, вау-вау и т.п. нет никаких оснований относить к междометиям», - деп жазган. Демек, түрдүү үндөрдү чагылдыруучу сөздөр жана сырды билдирген сөздөр ар башка семантикалык топторго киришет.

«Сырдык сөздөр адамдын эмоционалдык абалы боюнча чыккан үндөр болуп эсептелинет, мисалы, *кайгыруу, кубануу*. Ошондой эле, алар эмоцияны сөзгө айландыруучу бирдиктер болуп эсептелинет. Инстинкттүү чыккан үндөр ар кандай улуттун топторунда бирдей угулушу мүмкүн, ошол эле учурда сырдык сөз белгилүү бир эмоцияны берип, кепте коммуникативдүү функцияны аткарат: француз тилин үйрөнүүдө англиялык адам *alas*(*аттигин ай, кап*) сөзүнүн ордуна *helas* сөзүн колдонууну үйрөнүүсү зарыл, бирок адаттагыдай эле үшкүрүнө берсе болот.

Кептик этикетте колдонулуучу сөздөр жана формулалар сырдык сөздөрдүн катарына кирбейт деп ойлойбуз, себеби алар атайын семантикага ээ кептик этикетти билдирет. Мына ошондуктан сырдык сөздөргө кирбейт:

а) түрдүү үндөрдү чагылдыруучу сөздөр, инстинкттүү чыккан, рефлектордук үндөр коммуникативдүү функцияны аткарбайт;

б) кайрылуулар, кептик этикетке тиешелүү сөздөр номинативдүү функцияга ээ болгондуктан, коммуникативдүү функцияны аткарбайт.

Биздин оюбуз боюнча, сырдык сөздөрдүн көрүн көбөйткөн, этиштик сырдык сөздөргө өзгөчө көңүл бөлүнүш керек. Демек, жогоруда каралган сырдык сөздөрдүн өзгөчөлүктөрү жана аларга берилген ар кандай аныктамалар тилчилердин арасында бул сөз түркүмүнүн лингвистикалык статусу боюнча ар кандай пикирлер бар экенин далилдейт. Ошондой эле, сырдык сөздөрдүн семантикасы ар кандай тилчилер тарабынан контекстте, жагдайларда, интонацияга карай ар башкача түшүндүрүлөт.

Дж. Буранов сырдык сөздөрдүөзүнчө типологиялык категория катарында изилдеген. И.И. Мещанинов: “Междометия создаются в языке потому, что этого требует строй языка, вовсе не под непосредственным влиянием каких-либо эмоций. Носоздаются они для передачи эмоционального оттенка, требуемого речью, а не выкриком”, - деп жазган (Мещанинов И.И., 1978:386).

Демек, ар бир тилде кандайдыр бир эмоцияны, сезимди, маанайды, каалоону билдирген бирдиктер сөзсүз болуш керек.

Сырдык сөздөрдү анализдөө аркылуу алардын социалдык ролу жана өзгөчө көрсөткүчтөрү далилденет. Мисалы, ооруну билдирген сезим *ийе, кокуй, йа* деген сөздөр менен берилип, өкүнүүнү билдирет. Сырдык сөздөрдүн коммуникативдүү функциясы адамдын кебинде болот, бул жөнөкөй гана үндөр эмес, адамдардын бири-бири менен болгон мамилесин билдирген сөздөр.

1.2. Сырдык сөздөрдүн англис тил илиминде серептелиши

а) Сырдык сөздөрдүн орду боюнча чет өлкөдө эки пикир бар экендиги жогоруда белгиленди. Кээ бир чет өлкөлүк тилчилер сырдык сөздөрдү зат атооч, этиш, ат атооч ж.б. сөз түркүмдөрүнө окшоп маани берүүчү сөздөргө кирет деп айтышат. Бул концепцияны Г.Пауль, Г.Суит, Л.Теньер, С.Карцевский, В. Циммер сыяктуу окумуштуулар колдошот. Ал эми В.Гумбольдт, В.Вундт, М.Мюллер, К.Дамурет, Е.Пишон, О.Бехагель сыяктуу илимпоздор экинчи концепциянын тарапкерлери болушуп, сырдык сөздөр - бул рефлектордук кыйкырыктар дешип, алар маани берүүчү сөздөргө кирбейт деген пикирди айтышат. Ошентип, XIX кылымда В.Гумбольдт менен М.Мюллер сырдык сөздөрдү чыныгы тилдин четинде жайгашат деп ойлоп: “ ...сырдык сөздөр бүткөндө, тил башталат...”, - деп айтышкан. Сырдык сөздөрдүн негизги маңызы сезимдерди билдирүүдө гана жатат деген түшүнүктү беришет. М. Мюллер *hum! ugh! tut! pooh!*деген тыбыштарды сөз деп айта албайбыз, антип айтканга бизде негиз жок”, - деп айткан (Muller M., 1871:27, 77-78,83-85;Гумбольдт В., 1859:27).

1922-жылы В. Вундт сырдык сөздөрдү жана тууранды сөздөрдү сындоо менен, өзүнүн “шилтөө теориясын” билдирет. Ал теория боюнча, артикуляциялык кыймылдар психикалык процесстерди чагылдырат. В. Вундттун айтуусу боюнча, артикуляция менен шилтөө тыгыз байланышта, демек, биологиялык фактор социалдык фактордон бөлүнбөйт деген ойду билдирип жатат. Мындай ою менен В. Вундт тилдин тыбыш системасын курууда шилтөөлөрдүн ролу бийик экендигин баса белгилейт. А бирок мындай теорияга кошумча ал көп кызыктуу фактыларды берип өзүнүн “Сырдык сөздөрдүн тепкичи” деген эмгегинде жаратылыштагы тыбыштар - туунду жана туунду эмес сырдык сөздөр деген ойду жараткан (Германович А.И., Междометия русского языка, 1966:с.II.).

Л. Грей жана М. Брайант В. Вундттун теориясын колдоп, сырдык сөздөрдү: “Кептин бир өзгөчө формасы, аффективдүү, эмоционалдуу,

активдүү, бирок интеллектуалдык кептин структурасынын сыртында”, - деп белгилешкен.

Америкалык окумуштуу Л. Грей сырдык сөздөрдү сөз түркүмдөрүнүн курамынан алып салуу жөнүндөгү пикирин айтат, анткени англис тилиндеги *jo! ouch! humph! hell!* сыяктуу рефлектордук үндөр, алар бир гана психологиялык же аффективдүү мааниси бар деп түшүндүрөт. Бирок биз айтып кеткендей, сырдык сөздөр формасынан гана рефлектордук үндөргө окшошот. “Алар коомдун таануусуна ээ болуп, кыйкырыктардан сөзгө айланып калышкан”,- деп билдирет И.И. Мещанинов.

Англис тилинин грамматикасы боюнча жазылган өзүнүн эмгегинде М. Брайант рефлектордук үндөрдү кээ бир туунду эмес сырдык сөздөргө окшоштурат. Алар - жөнөкөй эле айлана-чөйрөдөгү болгон стимулдарга эмоционалдык реакция деп айтат. Бирок М. Брайант мындай үндөр кандайдыр бир эмоциялардын белгиси болуп да калуусун эсепке албайт. Мисалы, *hei^h-ho!* эстегенди билдирген бул рефлектордук үн, ошол эле учурда *hei^h-ho!* өкүнүүнүн эмоциясы катары берилип, сырдык сөз болуп калат. Бул концепцияга каршы чыккан белгилүү тилчилер сырдык сөздөр-сүйлөөнүн кептик бирдиги деген ойду билдиришет. Э. Сепир, О. Есперсен, Ч. Фриз сырдык сөздүн өзгөчө маанисин белгилеп, ага “сөз” деген статус беришет. Бирок ошону менен бирге, сырдык сөздөрдү толук баалуу эмес жана зыяндуу сөздөр деп айтышат. Э. Сепир сырдык сөздөр анча маанилүү эмес лексикалык катмардын бөлүкчөлөрү, эч качан тилдин маанилүү катарына кирбейтдеген тыянакка келет. Анын ою боюнча, сырдык сөздөр “материалдын декорациясы” гана боло алат (Сепир Э., 1934: 223).

О. Есперсен: “Сырдык сөздөр менен маани берүүчү сөздөрдүн ортосунда “жар бар”, - дейт, айрыкча фонетикалык көз караштан алганда, сырдык сөздөрдө кепте колдонулбаган спонтандуу тыбыштар бар. Бул илимпоз сырдык сөздөрдүн категориясына туунду эмес гана сырдык сөздөрдү киргизет жана алар башка сөз түркүмдөрүнө өтпөй тургандыгын белгилейт. А бирок материалдарды анализдөөдө деноминализация ыкмасы

менен маани берүүчү сөздөр сырдык сөздөргө айланып кете тургандыгын байкайбыз. Ч. Фриздин айтуусу боюнча, сырдык сөздөр коммуникативдүү кептин бирдиктери боло албайт (Галкина-Федорук Е., 1958:10).

Демек, тилчилердин сырдык сөздөргө болгон пикири ар кандай, сырдык сөз деген түшүнүккө бирдей ой пикир жок экендиги байкалат.

Сырдык сөздөр эмоцияны көрсөтөрү баарыбызга белгилүү болгондугуна карабастан, анда изилденбей жаткан көптөгөн маселелер бар экендиги айкын. Айрым бир кырдаалдарда чет өлкөлүк адамдар тарабынан айтылган сырдык сөздөрдү түшүнбөй да калабыз, себеби алардын колдонулуштары кырдаалдарга карата өзгөрүп турат да, башка мааниде айтылышы дагы мүмкүн. Мындан сырткары, англис тилинде колдонулуучу сырдык сөздөрдү кыргыз, орус маданиятына ылайыктап колдонууга болобу же алардын арасында окшош сырдык сөздөр барбы деген суроо да кызыктуу, себеби ар бир маданияттын өзүнүн сырдык сөздөрү бар, алар да кырдаалга карата башка-башка маанилерди берип турат. Сырдык сөздөрдүн лингвистикалык статусун чечүүдө биз семантикалык ыкмага көбүрөөк маани бердик, себеби сырдык сөздөрдүн семантикалык структурасын изилдөө аларга тиешелүү көптөгөн каражаттарды табууга жардам берет. Теориялык жактан сырдык сөздөргө атайын база түзүлбөгөндүгүнө байланыштуу алардын аныктамасы катары берилген маалыматтар сырдык **с**өздөрдүн бүтүндөй касиеттерин ачып бере алышпайт. Мындай көрүнүш сөздүктөрдөгү каражаттарга кайрылганыбызда сырдык сөздөрдүн табиятынын толук ачылбагандыгын далилдеди.

б) Сырдык сөздөрдүн аныктамасы. Сырдык сөз деген термин Оксфорд англис тили сөздүгүндө төмөндөгүдөй аныкталат:

1. Англис тилине XIII-XIV-кылымдарда *interjicere* (-jacere) латын сөзүнөн “ыргытуу” же “ортого таштоо” деген мааниде киргизилген, *inter* ортосунда жана *jacere* ыргытуу деген мааниден келип чыккан. Ал эми лексикограф-тилчилер төмөнкү аныктамаларды келтиришет: 1) сезимдерди өзгөчө бир күч, күү менен айтуудагы каражат; 2) грамматикалык сөз түркүмү

катары колдонулган же каралган табигый күчтүү сезимдерди чагылдырган зат.

Аныктама кандайдыр бир деңгээлде сырдык сөздөрдүн тилдеги эки түрдүү табиятын чагылдырып турат. Биз *Oh!* же *Phooey!* деген формаларды эске алганда, өзгөчө бөлүнгөн аларга мүнөздүү өзгөрүүлөрү жок элементтер классы жөнүндө сүйлөп жатканыбызды байкай алабыз жана алар көбүнчө сезим, көз караштар жана акыл – ойдун абалын көрсөтөт. Мындан тышкары ага тиешелүү мүнөздөмө жана тилде аткарган кызматы жок. Бирок ошол эле учурда, контекстке көз каранды болуп сырдык сөздөр ээ-баяндооч менен байланышы жок сүйлөмдөрдү жана айтымдарды түзө алат (Оксфорд англис тили сөздүгү (1992)). Адатта алар коюлуучу синдикат катары бөлүнүп, мазмуну тарабынын толук сүйлөмгө так туура келе бербейт. Алар сүйлөмдүк формасы бар илептүү сөздөр менен алмаштырылбашы керек (Broughton, 1990: 147).

Сырдык сөздөр өз алдынча бир классты түзүп, максат жана баарлашуу баалуулугуна ээ. Бул сөздөр сөздүктөргө *int.* же *interj.* белгилери менен киргизилген. Сырдык сөздөр - тилге таандык, негизги же табигый эрктен сырткары, эч кандай аракет жасалбай пайда болгон үндөр. Ошентип, сырдык сөздөр тилдеги илептүү сөздөрдүн топтомун түзөт, бирок ошол эле учурда ар бир эле илептүү сөз сырдык сөз боло албайт. Белгилүү Gramley жана Pätzold сыяктуу авторлор өздөрүнүн китептеринде (1992: 125), сырдык сөздөргө *Кутман таң!Кутман кеч!* сыяктуу сөз айкаштар жана сүйлөмдөр кошулуш керек экендигин белгилеп кетишет. Канткен учурда да бул сыяктуу билдирүүлөр тилдин өзүнчө бир сегментин, бөлүгүн түзүү менен бирге күчтүү сезим менен айтылып, сырдык сөздөргө жакын келип, бирок тилде өзүнчө бир топту түзүшөт. Сырдык сөздөр ачык же жабык сөз түрмөктөрү экенин айтуу кыйын, алар салыштырмалуу туруктуу топту түзөт. R.W. Zandvoort күнүмкү жана аныk кандайдыр бир учурдагы айтылган сырдык сөздөрдү айырмалайт жана күчтүү эмоция менен айтылган сүйлөмдүн башка мүчөлөрүн ал аныk бир учурда колдонулган сырдык сөздөргө кошот. (R.W.

Zandvoort, 1969: 250). Ал эми фонемалык жактан мүнөздөмөсүнүн бар же жок экендиги жөнүндө (2004). В.З. Янович маалымат берет. Анын ою боюнча, «Бул маалыматтар өзгөчө ойду же идеяны бербейт, көбүрөөк эмоция, сезимди жана мамилени көрсөтөт. Эмоцияны жана күчтүү сезимди билдирүүчү сигнал катары колдонулган сөздөр, сырдык сөздөр деп аталат».

Англис тилиндеги сырдык сөздөр 500 дөн ашык топту түзөт жана алар ар кандай учурларда колдонулат. Канткен учурда да жаңы сырдык сөздөрдүн эски топтогу сырдык сөздөрдүн катарын толуктаганын элестетүү кыйын эмес. Мисалга алсак, жаңы сырдык сөздөр поп музыкада, элдик маданиятта, комикстерде пайда болуп келе жатат. Шаардын жаш тургундары жаңы сырдык сөздөрдүн пайда болуусунун булагы болуп саналат. Бирок башка жактан алып караганда, бул сүйлөп жаткан адамдын чыгармачылыгына көз каранды же болбосо башка тилден алынган сөздөр (ал тилде да) ошол эле мааниде колдонулат. Алар *Adios!* [англисче] –*Кош калгыла! Ahoy!*– жаатгагы колдонулган чакыруу. *Alleluia!*[Еврейче] – мааниси "Кудайды мактоо", "Кудайга шүгүр", *Aloha!* [англисче] – саламдашуу же коштошуу,*Amen!*– сыйынуудан кийин колдонулат, *Bis!* [французча] –*Again! Дагы!, Bonsoir !*[французча] –*Саламатсызбы!, Bravissimo!*– [итальянча] *Азамат!, Сонун!, Bravo! Brava!* – *Аябай жакшы!, Hello!* – Саламдашуу же телефон коңгуроого жооп берүү, көңүл бурдуруу үчүн. *Salud!* [испанча] –*Ден соолугун үчүн* (тост),*Salut!* [французча] – ден соолугун үчүн!,*Wow!*– [англисче] *Ооо! Сонун!, Класс!*– [орусча] –*Сонун! Укмуш!*

в) Сырдык сөздөрдүн сүйлөмдөгү орду. Сырдык сөздөрдүн латын тилиндеги түпкү маанисине (ыргытуу), белгисине караганда, алар сүйлөмдөгү башка структуралык компоненттердин арасында орун алышы мүмкүн. Анан, албетте, англис тилинин официалдуу сөздүктөрүндө белгилегендей, сырдык сөз - бул ар кандай сезимди билдирген сөз же фраза (Oxford wordpower dictionary, 1993:336). Мындай аталышынын себеби көбүнчө алардын сүйлөм, сөздөр менен грамматикалык байланышы жоктугу менен түшүндүрүлөт. Бирок -*о*-сырдык сөзү көбүнчө атооч же адресатка

кайрылуу жөндөмөсү менен түзүлөт, ал эми *alas, hey, hurrah, woe* ж.б. *for* же *to* предлогдор жана толуктооч менен колдонулат. Канткен учурда да сырдык сөздөрдүн сүйлөмдөгү белгилүү орду сүйлөмдүн башында болот жана бул орун көз карандысыз болуп эсептелинет, ошондой эле, алар грамматикалык жана функционалдык жактан сүйлөмдүн эч бир сөздүн классы менен байланышы жок, ошол эле учурда алар башка сүйлөмдүн бөлүгүнө эч кандай синтаксистик байланышы жок. Алар сүйлөмдүн көз карандысыз элементин түзүп, сүйлөмдө үтүр менен бөлүнүшөт. Сырдык сөздөр жөнөкөй сүйлөмдүн бөлүгү боло алышы мүмкүн жана ал илеп белгиси менен бүтүшү зарыл эмес.. Бирок, сырдык сөздөр илептүү сүйлөмдөрдүн башталышы болушу мүмкүн жана ал сүйлөмдүн мазмунун алдын ала аныктайт.

Сырдык сөз сүйлөмдүн башында, ортосунда жана эң аягында да келиши ыктымал, сырдык сөздөр өзүнчө сүйлөм боло алышат, бирок көбүнчө сүйлөмдүн мүчөсү боло албайт. Ошол үчүн сүйлөмдүн курамындагы башка мүчөлөр менен парадигматикалык байланышта гана болушат. Сырдык сөздөр сүйлөм мүчөлөрү менен синтагматикалык байланышы жок, жөнөкөй сүйлөм гана боло алышат. Алар үтүр же илеп белгиси менен бөлүнүп, көбүнчө башка сүйлөмдөр менен бирге жүрөт.

г) Сырдык сөздөрдүн англис тилинде классификацияланышы. Тил - бул байланыштын эң мыкты куралы, абдан татаал символдук система, түзүлүш элементтери бири-бири менен белгилүү байланыштар аркылуу уюштурулат жана структурасы бүтүн. Салттык классификациясы боюнча, сырдык сөздөр сөз түркүмдөрүнүн ичинде бир классты ээлейт. Бул класс зат атоочту, сын атоочту, этишти, тактоочту, ат атоочту, аныктоочту, предлогдорду, байламталарды жана сырдык сөздөрдү камтыйт деп эч кандай талашсыз айтсак болот. Тил илиминде сөз түркүмдөрүнүн классификациясы теориялык жактан жарды чечилген маселелердин бири болуп эсептелинет. Мисалга алсак, өткөн кылымдын 80-жылдарында Г. Пауль индоевропалык тилдердеги сөз түркүмдөрүнүн классификациясында «логикалык принцип жок» экендигин белгилеп кеткен, о.э., бул классификацияны «белгилүү

негизсиздик» деп айткан. Г. Пауль салттык сөз түркүмдөрүнүн сегиз же тогуз топко бөлүнүүсүндө немец тилиндеги көп сөздөргө орун жок деп белгилеп айткан. Анын теориясы боюнча, эң ырааттуу классификация флексиялардын негизинде түзүлүшү керек. Мындай классификация бар, анын негизинде үч тайпа бар: атоочтук, этиштик жана мүчөлөрү жок сөздөр. Бирок бул классификацияга этиштин атоочтук формалары жана субстантивацияланган, өзгөрбөгөн сөздөр туура келбейт. А бирок жөндөлбөгөн бөлүкчөлөр эч кандай классификацияга кире албайт. Эгерде ушуга окшош кубулуштар эске алынган болсо, анда классификацияны кеңейтүүгө туура келет. Сөз түркүмдөрүн кеңейтүү боюнча мындай ойду билдирген Г. Паульдун бул аракети каалоо түрүндө эле калган. Акырында бул классификацияны башка бир бөлүштүрүүгө алмаштырууну сунуштаган (Пауль Г., 1960:418).Ушуга окшош ойду XX кылымдын 70-жылдарында өзүнүн «Грамматика» аттуу китебинде Ф. Палмер дагы айткан, б.а.,салттык классификацияга өзүнүн каршылыгын билдирген (Palmer, 1978:59). Англис тилиндеги сырдык сөздөрдүн классификациясынын жыйынтыгы көрсөткөндөй, лингвисттер “сырдык сөз”түшүнүгүнө карата ар кандай ойлорду айтып, тилдеги экспрессивдүү жана эмоционалдуу көрүнүштөрдү, балким, айырмалай алган эмес жана алар ар кандай мүнөздөмөлөрдү камтыган. Бул айтып өткөн маселе, тил илиминде аз көңүл бурулуудан улам пайда болгон. Мисалы, Л. Блумфилддин ою боюнча тилдин өнүккөн үн-рефлектордук системасына өзүнүн көз карашы боюнча сырдык сөздөрдүн катарына бардык маанилүү сөздөр жана күчтүү сезим менен айтылган толук сүйлөмдөрдү камтыйт. Бул группага Л. Блумфилд күчөтмө түрүндө айтылган ***Fire!*** ***Help!*** ***Man overboard****!(Өрт! Жардам! Чөгүп кетти!)* деген туунду сырдык сөздөрдү, ***Bang!*** ***Crash****!(Баң!Тарс!)* сыяктуу тууранды сөздөрдү жана балдар тарабынан айтылган рефлектордук добуштарды кошот. Бул ар кандай структуралык формаларды ал сырдык сөздөр менен бир топко бириктирет, белгилүү бир эмоция менен айтылат, а бирок мындай тилдик бирдиктер бардык шарттарда өзүнүн лексикалык баштапкы маанисин сактайт. Мындай лексикалык

маанини камтыган сөздөр сырдык сөздөргө кириши мүмкүн эмес. Бул жерде иштин маңызы сөз түркүмдөрдүн деноминализациясында жатат, б.а., сырдык сөздөрдүн курамына өткөн сөздөр лексикалык маанисин жоготушат. Л. Блумфилддин теориясындагы сөздөр деноминализацияга туура келбейт. (Пауль Г., 1960:418).Ушундай эле ойду,тилдин негизги сөздөрү менен сырдык сөздөрдү негизсиз бириктирүүнү америкалык лингвист А. Кеннеди сунуш кылган. Ал: “Ар кандай сөз эмоция менен айтылса, ал сырдык сөз боло алат”, - деп айткан. Ошондуктан анын сырдык сөздөрдү классификациялоосунда мааниге ээ сөздөр белгилүү орунду ээлейт,ошондой эле, эмоционалдык мазмуну жок этикеттик сөздөр (каалоо-тилек, саламдашуу ж.б.). Балким, бул сырдык сөздөр менен боектуу сөздөрдүн биригүүсү “эмоционалдык” жана “экспрессивдик” деген түшүнүктөрдүн ортосундагы айырмачылыкты билбегендиктен болуп жатат, алар тилде ар кандай функцияны аткарган кубулуштарга кирет (Kennedy A., Current English. Boston, 1935: 738).

Г. Суит өзүнүн “Англис тилинин грамматикасы” деген китебинде сырдык сөздөрдү семантикалык белгилери боюнча классификациялоого аракет жасайт.

Ал сырдык сөздөрдү эмоционалдык жана эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр деп бөлүштүргөн. Ошондой эле Г.Суит сырдык сөздөрдү баштапкы (primary)жана экинчи(secondary) деген группаларга бөлүштүрөт. Баштапкылардын катарына ал көбүнчө биз тараптан аргасыз же эмоциянын таасири астында айтылган үндөрдү кошот. Экинчи топтогу сырдык сөздөргө ар түрдүү процесстердин натыйжасы катары колдонулуп калган кадимки жөнөкөй сөздөр кирет. Мисалы, байыркы ант берүүдө “Marry” (Палван!) “Virgin marry” деген сөздөн пайда болгон (Sweet H. English Grammar. - Oxford, 1930: 499).

Х. Поутсма Г. Суиттин баштапкы жана экинчи классификациясын негиз кылып, ага кошумчалап эмоционалдуу сырдык сөздөргө атайын бир тайпаны киргизген. Ал түр рефлектордук инстинкттик тыбыштарды камтыйт.

Бул тайпага ономатопоэтикалык сөздөрдү да киргизет мисалы, *Boo* малдын добушу, *Hoot* үкүнүн кыйкырганы, *Misow* мышыктын мыелогону ж.б. Бул тыбыштар эч кандай эмоцияны да, сезимди да чагылдырбайт. Л.Блумфилд сунуштаган сырдык сөздөрдүн классификациясында да рефлектордук үндөр бар: бөбөктөр тарабынан чыгарылган добуштар жана ономатопоэтикалык сөздөр.

М.Д. Гутнер өзүнүн иштеп чыккан сырдык сөздөрдүн классификациясынын негизинде советтик лингвисттер тарабынан иштелип чыккан бир нече принциптерди кошуп, алардын заманбап англис тилиндеги сырдык сөздөрдү анализдөөдө да колдонула тургандыгын белгилейт. Гутнер баарынан мурда инстинктүү жана рефлектордук тыбыштарды сырдык сөздөрдүн категориясынан чыгарып салат, бирок алардын сырдык сөздөргө окшоштуктарын белгилеп өтөт. Гутнердин айтымында, тууранды жана кептик этикеттик сөздөр сырдык сөздөрдүн курамына кошулбашы керек. Англис тилиндеги бардык сырдык сөздөрдү Гутнер 2 чоң топко бөлөт:

1. Эмоционалдык.

2.Эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр.

Эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр- бул кандайдыр бир кыймыл-аракетке же сүйлөөгө болгон түрткү деп айтат Гутнер. Муну менен бирге эмоция кошумча же ээрчип жүрүүчү мүнөзгө ээ болуп, алар (таамай сөз) таасирлентүүчү сөз болбой калат. Бирок мындай учурда айтылган сөздүн эмоциясы маанилүү эмес болуп калат. Мындай сөздөрдү сырдык сөздөрдүн классынан алып салсак болот, анткени аларды башка сөздөр менен да айтуу мүмкүн, мисалы, *Here!*(адамдын көңүлүн буруу максатында колдонулат)деген сөздүн ордуна *listen* же *tell me* деген сөздөр колдонулушу ыктымал. Морфологиялык структурасы боюнча Гутнер англис тилиндеги бардык сырдык сөздөрдү төмөндөгүдөй бөлүштүрөт: жөнөкөй жана составдык (ажыратылма, ар кандай сөз айкаштарынан келип чыккан). М.Д.Гутнер англис тилинде 300дөн ашуун сырдык сөздү эсептегенде, алардын ичинен 26%ы ар түрдүү сөздөрдөн же сөз формаларынан пайда

болсо, 56%ы ар түрдүү сөз айкаштарынан келип чыккан, ал эми 18%дын гана чыныгы (аныk)сырдык сөздөрдү түзгөн (Гутнер М.Д. Опыт классификации междометий современного английского языка. "Вопросы языка и литературы", 1962:52-78).

Сырдык сөздөрдү классификациялоо боюнча немец лингвисти И.Циммердин «Новоанглийские междометия» аттуу макаласы кызыгууларды жаратат. Ал бул классификациясындагы сырдык сөздөрдү кептин тарыхый өнүгүүсү менен бириктирип, аларды “баштапкы”, “чыныгы”, “экинчи (кийинки)” жана “жаңы пайда болгон” сырдык сөздөр деп бөлүштүрөт.

Циммердин классификациясында семантикалык да, функционалдык да критерийлер колдонулбайт (Zimmer W. Die neuenglische Interjektion.– 1957: 245-320).

Демек, ар кайсы лингвисттердин классификацияларын карап жана анализдеп чыгып, биз төмөндөгүдөй жыйынтыкка келебиз:

1.Сырдык сөздөрдүн тилчилер тарабынан түзүлгөн классификациясы бир кылка эмес, ар кайсы лингвист аларды классификациялоодо ар кандай критерийлерди негиз катары алат.

2. Мындай көз караш сырдык сөздөрдүн курамына ар кандай эмоционалдык боекко ээ болгон сөздөрдүн, тууранды сөздөрдүн, жаш балдар тарабынан айтылган рефлектордук сөздөрдүн ж.б. кирүүсүнө алып барат.А.И. Германовичтин ою боюнча,“сырдык сөз” термини ар кандай категорияларды өзүнө камтыйт, ал эми А.П. Лященко сырдык сөздөрдүн салттык топтору бири-биринен айырмаланып тургандыктан, аларды кайрадан кароого чакырат (Германович А. И.,26-27; Ляшенко А.П., 1975:20).

д)Сырдык сөздөрдүн формасы. Сырдык сөздөр үндүк ирети боюнча фонологиялык деңгээлде, негизинен, үндүү жана үнсүз фонемалардан турушат. Алар сөздөрдө, күндөлүк турмушта колдонулуучу фразаларда же сүйлөмдөрдө кезигишип, илеп белги менен жазылат. Кээ бир фонетикалык өзгөчөлүктөргө ээ, мисалы, кекиртектен чыгуучу тыбыш (glottal) фонема *ugh!/u:x/* же */âx/*алвеолду тыбыштар *tut-tut* катышышы мүмкүн! жана эринчил

тыбыш *whew!,* эринчил-шыбышчылдар */ɸiu/* же*/ɸ:/*катышкан сөздөр жана башка тыбыштар жөнөкөй сырдык сөздөрдү түзөт. Кээде сырдык сөздөрдүн айтылуу жана жазылуу формалары бирдей болот жана маániси дагы дал келет.

е) Сырдык сөздөрдүн маániси. Бардык сырдык сөздөр кандайдыр бир маániге ээ, андыктан алар "тил токоюнда"өз жолун тапмак эмес. Баарыбызга белгилүү болгондой, сырдык сөздөр адамдардын сезимдерин билдирет. Адамдын айлана-чөйрөгө болгон мамилеси ар кандай болгондуктан, сезимдер да ар кандай болот. Эмоцияларды изилдеген П.В. Симонов: "..... реалдуу турмушта ар кандай эмоцияларды байкасак болот, конфликттерге, күчөтүү жана бошоң сезимдердин аралаш формаларына күбө болобуз, мисалы, ачууланууменен коркуу. *Уят* - бул өзгөчө ачуулануунун формасы .....", - деп жазат (СимоновП.В. Теория отражения и психофизиология эмоций.- М.: Наука, 1970:100).

Вундт өзүнүн тезисинде адамдардын сезимдерин сан жеткис деп айтат. Ал эми америкалык психолог Е.Б. Титченер сезимдерди эки эле түргө бөлөт: ыракат жана нааразычылык. Ар түрдүү сезимдердин бул эки эмоциянын аралашуусу деп эсептейт (TitchenerE.B. A Primer of Phsychology. N.Y., Macmiüan, 1899, p.59). Бихевиоризмдин негиздөөчүсү Джон Уотсон эмоциялар бул спецификалык реакциялардын түрлөрү деп жазат, алар 3 формада көрсөтүлөт: коркуу, сүйүү жана кыжырланууу. Адамдардын жүрүш-турушуна карай бул эмоцияларды байкасак болот (Vatson J.B. Behaviorism. London, Kegan, 1930:142-165).

Семантикалык анализ татаал иш болгондуктан бардык классификациялар абсолюттук туура болбой калышы ыктымал. Бирок ар кайсы классификация сырдык сөздөрдүн тизмелик маанисин берет дагы, ал тизме кеңейип кетебериши мүмкүн.

1. Жинденүү: *damn! damnation! the devil! doggone! fuck! ha! hang it! hell! hunh! rats! shit! what! zounds! .....*

2. Тажоо: *bother!damn! damnation! deuce! drat! drot! mercy! merde! oof! ouf(f)! ouch! rot! son of a bitch! spells! tut! tut-tut! zut! .....*

3. Жактыруу: *hear! hear! hubba-hubba! hurrah! keno! olé! so! .....*

4. Жеккөрүү: *bah! boo! booh! faugh! hum! humph! hunh! paff! paf! pah! pfui! pho! phoh! phoo! phooey! pish! poof! pouf! pouff! pooh! prut! prute! pshaw! puff! poff! quotha! rot! sho! shoo!.....*

5. Кубануу: *ah! ach! coo! coo-er! goody! goody goody! whacko! wacko! whizzo! wizzo! yippee! yip-ee!.....*

6. Жийиркенүү: *aargh! bah! faugh! fuck! gad! humph! pah! phew! phooey! pish! pshaw! pugh! rot! shit! shoot! ugh! yech! yuck! .....*

7. Энтузиазм: *hubba-hubba! wahoo! zowie! .....*

8. Коркуу: *eeeek! oh! oh, no!.....*

9. Сабырсыздык: *chut! gah! pish! pooh! pshaw! psht! pshut! tcha! tchah! tchu! tchuh! tut! tut-tut! why! zut! .....*

10. Кыжырлануу: *cor! corks! doggone! hell! hoot! lord! lor'! lor! lors!lordy! lord me! merde! sapperment! shit! upon my word! .....*

11. Кубануу: *heyday! hurrah! ole! whee! whoop! whoopee! yippee! .....*

12. Ооруу: *ah! oh! ouch! ow! wow! yipe! yow! .....*

13. Өкүнүү: *alas! dear! dear me! ewhow! lackaday! lackadaisy! las! och! oche! wellaway! welladay! welliday! .....*

14. Ыракаттануу: *aha! boy! crazy! doggone! good! heigh! ho! wow! yum! yumyum! .....*

15. Жеңилдөө: *whew! whoof!.....*

16. Кайгы-капа: *alas! ay! eh! hech! heck! heh! lackaday! lackadaisy! las! mavrone! och! oche! wellaway! welladay! welliday! wirra!.....*

17.Таңкалуу: *ah! alack! blimey! boy! caramba! coo! cor! dear! dear me! deuce! the devil! doggone! gad! gee! gee-whiz! golly! good! goodness! gracious! gosh! ha! heck! heigh! heigh-ho! hey! heyday! ho! hollo! hoo-ha! huh! humph! indeed! jiminy! lord! man! mercy! my! nu! od! oh! oho! oh, no! phew! say! shit!*

so! son of a bitch! upon my soul! well! what! whoof! whoosh! why! upon my word! wow! yow! zounds! .....

18. Ырайым келтирүү: *now! tsk! blimey! crazy! gee! goodness! gosh! ha! heyday! oh! what! wow!.....*

19. Салтанаттуулук: *aha! ha! hurrah! ole! so! .....*

Семантикалык анализдин негизинде сырдык сөздөрдү бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөргө бөлсөк болот, алардын ичинде баштапкы (туунду эмес) жана туунду сырдык сөздөрдү кезиктиребиз. Мындай классификация сырдык сөздөрдүн байлыгын көрсөтө алат. Бир мааниге ээ сырдык сөз ар кайсы контекстте бир сезимди билдирет.

Көп маанилүү сырдык сөздөр (баштапкы, туунду). Көп маанилүү баштапкы сырдык сөздөргө караганда көп маанилүү туунду сөздөр көп. Баштапкы (primary) сырдык сөздөргө төмөнкүлөр кирет: *ah,oh, whew,umm(um),ugh,ha* ж.б. Көп маанилүү баштапкы сырдык сөздөрдүн ичинен *ah* сырдык сөзү көп колдонулат, ал ар кандай эмоцияларды билдирет, мисалы,тамашалоону,табалоонун эмоциясы, нааразычылыкты, кызгануу, чыдамсыздыкты ж.б.

"Oh"- баштапкы сырдык сөздөрдүн арасында эң эле кең таркалган сөз болуп эсептелинет, билдирген эмоциялары чектелбейт жана башка сырдык сөздөр менен да эрчишет. Демек, бир эле сырдык сөз контекстке жана жагдайга карай ар кандай эмоцияны билдире алат.

Көп маанилүү туунду сырдык сөздөр. Анализдеп чыккан тексттердин ичинен туунду көп маанилүү сырдык сөздөрдү табуу менен, алардын ичинен эң көп мааниге ээ болгондорун белгилеп кетик. Булар нааразычылыкты, кейүүнү, таң калгандыкты, чочууну, ачууланууну, кыжырдануу, сүйүнүчтү, симпатияны ж.б.у.с. эмоцияларды билдиришет.

Англис тилинде кеңири таралган сырдык сөз *God*, ал нааразычылыкты, таңкалууну, чочууну, кейүүнү, сүйүнүүнү ж.б.у.с. эмоцияларды билдирет.

Сырдык сөздөрдүн көп маанилүүгүн контекстте биле алабыз, ал эми оозеки кепте болсо, интонация, мимика аркылуу туябыз. Бул фактылар бир

маанилүү жана көп маанилүү сырдык сөздөрдү тактоого жардам берет. Баштапкы жана туунду сырдык сөздөр көп мааниге ээ болушат, алар 10дон - 30га чейин маанилерди бере алышат.

Сырдык сөздөрдүн дагы бир мүнөздүү касиети – бул алардын грамматикалык көрсөткүчтөрү жок, б.а., жак, чак, жыныс, боюнча өзгөрбөйт. Айрым бир тилчилердин ою боюнча, дагы бир белгиси катары сырдык сөздөрдү морфемаларга бөлүштүрүүгө мүмкүн эместик, башка бир сөз түркүмдөрүнөн келип чыкпагандыгы эсептелинет, бирок редубликативдүү формага ээ. Мисалы, *hey-hey.* Бирок биз жогоруда айтылган ойлорго толук кошула албайбыз, себеби англис тилинде айрым бир кырдаалдарда тактоочторду сырдык сөз катары колдонушат. Мисалы, В.К. Мюллердин сөздүгүндө *why* деген тактооч сырдык сөз катары берилип, төмөнкү эмоцияларды көрсөткөндүгү айтылат, аларга: 1) таң калуу; 2) чыдамсыздык; 3) чечкинсиздик; 4) макул болбоо, каршы болуу; 5) жыйынтык чыгаруу. Биздин изилдөөлөрүбүздө жогорудагы көрсөтүлгөн *why* тактоочунун биз айтып кеткен функцияларыдан башка дагы көптөгөн эмоцияларды көрсөтөөрүнө күбө болдук. Аларга төмөнкүлөр кирет: 1) суктануу; 2) каарданууу; 3) коркуу; 4) нааразы болуу; 5) капа болуу;6) ызаланууу; 7) ыраазы болуу ж.б. Мисалы, *"Why, what did she do?" I asked, my eyes popping out of my head*(W.S.Maugham. Cakes and Ale. p.7). Бул кырдаалда сырдык сөз таң калгандыкты көрсөтүп жатат.Андан соң төмөнкү сүйлөмдөрдүн *why* сырдык сөзүнүн ыраазы болгондукту көрсөткөнүнө күбө болобуз. *"Why, Mr. Vanuzzi, how very nice of you to call me up! (* W.S.Maugham. Cakes and Ale. p. 19).

Мында *why* сырдык сөз катары контексттин жардамы менен суктанууну көрсөтүп жатат, ошондуктан семантикалык анализ жасоо бизге сырдык сөздөрдүн катылып жаткандагы башка функцияларын таап бере алышына шарт түзөөрүн билдик. Айрым бир шарттарда таңдануу сырдык сөздөр менен гана берилбестен, кандайдыр бир тамгалардын жыйындысы аркылуу да чагылышы ыктымал. Мисалы, адам өзүнүн күткөн шартын анда жогорку абалды көргөндө *oho – oxoo* деген сөздү айтат.

Экинчи бир маанилүү белгиси болуп сырдык сөздөрдүн жардамчы сөздөрдүн функциясын аткарышы болуп саналат, б.а., коммуникативдүү функцияны аткарбастан, ички сезимдерди гана көрсөтүп калат.

1. 3. Сырдык сөздөрдүн орус тили илиминде берилиши.

“Россиянын чоң энциклопедиясы” аттуу эмгекте сырдык сөздөр лексика-грамматикалык жактан өзгөрүлбөгөн жана негизги же кызматчы сөздөргө кирбеген сөздөр деп берилген. Алар сезимдерди, экспрессивдик боекту, каалоону билдирет дагы, бирок аларды атабайт (Энциклопедия. 2003: 230). Сырдык сөздөрдү атайын сөз түркүмү катары изилдеп келип, алардын дагы деле талаш-тартыш туудурарына күбө болобуз. Ф.Ф. Фортунатов өзүнүн сөздүн грамматикалык формасы боюнча изилдөөсүндө грамматикалык жана грамматикалык эмес сөз түркүмдөрүн ажыратат. Бул изилдөөнүн маңызы төмөндөгүчө: грамматикалык класстар, бул - грамматикалык формаларга ээ сөздөр, ал эми грамматикалык мааниси жок сөздөр грамматикалык формасы жок сөздөргө кирет. Фортунатовдун теориясынын эң негизги өзгөчөлүгү сөз түркүмдөрүнүн критерийи – аффикстердин бар болуусу болуп эсептелинет. Тилекке каршы, структурализм пайда болгондуктан, Ф.Ф. Фортунатовдун теориясы XIX кылымдын 30-жылдарында токтоп калат (Фортунатов Ф. Ф. 1956:157-187). Фортунатовдун грамматикалык классификациясынын ичинде сырдык сөздөргө орун жок болгондугу бизге түшүнүктүү. Демек, сырдык сөздөр бул өзгөчө эмоцияны белгилеген класска кирет, эмне дегенде, номинативдүү функциясы жок, сөз түзүүчү формага ээ эмес. Айтылып өткөн теориядан соң сырдык сөздөрдүн ордун аныктоо зарыл.

Л.В. Щерба: «Сырдык сөздөр дагы деле так эмес классификацияга ээ жана “тумандуу” категория бойдон, чектери коюлбай келет» деп көрсөткөн. (Щерба Л. В. 1928: 10). Орус тилиндеги сырдык сөздөр көбүнчө оозеки кепте колдонулат жана ар түрдүү кырдаалдарга байланыштуу болуп, ага карата

өзгөрүп турат. Ал сөздөр адамдын ал-акыбалын, эмоциялык абалын көрсөткөндүгүнө байланыштуу жазуу кебинде башкача формага ээ. Көпчүлүк учурда оозеки кепте ар түрдүү кыймылдыр, мимика, вокалдуу кыймылдар (үшкүрүү, онтоо же жөтөлүү) менен байланыштуу болот. Чет тилинде, орус жана кыргыз тилдеринде сырдык сөздөрдүн изилденүүсү тил илиминдеги талаш маселелердин бири болуп эсептелинет. Бул талаштар сырдык сөздөрдүн лингвистикалык орду боюнча сырдык сөздөрдүн келип чыккан теориясы менен байланыштуу. Сырдык сөздөрдүн теориясы тилдин келип чыгуусун адамдардын сезимдери аркылуу түшүндүрөт. Бул теория боюнча, эрктик кыйкырыктар, сырдык сөздөр жана рефлекстер алгачкы сөздөр болуп эсептелинет. Алар сыздоону, сүйүнүчтү, коркууну жана ачкачылыкты эмоционалдуу түрдө билдиришкен (Кодухов. 1987: 47). А.А. Потебня: «….. жөнөкөй сөздөр сырдык сөздөрдөн келип чыгыш керек эле, анткени адамдар алар аркылуу гана тыбыштарды ажыратып колдонушкан», - деп айткан. Демек, алгачкы коомдогу (первобытный) сырдык сөздөр өздөрүнүн кийинки өнүгүү тарыхы боюнча экиге бөлүнүшөт: чыныгы сырдык сөздөр жана сырдык мүнөзүн жоготкон сөздөр (Потебня. 1913:73). Бул теориянын жоктоочулары Ж.Ж. Руссо, Ч. Дарвин, Д.Н. Кудрявский ж.б. Мындай сырдык сөздөр жөнүндө талаштар байыркы антик грамматикаларда байкалат. Сырдык сөздөрдүн аныктамасы жана алардын тилдин системасындагы орду боюнча, үч концепция белгиленет, алар төмөндөгүчө:

а) сырдык сөздөр толук сөздөр болот да, сөз түркүмдөргө кирет, себеби алар кепте ар түрдүү функцияларды аткарышат (М.В. Ломоносов, А.А. Шахматов, В.В. Виноградов, Г.Пауль, Г. Суит ж.б.);

б) сырдык сөздөр сөз түркүмү боло албайт, инстинктүү жана рефлектордук кыйкырыктарга окшошот (А.И. Греч, Д.Н. Кудрявский, К.С. Аксаков, Д.Н. Овсянико-Куликовский, В. Гумбольдт, М. Мюллер, В. Вундт ж.б.);

в) сырдык сөздөр логикалык тилге тиешеси жок, өзүнчө бир аффективдүү тил болуп эсептелинет (Ш. Балли, Ж. Вандриес, А.А. Потебня ж.б.).

Лингвистикалык изилдөөлөрдө сырдык сөздөрдүн категориялык таандыктыгы боюнча, ар кандай ой пикирлер айтылат. Бул пикирлерге ылайык, көп тилчилер сырдык сөздөрдүн курамына ар түрдүү эмоционалдык боегу бар, тууранды, кептик этикетте колдонулуучу ж.б. экспрессивдүү сөздөр кирет деп айтышат. Тууранды жана сырдык сөздөр өздөрүнүн келип чыгуусу, семантикалык мааниси жана кептеги функциясы боюнча айырмаланышат. Л.В. Щерба: «….. *мяу-мяу, вау-вау*ж.б. тууранды сөздөр сырдык сөздөргө эч кандай тиешеси жок», - деп айткан (Л. В. Щерба, 1928:9). Л.В. Щербанын бул пикирине толугу менен макулбуз, сырдык сөздөр менен тууранды сөздөрдүн ортосунда айырмачылык бар. Сырдык сөздөр эмотивдүү, когнитивдүү мааниси менен адамдарга түшүнүктүү болот. Ономатопоэтикалык сөздөр эмоцияны билдиришпейт, алар айлана-чөйрөнүн чамалуу тыбыштык жагын чагылдырышат. Текстте мындай сөздөр экспрессивдүүлүктү күчөтүшөт, бирок эмоционалдык тарапты билдиришпейт, ошондуктан алар сырдык сөздөргө тиешеси жок деген пикир бар.

Тил илиминин теориясында сырдык сөздөр ар кандай талкууларга ээ, ошондуктан лексикографияда да бул бирдиктер ар кандай чагылдырылат. Сөздүктөрдө тууранды сөздөр менен жөнөкөй сырдык сөздөр боюнча түшүнүктөр аралашып кеткени байкалат. Тууранды сөздөр көбүнчө тууранды сырдык сөздөр же сырдык сөздөр болуп берилет. Биз изилдөө ишибизде тууранды сөздөр менен сырдык сөздөр ар кандай семантикалык тайпанын бирдиктери деп белгилейбиз. Ошондой эле, ар кандай кыйкырыктар жана рефлектордук үндөр фонетикалык жана графикалык жактан окшоштугу болсо да сырдык сөздөргө кирбейт деп ойлойбуз. Инстинктүү кыйкырыктар сырдык сөз менен бирдей угулушу мүмкүн, а бирок сырдык сөз эмоцияны

билдирет да, кепте коммуникативдик функцияны аткарат, ошондой өзгөчөлүгү менен кыйкырыктардан айырмаланат.

Сырдык сөздөрдүн функционалдык жана семантикалык негизи эмоционалдуулук жана экспрессивдүүлүк деген түшүнүктөргө таянат. Жалпы тил илиминде “эмоционалдуулук” жана “экспрессивдүүлүк” деген түшүнүктөргө ар кандай аныктамалар берилген. Кээ бир окумуштуулар аларды окшош деп айтышат: алар А.А. Реформатский, В.А. Звегинцев, айрымдары болсо, ар кандай түшүнүктү билдирет дешет: Е. М. Галкина-Федорук, Е.М. Вольф, В.Н. Телия ж.б.

Сырдык сөздөрдү өзүнчө бир сөздөрдүн тайпасы катары кароо үчүн алардын төмөнкүдөй касиеттерине көңүл бөлүүгө туура келет. Биринчиден, сырдык сөздөр сөз-сүйлөмдөр менен берилет, оозеки кепте алар өз алдынча колдонулуучу тамгалардын жана сөздөрдүн бирдиги боло алышат. Сырдык сөздөрдө сүйлөмгө тиешелүү касиеттер да бар: а) сүйлөмдөгү башка сөздөр менен прагматикалык байланышта болушат; б) өзүнчө сүйлөм боло алышат; в) баяндочтун, толуктоочтун ж.б. ролун аткара алышат ж.б. Сырдык сөздөрдү колдонууда интонация, тондун мааниси өтө чоң. Сырдык сөздөрдүн кандай мааниде колдонулуп жаткандыгын тондон жана интонациядан билүүгө болот.

Сырдык сөздөрдүн орус тил илиминдеги изилденүүлөрүнө көз чаптырсак ар түрдүү муундагы окумуштуулардын ар түрдүү деңгээлде түрдүү ойлорду айтуу менен изилдөөлөрүн улантышкандыктары белгилүү. Сырдык сөздөрдү изилдөөнүн пайдубалы төмөнкү орус тили илиминде окумуштуулар тарабынан түзүлгөн. Алар - А.А. Потебня, А.А. Шахматов, С.О. Карцевский, Р.О. Якобсон, В.В. Виноградов, А.А. Реформатский, В.Г. Гак, Е.А. Реферовская, А.И. Германович, В.И. Шаховский ж.б. окумуштуулар. Сырдык сөздөрдү изилдөө анын тил системасынын негизги сөз түркүмдөрүнө кирбей калганында эмес, сырдык сөздөрдүн азыркы мезгилдеги функционалдык грамматикадагы актуалдуу маселелерди чагылдырып олтургандыгында болуп жатат. Ушуга байланыштуу сырдык

сөздөр өзгөчө прагматикалык касиетке ээ болгон, баарлашуудагы түрдүү касиеттерди көрсөтө алган категория. Сырдык сөздөрдү изилдөөдө алардын экстралингвистикалык релеванттуулуктарына көңүл бөлүү зарыл шарттардын бири болуп саналат. Сөздүктүн каражаттарын өзүнчө бөлүп алып изилдөө аздык кылат. Биз ар дайым сырдык сөздөр колдонулган кырдаалды эске алуубуз шарт. Копенгагендик структурализм мектебинин лингвисти Л. Ельмслев сырдык сөздөрдү изилдөөдө «коммутация» ыкмасы туура келээрин айтуу менен, анын эки тилдик каражаттардын ортосундагы мамилелерин билгизээрин көрсөтүп, эгерде алар кандайдыр бир кырдаалда бири-бири менен алмашууга мүмкүнчүлүк болсо, анда аларга карама-каршы турган пландагы тилдик каражаттарды да алмаштырууга мүмкүн деген ойду айткан**.**

Азыркы мезгилдеги орус окумуштуулары сырдык сөздөрдүн антропологиялык касиеттерине көбүрөөк көңүл бөлүү менен бирге андагы өзгөчө методологияны изилдеп жаткандыгы актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Орус окумуштуулары сырдык сөздөрдүн табиятын изилдөө менен бирге баарлашуу системасындагы универсалдуу кубулуштарга көңүл бөлүшүп, аларды табууга көптөгөн аракет жасашкан жана сырдык сөздөрдү «талаа принциби» менен окумуштуу Граф изилдеген (Граф, 2007). Ал эми сырдык сөздөрдүн функционалдык–прагматикалык мүнөздөмөлөрүн дискурстун бирдиги катары караган изилдөөчүлөргө төмөнкү окумуштуулар кирет: Андреева, 1999; Анищенко, 2006; Афанасьева, 1996; Бахмутова, 2006; Белоус, 2006; Болтнева, 2004; Коминэ, 1999; Леонтьева, 2000; Максимова, 2000; Мамушкина, 2006; Николаева, 2006; Параховская, 2003; Скачкова, 2006; Шаронов, 2008 ж.б. Алар сырдык сөздөрдүн сөз түркүмдөрүнүн арасындагы ордун белгилөө менен андагы интерактивдүү модалдуулукту аныктап, изилдөөгө алган. Сырдык сөздөрдүн фонетикалык формаларын жана семантикасын изилдөөдө Алиференко, 1999; Пузиковдун, 2006 эмгектери зор. Сырдык сөздөрдүн структуралык жана семантикалык аспектилерин изилдөө менен сырдык сөздөрдүн баарлашуудагы сөз

уюштуруу маселелерине токтолгон окумуштууларга Кученева 2000; Чуранов 2008 кирет.

Сырдык сөздөрдү грамматикалык деңгээлде гана карабастан, улуттук маданий өзгөчөлүктөрдү көрсөтүүчү сөздөр катары карап, алардын этнovарианттарын эске алып изилдеген окумуштууларга Гостемилова, 2003; Денисова, 2004; Исянгулова, 2008; Карлова, 1999; Матасова, 2006; Платонова, 1996; Фатюхин, 2000; Шахбанова, 2006; Юсупова, 2007 ж.б. кирет.

Өзгөчө С.С. Шляхованын илимий ишинде сырдык сөздөрдүн тыбыштык системасы терең изилденип, андагы орус тилиндеги сырдык сөздөрдүн маанилери толук ачылган. Орус изилдөөчүлөрү сырдык сөздөрдүн адамдардын эмоциялык сферасы менен байланыштуу болгондугун жана сүйлөөчүнүн сырдык сөздөрдү колдонуу менен анын чындыкка, айлана-чөйрөгө болгон мамилесин көрсөтүү экендигин аныкташат. Ошондуктан сырдык сөздөр ар түрдүү аспектилерде изилденип, кыргыз тилине караганда сырдык сөздөрдү изилдөө бир топ жогорку деңгээлге жеткендиги көрүнүп турат. Кыргыз тилинде сырдык сөздөрдүн тыбыштык системасынын өзгөчөлүгү, этновариантары али да болсо колго алына элек. Сырдык сөздөрдүн фонетикалык өзгөчөлүктөрү орус тилинде И.М. Кобозева (2007), М.А. Пузиков (2006) тарабынан изилдөөгө алынап, ал эми синтаксистик аспектиси Л.П. Карпов (1971), Н.Ю. Шведова (1957-1960) тарабынан изилдөөгө алынган, морфологиялык маселелери Е.В. Середа (2002-2006), Т.П. Риккинен (2003) тарабынан изилденген. Мындан сырткары сырдык сөздөрдүн семантикалык касиеттерин Н.Р. Добрушина (1998), И.А. Шаронов (2002) изилдешсе, прагматикалык өзгөчөлүктөрүн Ю. Коминэ (1999), Е.С. Николаева (2006) жана этномаданий деңгээлде А. Вежбицкая (1999) мүнөздөмө берген жана анын сүйлөө кебиндеги касиеттерин толук изилдеген, сырдык сөздөрдүн функционалдык өзгөчөлүктөрүнө А.Н. Гордей (1992), Г.В. Дагуров (1958) сереп салган. Сырдык сөздөрдүн динамикалык касиеттерин изилдөө менен диалогдогу ордун көрсөткөн окумуштууларга

И.А. Блохина (1990), О.Б. Трубина (1993) кирет. Андан сырткары сырдык сөздөрдү башка тилдер менен салыштырып изилдөө дагы жакшы жолго коюлган. Мындай изилдөөлөргө Германовичтин (1966), Т.А. Куличованын (1996), И.Л. Афанасьеванын (1996), Л.К. Парсиеванын (2004) эмгектерин кошууга болот.

Сырдык сөздөрдү орус тилинин каражаттарынын негизинде функционалдык-семантикалык жана баа берүүчү категория катары Т.В. Маркелова сереп салат, ал эми И.Д. Чаплыгина болсо, сырдык сөздөрдүн кимдир бирөөгө кайрылуу функциясын жана өзгөчөлүктөрүн изилдеп чыккан, Е.В. Алтабаева сырдык сөздөрдү оптативдик категория катары карап, андагы өзгөчөлүктөрдү ачып көрсөтө алган. Сүйлөмдүн ичинде эмоционалдык бөлүкчөлөр өзүнчө сүйлөм түзө албайт, алар башка мүчөлөр менен гана бирге болот, сырдык сөздөр болсо, өзүнчө сүйлөм боло алат. Башкача айтканда, семантикалык жактан жакын, бирок синтаксистик функциялары ар башка.

Сырдык сөз, бул – лексика-грамматикалык категориялык сөз. Бул сөз эки класска бөлүнөт: туунду эмес (первичные) жана туунду (производные). Эки класстагы сөздөрдүн жалпы жана спецификалык өзгөчөлүктөрү бирдей: эмоционалдык акыбалды, ар кандай сезимдерди, кептик этикетти билдирет. Бирок структуралык жактан айырмачылыктар бар: биринчи класстагы сырдык сөздөргө өзгөрбөгөн сөздөр кирип, грамматикалык көрсөткүчтөргө ээ болбойт. Экинчи класстагы сөздөр башка сөз түркүмдөрдөн келген сөздөр жана алардын грамматикалык формалары бар.

С. Карцевский мындайча белгилеп кеткен: «….. сырдык сөздөрдүн тыбыш структурасы толугу менен фонологиялык системанын ченемдүүлүгүнө баш ийбейт….. сырдык сөздөр концептуалдык эмес планга киришет….. » (Карцевский С., 1984:129). Орус тилинин кебинде туунду эмес сырдык сөздөрдүн графикалык берилүүсү тыбыштык курамы менен өзгөчөлөнүп турат. Жазуу түрүндө ар кандай формалары бар, себеби сырдык сөздөрдүн тыбыштык составында фонетикалык тыбыштардын кубулуш

ченемдүүлүгүнө туура келбеген тыбыштар көп. Сырдык сөздөр фонетикалык мыйзамдарга ар дайым баш ийбейт, көп учурларда өзүнө эле таандык тыбыштарды камтыйт…(Ж. Вандриес, 1937:114). Жазуу кебине караганда сүйлөө кебиндеги сырдык сөздөр маниси жана айтылуусу менен түрлөнүп турат. Оозеки кепте жабык ооз менен айтылган сырдык сөздөр кеңири таралган, алар сөздүктөрдө берилишпейт, себеби лексикографиялык жана графикалык берилиши татаал болот. Мындай сырдык сөздөргө толук семантикалык мүнөздөмө бериш үчүн алардын айтылуусун, мимикасын, интонациясын билүү зарыл. Интонациялык, фонетикалык өзгөчөлүктөрү, аффектик боегу, мимикалык жана шилтөө ыкмалары сырдык сөздөрдүн маанисин толугу менен түшүнүүгө жардам берет (В.В. Виноградов, 1972: 584). Графикалык жактан берилген «м-м-м», «гм», «угу», деген сырдык сөздөр жабык ооз менен айтылганда үндүү тыбыш редукцияланып калат. Бул сөздөр интонация, тон, мимика жана шилтөө жардамы менен ар кандай маанилерди беришет. Мындай сырдык сөздөр таң калууну билдиришет о.э.божомолду, иронияны жана эстөөнү билдириши мүмкүн. Узартылган формасы ыракаттануунуу билдирет. Мындай сырдык сөздөрдөн башка дагы түрсүлдөгөн жана шартылдаган өзгөчө бир үндөрдү билдирген сырдык сөздөр бар: *цып-цып, оф, уф, ф-ф* ж.б.

Кээ бир сырдык сөздөр жөнөкөй сөздөр менен да окшоштугу жок, алардагы өзгөчө тыбыштар башка сөздөрдө кезикпейт. Мисалы, орус тилинде күңк этүү (фыркнуть)этиштен келген сырдык сөз бар экендигине күбө болдук: ***Пщщ.*** Бул сөздүн айтылуусу каткалаң эринчил бириктирүүсү менен башталат, андан кийин жылчыкчыл тыбыш келет. Мындай жылчыкчыл тыбыш орус тилиндеги адатагыдай сөздөрдө кезикпейт,сөздүктөрдө же китептерде да жолуктурбайбыз, жазуу кебинде болсо өтө аз колдонот. Бирок сөздүктөрдө кезигүүчү сырдык сөздөр сүйлөө кепте фонетикалык жактан өзгөчө айтылуусу менен айырмаланып тургандыгын билдик. Мисалы, *фу* жана *тьфу*, же болбосо –э- тыбышы чыныгы орус тилиндеги ат атоочтордо (этот, эти) жана сырдык сөздөрдө (Эх, Эй) гана байкалат. (Калечиц, 1977).

Ушундай сырдык сөздөр толук тилдик бирдиктери боло алабы деген көптөгөн талаш тартыштар туулгандыгына себеп болот.

Орус тил илиминде белгилүү тилчи В.Г. Костомаров, негизинен, англис жана орус тилдериндеги сырдык сөздөрдү салыштырып анализдөөгө көп көңүл бурган, анын ою боюнча, оригиналдуу анализдөө сырдык сөздөрдүн санын, колдонулушун жана кенеңдигин аныктаганга жана өзгөчөлүктөрүн табууга жардам берет. В.В. Виноградов тарабынан сунушталган орус тилиндеги сырдык сөздөрдүн классификациясына таянып, Костомаров алардын бир нече семантикалык топторун көрсөткөн (Костомаров В. Г., 1959:74-98).Биз Виноградов В.В. тарабынан сырдык сөздөр жөнүндө айтылган теорияга таянып, бул окумуштуунун классификациясын негиз кылып алдык.

1.4. Сырдык сөздөрдүн кыргыз тили илиминде изилдениши

Сырдык сөздөрдү анализдөөдө С. Кудайбергенов, С. Давлетов, Б. Керимжанова ж.б. окумуштуулардын эмгектери өтө баалуу. С. Кудайбергенов сырдык сөздөрдүн бири-бири менен болгон байланыштарын көрсөтүп, алардын этиш жана тактоочтор менен айкалышып жаңы сөз айкаштарын жаратарын айткан. Ошондой эле, сырдык сөздөрдүн полисемантикалык касиетин анык көрсөткөн (Кудайбергенов С., 1953). Ал эми Б. Керимжанова өзүнүн “Кыргыз тилиндеги сырдык жана тууранды сөздөрдүн грамматикалык өзгөчүлүгү” деген илимий эмгегинде сырдык сөздөрдү өзгөчө сөз түркүмү катары кароону туура деп эсептейт (Керимжанова Б., 1940).

Сырдык сөздөр кыргыз тил илиминде грамматикалык аспектинде атайын изилдөөгө алынып, бир топ эмгектер жарык көргөн. Алардын арасынан окумуштуу С. Иманалиевдин эмгегин өзгөчө белгилөөгө арзыйт (Гапарова Ч., 2006). С. Иманалиев сырдык сөздөрдү өзгөчө сөз түркүмү катары кароонун кажети деле жок деп эсептейт. Бирок илимде чындык талаш

-тартыштан, миңдеген түрдүү ойлордон келип чыгат эмеспи, биздин оюбуз боюнча, сырдык сөздөрдү өзүнчө кароо анын бардык касиеттерин изилдөөгө жакшы шарт түзөт. С. Иманалиевдин бул ойго каршы мамиле жасоо менен бирге сырдык сөздөр менен тууранды сөздөрдүн айырмачылыктарын толук чечмелеп бере алгандыгы илимдеги өтө чоң салымы болуп саналат (Иманалиев С., 1969).

Сырдык сөздөр жөнүндө өзбек окумуштуусу Б. Уринбоев: «Адабий тилде да, сүйлөшүү кебинде да маани берүүчүсөз түркүмдөрү, кызматчы сөздөр, сырдык сөздөр жана тууранды сөздөр бар», - деп белгилеп, тууранды жана сырдык сөздөрдү адабий тилдин гана эмес, сүйлөшүү кебинин да лексикалык каражаты экендигин белгилейт. Сырдык сөздөр сүйлөөчүнүн ички сезимин же эрктик мамилесин билдирүүчү өзгөчө бир кептик белги болуп эсептелет. Сырдык сөздүн кандай мааниде колдонулгандыгы, айрыкча, оозеки кепте белгилүү бир интонация менен же жандалып кошо айтылганда түшүнүктүү болот. Сырдык сөздөр адамдын кебине эмоциялык түс берип, сүйлөөчүнүн чындыкка болгон мамилесин көрсөтөт (Орузбаева Б., С. Кудайбергенов С.,1964). Мындай белгилери сырдык сөздү стилистикалык жактан башка сөз түркүмдөрүнөн ажыраткан бир белги катары каралат. Сырдык сөздөрдүн стилистикасын биринчи жолу окумуштуу С.И. Иманалиев изилдеп, анда илимий публицистикалык мүнөздөгүчыгармаларга караганда сырдык сөздөр көркөм адабий чыгармаларда өтө кеңири колдонулат (Иманалиев С. 1969) деп туура тыянак чыгарган. Тилдик фактыларга ылайык, кепте колдонулган сырдык сөздөр маанисине карай үч топко бөлүнөт:

1) сезимди билдирүүчү (эмоционалдык) сырдык сөздөр;

2) эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр;

3) турмуштук мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр.

Сүйлөөчү (субъект) белгилүү эмоциялык абалда туруп, кырдаалды, кыймыл-аракетти, окуяны ж.б. аңгемелешүүчүгө өзүнүн оң же терс мамилеси аркылуу билдирет. Сүйлөөчүлөрдүн кебинде колдонулган оң эмоционалдык сырдык сөздөр төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1. Кубануу, таңдануу, ыраазы болуу, суктануу: *бах, чиркин, ах, ох, охо, ай-и-и-й, пай-пай, кудайга шүгүр* ж.б.

2. Кубаттоо, алкоо, мактоо: *бали, баракелде, жаша, бау, азамат* ж.б.

3. Эске түшүрүү, эстөө, табуу: *а-а, и-и, о-шо* ж.б.

4. Кайрылуу, урматтоо: *о, садага, каралдым,ай, эй* ж.б.

5. Чакырыкка жооп маанисинде: *я, а, и, ой, ы* ж.б.

6. Эркелетүү: *садага болоюн, айланайын, тегеренип жүрөйүн, өпкөмү кагайын, үргүлүп кетейин* ж.б.

Сүйлөөчүнүн окуя көрүнүшкө, тыңдоочунун аракетине, сөзүнө карата терс мамилесин билдирген терс эмоционалдык сырдык сөздөр төмөнкүдөй маанилерди туюндурат:

1. Нааразы болуу, өкүнүү, кейүү, кайгыруу: *алда/олда, кап, ий, катыгүн, аттигиңай/аттигиниң/атаганат, атаңы арман, атаңы кокуй, алат күн, кокуй алат, кокуй ай* ж.б.

2. Чарчоо, жадоо: *ох/өх, уф, и-ий* ж.б.

3. Коркуу, чочуу:*кокуй, ойбой,калакай, бай-бай, йа-а-а-алда, ой, туй ата, апей//омей, я* ж.б.

4. Жийиркенүү, уялуу: *апий, ий* ж.б.

5. Таң калуу: *о-уу, ой-тобо, капырай, ботом, ийе* ж.б.

6. Жактырбоо, жемелөө, ачууланuу, жек көрүү: *ой, кудай алгыр, түгөнгүр, жолуң болгур* ж.б.

7. Мыскылдоо, шылдыңдоо: *о-оох, ох-хо, айрок, аляй-гуляй* ж.б.

8. Чочулоо: *кокуй, я* ж.б.

9. Кекетүү: *и-и,* э-э ж.б.

Эмоционалдык сырдык сөздөр маниси жагынан бирдей эмес, ошондуктан, бир эле сырдык сөз сүйлөөчүнүн максатына, абалына карата басымдын жардамы менен ар түрдүү контекстте ар кандай маанилерде колдонула берет. Демек, кыргыз тилинде көп маанилүү сырдык сөздөр арбын деген тыянакка келсек болот (Орузбаева Б., 1964). Мындай сөздөрдү туруксуз сырдык сөз деп дагы атап жүргөндөрдү кезиктиребиз (Иманалиев

С., 1969). Бирок туруксуз сырдык сөз деген терминге караганда көп маанилүү деген аталышы ылайыктуудай. Айрым сырдык сөздөр бир эле мааниге ээ. Сүйлөөчүнүн кеби кимди көздөй айтылганына жараша эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр адамга жана айбанга карата айтылуучу болуп өз ара экиге бөлүнөт. Адамдарга карата айтылуучу сырдык сөздөр: чакыруу, талап кылуу, буйруу, токтотуу, бир нерсеге тыюу салуу, тактоо жана жаш балдарга карата эркелетүү, кубаттоо, сооротуу үчүн колдонулат. Бирок мындай сырдык сөздөр анча көп эмес. *Тек-тынч отур* (кандайдыр бир жакпаган ишти иштөөгө тыюу салуу маанисинде колдонулат). *Оозуңа таш* сырдык сөзү жаман кабар же жагымсыз сөз айткан кишиге карата зекүү иретинде жумшалат.

Кыргыз тил илиминдеги көпчүлүк эмгектерде адамдардын айбанаттарга карата болгон эрктик мамилени билдирген сырдык сөздөр жөнүндө маалыматтар аз. Бирок алардагы мисалдарда канаттууларга карата сүйлөөчүнүн түрдүү мамилесине ылайык сөздөр камтылган (Гапарова Ч.). Чындыгында, адамдар айбанаттар менен гана эмес, канаттуулар менен да түрдүү мамиледе болот. Сүйлөшүү кебинде колдонулган эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр төмөнкүдөй болуп бөлүнөт: 1. Айбандарды жана канаттууларды чакыруу жана үндөө үчүн колдонулган сырдык сөздөр: *түү// түтү-түтү, кыруу-кыруу, тушой-тушой, кырой-кырой, хов-хов, чучу-чучу, күчү-күчү* ж.б. 2. Айбандарды жана канаттууларды айдоо, бастыруу, чочутуу, кайыруу максатында айтылган сырдык сөздөр: *пыш//мыш, түт, куш, хы, чу-чу, чиге, чек, кош, ош* ж.б. Айбандарды айдоодо, чочутууда буйрук этиштер да сырдык сөз катары колдонулган учурлар кездешет. Мисалы, итти айдоодо, чочутууда буйрук сөздөр колдонулат *кет, тур, чык, бас, ал* ж.б. 3. Айбандарга жана канаттууларга шыкак берүү, тукуруу максатында колдонулган сырдык сөздөр. Мындай сырдык сөздөр көпчүлүк учурда мергенчилердин жана аңуулоочулардын кебинде байкалат. Мисалы, *айт, айдак/айдайт, ал, ала куш* ж.б. 4. Айбанаттардын жана канаттуулардын кыймыл-аракеттерин токтотуу, жоошутуу максатында колдонулган сырдык

сөздөр. Мындай сырдык сөздөр көп эмес. Алсак, *тырр, так, чуш, чөк-чөк, ха-а-ай* ж.б. 5. Айбандарга жана канаттууларга карата каргоо максатында жумшалган сырдык сөздөр: *кара өпкө алгыр, түйнөк болгур, какач алгыр, корум болгур, шарп болгур, жайрагыр, жаталак болгур, карасаң болгур, күл болгур, өлөт алгыр* ж.б. Бул сырдык сөздөр зат атоочко *-ал, бол-* деген буйрук этиштердин жана аларга - *гыр-* мүчөсүнүн жалгануусу аркылуу жасалды.

Сүйлөшүү кебинде өзгөчө турмуш-тиричиликте колдонулуучу сырдык сөздөр арбын. Анткени адамдар бири-бири менен такай байланыш түзүп, кептик этикеттин формулаларын урунушат (Гапарова Ч.2006). Окумуштуу О. Чарыярова белгилегендей, кептик этикет - сылыктыкты билдирүүдө колдонулган сөз же сөз айкашы. Алар учурашууда, коштошууда, ыраазычылыкты билдирүүдө, кечирим суроодо жана бирөөгө кайрылганда жумшалат. Мисалы, *саламатсызбы, ыракмат, жолуң шыдыр болсун, куш бооңор бек болсун, көшөгөңөр көгөрсүн, бешик бооңор бек болсун* ж.б. Бул топтогу сырдык сөздөр сүйлөөчүнүн ойду туюнтуу максатына ылайык өтмө мааниде да жумшалып, эмоционалдуу-экспрессивдүүбоекко ээ болот. Сырдык сөздөрдү көркөм чыгармаларда колдонууда автордук зор чеберчилик керек. Сүйлөшүү кебиндеги сырдык сөздөр сүйлөөчүлөрдүн кебинин эмоционалдуу-экспрессивдүүлүгүн арттыруу максатында да колдонулуп, кептин көркөмдүүлүгүн күчөтөт.Сүйлөөчү оң же терс эмоционалдуу-экспрессивдүү маанисин күчөтүү максатында өзгөчө басым менен эмоционалдык сырдык сөздөгү үндүү тыбыштарды созуп же *бали, барекелде* сөздөрүнөн мурда «а», «ап», «оп» тыбыштык курамдарды басым менен айтышы мүмкүн. Сырдык сөздөргө анык жана так туюнтулган эмоционалдуу-экспрессивдүү боек мүнөздүү. Ошондуктан алар пикир алышуунун белгилүү бир кырдаалында колдонулушу боюнча чектелет. Мисалы сезимдик сырдык сөздөр сүйлөөчүнүн ички сезимин так билдирет. Анын бул сапаты аларды сүйлөөчүнүн угуучуга карата билдирмек болгон сезимин туюнтууда биринчи планга коюлат, башкача айтканда, ал сырдык сөздөр алмаштырылып колдонууга жараксыз болот (Ашырбаев Т., 2001).

Т. Ашырбаев белгилеп кеткендей, сырдык сөздөр сүйлөөчүнүн ички сезимин так билдирип, чыгарманын стилине өзүнчө бир кайталангыс көркөмдүктү, ачыктыкты жана жандуулукту берип турат. Сүйлөшүү кебинде колдонулган сырдык сөздөр маани жактан туруксуз, ошондуктан көп маанилүү болушат: морфологиялык жактан мүчөлөр аркылуу жасалбайт, бирок айрым буйрук этиштер аркылуу айбанаттарга жана канаттууларга карата колдонулган сырдык сөздөр жасалат. Ошондой эле Абдуллаев Э. “Грамматика киргизского литературного языка. 1-бөлүк фонетика жана морфология” деген китебинде кээ бирде сырдык сөздөргө форма жасалуучу мүчөлөр уланат же сүйлөмдө башка сөздөр менен байланышта болот деп берилген. Бирок мындай учурларда сырдык сөздөр субстантивацияланышат же синтетикалык жана аналитикалык ыкма менен жаңы сөз түркүмдөргө кирген сөздөрдү курушат. (Абдуллаев, 337). Сырдык сөздөр сүйлөп жаткан адамдын эмоциялык акыбалын билдирбей эле, ал эмоцияны атап турушат, демек, бул сырдык сөздөр өзүнчө семантикага ээ болгон сөздөргө айланып кетишкен. Ушундай эле көрүнүш башка сырдык сөздөрдө байкалат. Мисалы, сырдык сөздөр башка этиштер менен колдонулганда, көбүнчө *-де-* деген этиш менен берилет. Кээ бир сырдык сөздөр сөз куруучу мүчөлөрдүн жардамы менен жаңы сөздөрдү курушат, алар көбүнчө эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр: *айдак, кош-то, кош-кош* (чабандын сөзү). Турмуш-тиричиликте колдонулган сырдык сөздөр адамдын кеп маданиятынын деңгээлин көрсөтөт, чыгармаларда болсо акындын поэзиясына эмоционалдык түс берип турат.

Сырдык сөздөр сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпайт жана мүчөлүк милдетти да аткарбайт. Өзүнчө бөлүнүп айтылат. Бирок айрым учурда бир сөз, же бүтүн бир сүйлөм катарында колдонулушу да мүмкүн. Маанилүү сөздөр менен салыштыра караганда сырдык сөздөр маани жактан кишинин ар түрдүү эмоциялык сезимдерин билдиргени менен, морфологиялык жактан өзгөрбөйт, синтаксистик жактан көбүнчө сүйлөм мүчөсүнүн кызматын

аткарбайт, тагыраак айтканда, сүйлөм мүчөлөрү менен синатксистик байланышта болбойт.

Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөрдүн төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүнө көңүл бөлүү менен андагы башка сөз түркүмдөрүнөн айырмасын белгилей кетүү шарт болуп саналат. Аларга төмөнкүлөр кирет: 1) сүйлөм мүчөсү боло алышпайт; 2) морфологиялык жактан өзгөрбөйт; 3) башка сүйлөм мүчөлөрү менен синтакистик байланышы жок; 4) сырдык сөздөр көп мааниге ээ болушу ыктымал.

Сырдык сөздөр негизги сөз түркүмдөргө окшошпойт: номинативдүү функцияны аткарбайт, грамматикалык категориясы жок, лексикалык мааниге ээ эмес, сөз түзүүчү жана сөз жасоочу формасы болбойт, сүйлөмдө синтаксистик ролу жок (Ахматов Т.). Башка сөз түркүмдөрүнөн сырдык сөздөр өзгөчө интонация, фонетикалык структура, мимика менен тыгыз байланышы жана күчтүү эмоциясы менен айырмаланышат. Ушул өзгөчөлүктөр менен кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр башка сөз түркүмдөрдөн айырмаланып турат. Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр үч категорияга бөлүнөт: 1. Эмоционалдык. 2. Эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр. 3. Турмуштук мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр (Ахматов Т. К., 1975:151).

А) Эмоционалдык сырдык сөздөр сүйлөөчүнүн ар кандай эмоциясын, сезимдерин жана айлана-чөйрөгө болгон мамилесин билдирет, ошондой эле, болуп жаткан кыймыл-аракеттерге баа берет. Төмөнкү топторго бөлүнөт:

1. Сүйүнүчтү, ыраазычылыкты, таң калууну, мактоону билдирген сырдык сөздөр.

2. Чарчоону, кейигенди, өкүнүүнү, капачылыкты билдирген сырдык сөздөр.

3. Жек көрүүнү, ачууланууну, каршылыкты, коркууну ж.б. билдирген сырдык сөздөр.

Б) Эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр. Бул сырдык сөздөр буйрукту жана каалоону билдирет жана эки семантикалык тайпага бөлүнөт:

1. Адамдан адамга айтылган сырдык сөздөр.

2. Адамдан айбандарга карата болгон мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр.

В) Турмуштук мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр. Мындай сырдык сөздөр адамдар саламдашканда, коштошкондо, бири-бирине кайрылууда кездешет.

Сырдык сөздөр структурасы боюнча жөнөкөй жана туунду болуп бөлүнөт. Жөнөкөй сырдык сөздөр лексика катмарынан бөлүнүп, фонетикалык түзүлүшү боюнча өзүнчө бир топту түзүшөт. Мындай сырдык сөздөр бир гана үндүү же болбосо үндүү менен үнсүз тыбыштардан турушат. Үнсүз тыбыштардын ичинен *й* жана *х* тыбыштары артыкчылыкка ээ: *а! ө! э! и! ох! өх! эх! ай! эй! ой! я! тү!* Жөнөкөй сырдык сөздөрдүн структурасы үндүү тыбыштардын созулуусуна байланыштуу татаалданып калышат: *о-о, э-э, тү-ү, о-ох, и-и*. Ошондой эле, бул татаалдануу кээ бир учурларда тыбыштардын кайталануусу менен да көрсөтүлөт: *ой-бой, ай-пай* бул сөздөрдө экинчи компонент биринчи компоненттен фонетикалык айтылышынан айырмаланып турат. Туунду сөздөргө тарыхый жактан толук сөздөр жана сөз айкыштарыкатыштуу, алар сырдык сөздөр катары колдонулуп келип өздөрүнүн номинативдүү функциясын жоготушат. Алырдын ичинен көп сандагы башка тилдерден кирген сөздөрдү жолуктурууга болот. Айрым учурларда араб жана иран тилдеринен кирген сөздөр кезигет: *барекелде* (араб тилинен «кудай сага дөөлөт берсин»), *ассаламу алейкум, ваалейкум вассалам* (араб тилинен «аман болгула», «тынчтык болсун»), *бали* (иран тилинен «жакшы, мыкты»).

Кыргыз тилиндеги нукура сөз жана сөз айкыштары да сырдык сөздөрдүн катарына кире алышат: *жаша* (буйрук этиштен келип чыккан) кубаттоону жана сүйүнүчтү билдирген сөз; *кашайгыр* (кашай –гыр «көр болуп кал») каргышты жана жамандыкты каалоону билдирет; *адам болбой калсын* (ачууланууну) билдирген сөз.

Туунду сырдык сөздөр негизги сөздөрдөн дагы түзүлүшү мүмкүн, мындай сөздөрдө кандайдыр бир фонетикалык өзгөрүүлөр болуп өтөт (кээ бир үндүүлөрдүн же муундардын жоголуп кетүүсү): *карангүн*– кейүүнү билдирген сырдык сөз этимологиялык жактан эки сөздөн турат. *Каран*- «бакытсыздык» жана *күн* «күн»; *катыгүн – катуу* «кыйын» жана *күн* таң калууну билдирет; *күчү*- күчүктү чакыруу. Кээ бир толук этиштер кандайдыр бир жагдайларда (айбандарга кайрылууда) сырдык сөздөрдүн катарына кирет, мисалы, *кел! чык! кет!* Этимологиялык изилдөөлөрдөгү маалыматтар боюнча, азыркы кыргыз тилиндеги жөнөкөй жана туунду сырдык сөздөрдүн морфонологиялык өзгөчөлүгү жагынан башка түрк жана монгол тилдери менен туура келүүсү байкалат, бул нерсе алардын мурдагы толук сөздөрдөн келип чыгуусун далилдейт, мисалы *чөк* – төөнү жерге жат дегенди билдирет, уйгур тилинде *чөк* – отурууну билдирет (Абдуллаев Э. 338-б. 1987).

И.Абдувалиевдин «Кыргыз тили» аттуу соңку окуу китебинде сөз түркүмдөрү үч топко бөлүнүп каралат. Маани берүүчү сөз түркүмдөрү - зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч. Өзгөчө сөз түркүмдөрү - сырдык сөздөр, тууранды сөздөр. Кызматчы сөздөр – байламталар, бөлүкчөлөр, жандоочтор, модалдык сөздөр. Булардын ичинен маани берүүчү же негизги сөз түркүмдөрү өз алдынча лексикалык мааниге ээ болуп, сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарат, кээде сүйлөм да боло алат. Сөз түркүмдөрү өз алдынча колдонулуушу, толук түшүнүктү берүү даражасы, сүйлөм мүчөсүнүн милдетин өз алдынча аткара алуу өзгөчүлүктөрүнө карай негизги жана кызматчы сөздөр эки тайпага бөлүнөт.

Негизги сөздөр зат, сын, сан, кыймыл-аракет ж.б. жөнүндө толук (даана) түшүнүк берет жана өз алдынча сүйлөм же сүйлөм мүчөсү боло алат. Негизги (же маани берүүчү) сөздөргө зат, сын, сан, ат атоочтор, тактоочтор, кирет. Ошондуктан алар негизги сөз түркүмдөрү деп аталат. Кызматчы сөздөр толук түшүнүктү билдире албайт, өз алдынча сүйлөм же сүйлөмдүн мүчөсү да болушбайт. Буларга суроо да берилбейт. Мисалы, *менен, жана, го, да* ж.б. Кызматчы сөздөргө байламта, жандооч жана бөлүкчөлөр кирет. Булар

сөздөрдү,сүйлөмдөрдү өз ара байланыштырып, аларга кошумча маани киргизип турат. Ошондуктан бул сөз түркүмдөрү кызматчы сөз түркүмдөрүнө киришет. Кээ бир сөздөр өзгөрүлбөй турган бир гана грамматикалык формада болот. Мисалы, *менен, жана, боюнча, жөнүндө, го, эх, ох, ай, оппоо, эй*ж.б.Тиешелүү грамматикалык каражаттар аркылуу туюндурулуп, бири-биринен айырмаланган жекече грамматикалык маанилердин жыйындысы грамматикалык категория деп аталат. Кыргыз тилинин грамматикасында сан, жак, чак, жөндөмө, таандык, ыңгай, мамиле ж.б. категориялар бар. Сырдык сөздөр мындай касиетке ээ болбогондуктан, өзгөчө сөз түркүмдөргө киришет. Сырдык сөздөр жогоруда көрсөтүлгөн топтогу сөз түркүмдөрүнөн айырмаланып, кишинин ички сезимин гана билдиришет. Сырдык сөздөр лексикалык мааниге ээ болсо да, грамматикалык жактан көрсөткүчтөргө ээ эмес, о.э. көбүнчө синтаксистик кызматты аткара алышпайт. Ошондуктан өзгөчө сөз түркүмдөрү катары каралышат.

Ар кандай кырдаалдарда эрксизден эле айтылып кете турган адамдын ички сезимин, жаратылышка жана жаныбарларга болгон эрктик мамилелерин билдирген сөздөрдү сырдык сөздөр дейбиз. (Абдувалиев И., 1997)

Сырдык сөздөр сүйлөм тизмегинде, башкача айтканда, тилдин жандуу көрүнүшүндө көп жолугат. Айрыкча диалогдо, кишилер сүйлөшүп жаткан учурларда, бирдемени айтып жатканда арбын колдонулушат. Сырдык сөздөр сүйлөмгө кандайдыр бир эмоционалдык маанилерди кошумчалайт мисалы: корккондук, чочугандык, өкүнгөндүк, кубангандык, кабатырлангандык ж.б. Жазууда атайын тыныш белгилери менен ажыратылып жазылат.

Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөрдүн бир тобу чыныгы сырдык сөздөр болот (*ай, ой, ий, ох, ух, өх, эх, бах, төх, кокуй, чиркин, катыгүн, карангүн, капырай, алдей, тсс, тек, чушш, бөө, шук, бали, ыя, чойт, өш, айдак, айт, кош, так, тек, хы, чагал, кыруу, кырой, пыш, тү-тү, тушө-тушө, бо, бөк, бөпү, кет, куш, чек-чек, өк, пө, соп, чөк, чиге, чу, чучу* ж.б.), башка бир тобу сүйлөмдөгү маанилерине жараша гана сырдык сөздөр (*азамат, ата, апа,*

апей, мама, айланайын, кагылайын, садага болоюн, ботом ж.б.) болуп саналат. Бул акыркы топтогулар теги боюнча башка сөз түркүмдөрүнө жатат. Ар түрдүү кырдаалдарга жараша алар сырдык сөз болуп чыга келишет да, контекстте гана аныкталат. Сырдык сөздөр, негизи, өзгөрүлбөгөн сөз түркүмү болуп эсептелинет. Бирок алардын айрымдары башка сөз түркүмүнүн милдетин аткарып калганда өзгөрүүгө дуушар болот. Сырдык сөздөр кайсы сөз түркүмүнүн милдетин аткарган болсо, алар ошол сөз түркүмүнүн грамматикалык категориялары боюнча өзгөрө берет. Мисалы, *Ыракматыңды анан айтасың, курдаш.* (М.Макенбаев) «Ыракмат деген сөзүңдү» деп айткандын ордуна «Ыракматыңды» деп колдонулду. *Кокуюң менен жерге кир.* (Н.Байтемиров) «Кокуй деп чочуганың» дегендин ордуна *кокуюң* деп айтылды. Бул мисалдардагы сырдык сөздөр (*ыракмат, кокуй*) зат атоочтун милдетин аткарып жатат. Биринчиси жекелик санда экинчи жакка таандык табыш жөндөмөдө туруп, экинчиси жекелик санда экинчи жакка таандык болуп өзгөрүп келди. Мындан келди, сырдык сөздөрдүн айрымдарын сын атоочтордой болуп затташат десек болот. Затташкан учурда, башкача айтканда, зат атоочтун грамматикалык категориялары менен өзгөргөндө алар сүйлөм мүчөсүнүн милдетин да аткара берет. Мисалы, *Бах-х! Чиркиндин таттуусун айтпа.* Бул жерде чиркин илик жөндөмөсүнүн мүчөсүн (*-нын*: *чиркиндин*) кабыл алып заттык мааниде келип, сүйлөмдүн аныктооч мүчөсүнүн милдетин аткарып турат.

Кээ бир сырдык сөздөр этиштин *-ла* куранды мүчөсүн кабыл алып, этиш сөз түркүмүнө да өтүп кетет. Мисалы, *пай-пайла, алдейле, айдакта, кокуйла, кыройло* ж.б.

Сырдык сөздөрдүн жазылышы. Сырдык сөздөр айрым жазылат да, сүйлөмдүн башында, ортосунда, аягында келе берет. Сырдык сөз сүйлөмдүн башында өтө күчтүү сезим менен айтылса, өзүнөн кийин илеп белгиси келип, андан кийинки сөз чоң тамга менен башталып жазылат. Мисалы, *Бали! Ырчы болсо сендей болсун.* Эгерде сүйлөмдүн башында күчтүү сезим менен

айтылып, редупликация формасында келсе, анда сырдык сөздөн кийин үтүр коюлат: *Ай, ай, Зарыл эжеке.* (Т.С.)

Мындай сырдык сөздөр сүйлөмдүн башында келип, өтө эмоционалдуу болушат жана башка сөздөрдөн үтүр же илеп белги менен айырмаланышат. Эгерде ал сөздү алып койсок, сүйлөмдүн эмоционалдуулугу жоголуп, сүйлөммүчөлөрү бирдей эмоциялык деңгээлде айтылып калышат. Башында келген сырдык сөз өзүнөн кийин келген сүйлөм мүчөлөрү менен байланышат жана алардын күчтүү эмоция менен айтылуусуна жардам берет. Кээ бир учурда, сырдык сөз өзүнөн кийин келген сөз менен бөлүнүп өзүнчө сүйлөм түзүшү да ыктымал.

Сырдык сөз сүйлөмдүн ортосунда келсе, эки жагына үтүр коюлат: *Бейше, баракелде, келтирип иштепсиң!*Сүйлөмдүн ортосунда келген сырдык сөздөр өзүнөн мурда келген сөздөрдүн маанисин күчөтөт, бирок контекстке жана интонацияга карап алардан кийин келген сөздөр менен да байланышат. Сырдык сөздөр кайталанып айтылса, арасына дефис коюлат. Мисалы, *Пай-пай-пай, салган экен үйдү. Өш-өш, түбө-түбө.*

Сырдык сөздөр сүйлөмдүн аягында келсе, өзүнөн мурун үтүр коюлат, ал эми кийин илеп белгиси келет. Аягында келген сөздөр өзүнөн мурда келген сөздөрдүн интонациясын күчөтөт. Ошол интонациянын жардамы менен сөздөр өзүнчө сүйлөм түзүшү да мүмкүн.

Биринчи баптан алынган тыянактар

Биринчи бапта дүйнөлүк лингвистикадагы сырдык сөздөрдүн илимий-теориялык негизин карап чыктык жана түрдүү тилчи-окумуштуулардын тил тааануу илиминдеги сырдык сөздөрдүн орду жана кызматы тууралуу айткан пикирлерине талдоо жүргүзүүгө аракет жасадык. “Сырдык сөз” терминине аныктама берилди жана сырдык сөздөрдүн мүнөздөмөсү синтаксистик, фонетикалык жана лексикалык деңгээлде каралды. Белгилүү окумуштуулардын түрдүү көз караштарына көз жүгүртүү менен, биз алардын сырдык сөздөрдүн номинативдик жана эмоционалдык кызматтарынына

бирдей эмес баа беришкендиктерин жана бул боюнча алардын ар түрдүүчө көз карашта экендиктерин байкадык. Сырдык сөздөргө изилдөө жүргүзгөн окумуштуулардын пикирлерин карап чыгуу жана аларды өз ара салыштыруу менен алардын басымдуу көпчүлүгү сырдык сөздөрдүн грамматикалык мааниге ээ эмес деген пикирге келишкендиктери тууралуу жыйынтык чыгаруга болот. Алар сүйлөөчүнүн чындыкка, шарт-жагдайга карата мамилесин билдиргени менен адамдын ички сезимин жана ар түрдүү эмоциясын гана чагылдырат. Англис, орус жана кыргыз тилдериндеги сырдык сөздөрдү изилдеген окумуштуулардын пикирлери боюнча тилдердеги бардык сырдык сөздөр төмөнкүчө, дээрлик, бирдей классификация түзүшөт:

1. Сезимди билдирүүчү(эмоционалдык) сырдык сөздөр.
2. Эрктик мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр.
3. Турмуштук мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр.

Демек, сырдык сөз боюнча түрдүү пикирлерди илимий талдоого алуу менен учурда бул багытта дагы деле талаш тартыштуу пикирлер бар деген тыянакка келүү менен Л.В. Щербанын: “сырдык сөздөр.....тумандуу категория...” деген аныктамасына толугу менен кошулабыз. Сырдык сөздөр дүйнөсүндө али да көптөгөн кызыктуу жана белгисиз маселелер бар жана бул биз ар тараптуу талдоого алган багыттагы изилдөөлөрдү улантууга жана тынымсыз жүргүзүүгө негиз берет деген окумуштуулардын пикирлерине макулбуз.

II бап.Тектеш эмес тилдердеги сырдык сөздөрдү структуралык жактан анализдөө жана которуунун жолдору.

Алгы сөз

Сырдык сөздөр башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланып - тил илиминде, айрыкча кыргыз тили илиминде кеңири изилденбеген тилдик категория. Сырдык сөздөр сүйлөмдөрдүн жана фразалардын интонациялык жагын өзгөртө алат, алар сүйлөмдүн структурасында башка сөздөр менен маанилик жактан тыгыз байланышта болот. Лингвистикадагы структура боюнча ар кандай пикирлер көптөгөн илимпоздордун (Виноградов В.А., Доблаев Л.П., Ильина Н.В., Тенъер Л.) иштеринде кеңири жана ар тараптуу чагылдырылган. Азыркы мезгилге чейин кыргыз тили илиминде сырдык сөздөрдүн структурасы кеңири **изилденбегендиктен,** бул бапта түрдүү чагырмалардагы сырдык сөздөрдүн структурасын изилдөө актуалдуу деген жыйынтыкка келдик. Сырдык сөздөргө структуралык анализ жасоодо биздин максат Ч. Айтматовдун “Жамийла”, “Гүлсарат”, “Кылым карытар бир күн”, ”Кыямат”, Вильям Шекспирдин “Гамлет”, Марк Твендин “Хеклеберри Финндин жоруктары” жана “Том Сойердин жоруктары”, Жек Лондондун “Ак азуу” чыгырмаларынын үч тилдеги котормолорундагы сырдык сөздөрдү тандап алуу жана аларга структуралык талдоо жүргүзүү болду. Тандап алынган англис тилиндеги материалдардан бир, эки, үч, төрт, беш жана алты компоненттүү сырдык сөздөрдү таап, алардын орус жана кыргыз тилдерине которулуусун түп нуска менен салыштырууну да өз алдыбызга милдет кылып койдук. Ошондой элекыргыз тилиндеги V, VC, CV, CVCструктураларындагы сырдык сөздөрдүтабуу менен алардын фонетикалык өзгөчөлүктөрүн бердик. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасы боюнча, бир компоненттүү сырдык сөздөрдүн саны эң эле кеңири экендигин байкап, аларды сан менен көрсөтүп кеттик. Мындай сырдык сөздөрдүн моделдеринен төмөнкүдөй структураларды таптык:

1. Interjection – сырдык сөз (бир компоненттүү).
2. Preposition-Interjection; предлог+сырдык сөз (эки компоненттүү).
3. Noun+ Noun; зат атооч+зат атооч.
4. Abbriviated Pronoun + Pronoun; кыскартылган ат атооч + ат атооч.
5. Adjective + Noun; сын атооч + зат атооч.
6. Adverb + Pronoun; тактооч+ ат атооч.
7. Adjective-Pronoun; сын атооч+ат атооч.
8. Adverb + Noun; тактооч + зат атооч.
9. Interjection + Interjection; сырдык сөз+сырдык сөз.
10. Pronoun + Article + Noun; ат атооч+артикль+зат атооч.
11. Interjection + article + Noun; сырдык сөз + артикль + зат атооч.
12. Pronoun + Noun + Pronoun; ат атооч + зат атооч + ат атооч.
13. Interjection + Substant.Adjective + Subst. Adj; сырдык сөз + субстант. сын атооч + субстант.сын атооч
14. Interjection +Adjective +Substan. Verb; сырдык сөз+сын атооч+субстант. этиш
15. Interjection + Interjection + Interjection; сырдык сөз+сырдык сөз+ сырдык сөз
16. Pronoun + Noun + Article + Noun; ат атооч + зат атооч + артикль + зат атооч
17. Preposition+Noun+preposition+Pronoun/Engl.; предлог+зат атооч+предлог+ат атооч
18. Interjection + Pronoun + Noun + Pron + Noun; сырдык сөз + ат атооч + зат атооч + ат атооч + зат атооч
19. Noun + Prep + Noun + Prep + Article + Adjectivein Superl. form; зат атооч + предлог + зататооч + предлог + артикль + сын атооч күчөтүү формасында ж.б.

2.1. А) Модель 1 - Бир компоненттүү сырдык сөздөр

Англис тилиндеги 1 компонентүү сырдык сөздөр жана алардын орус жана кыргыз тилдеринде берилиши.

Англис, орус тилдеринде бир компоненттүү (Interj.)сырдык сөздөрдү кыргыз тилине которууда бир компоненттүү сырдык сөздөр менен берилет. Мындай шартта которууда эч кандай кыйынчылыкка дуушар болбойт, себеби алар көбүнчө жалпы адамзаатка тиешелуу болгон универсалдуу сырдык сөздөрдөн турат.

"- ***Ah,*** *my dear ones, we shall preserve your letters like a talisman!*"

[Ch. Aitmatov, Jamila, translation of Glagoleva, 1978:26]

"- ***А-а,*** *дорогие мои, как талисман мы будем хранить ваши письма!*"

[Ч. Айтматов, Джамиля, 1984:24]

"- ***А-а,*** *садага болоюндарым, катыңарды тумардай гана сактайбыз го!*" [Ч. Айтматов, Жамийла, 1984:458]

Формалдуу түзүлүшү жана курамы боюнча англис тилинде сырдык сөздөр бир компоненттүү болушу да ыктымал. Жогорудагы англис тилинде берилген мисалда да бир компоненттүү сырдык сөз бар. Аны орус жана кыргыз тилине которгондо функционалдык эквивалент катары бир сырдык сөз менен берилет да, маанилик адекваттуулукка жетише алат. Оксфорддун сөздүгүндө ***Ah*** [1993, 13], сырдык сөздүн транскрипциясы [a:] деген созулуп айтылган тыбыш менен берилип жатат. Ал эми орус жана кыргыз тилдеринде да ***А-а*** сырдык сөзү эки тыбыштан туруп, дефис менен жазылат да созулуп айтылганы даана байкалып турат. Үч тилде тең бул сырдык сөздөр сүйлөмдүн башында турат да, үтүр менен ажыратылат. Бул моделдеги сырдык сөздөр кыргыз жана орус тилдеринде адамдын ички сезимин күчөтүү формасында болгонун созулма үндүү тыбыштардан байкасак болот. Мындан биз тектеш эмес тилдердеги сырдык сөздөрдүн бирдей формалык түзүлүшкө ээ болоруна күбө болдук.

2. Англис, орус, кыргыз тилдеринде бир компоненттүү (Interj.)

“- ***Hm.*** *Where are you going*?” [Ch. Aitmatov, Tales of the mountains and steppes, 1978:151].

“- ***М-м.*** *Ну и куда же теперь?*” [Ч. Айтматов, Прощай, Гульсары!1984: 291].

“-***М-м.*** *Эми кайда бармаксың?*”[Ч. Айтматов, Гулсарат, 1978: 43].

Бул моделдеги сүйлөмдөрдө ойлонууну билдирген маани окшош сырдык сөздөр менен которулган. Ошондой эле, сырдык сөздөр үч тилде тең сүйлөмдүн башында келип, бир компоненттеги тубаса сырдык сөздү көрө алабыз. Англис тилиндеги ***Hm*** сырдык сөзүнүн этимологиясына көңүл бурсак, ал эриндердин жабык абалында айтылат жана индоевропа тилдериндеги *mum, mumming, mumble* деген сөздөрдөн келип чыккан деген маалымат бар [Bates, Naturalist on the Amazons, 2nd., ed., p. 404; Markham in ‘ Tr. Eth. Soc., vol. Iii. p. 143]. Зулус тилинде ***momata*** (жабык ооз менен кыбыроо), Таити тилинде ***matu*** (тынчтанып туруу), Чили тилинде ***notn*** (тынч болуу) ж.б. Демек, индоевропа тилдеринде бул сырдык сөз жабык ооз менен айтылат да ойлонуу деген мааниге ээ. Орус жана кыргыз тилдеринде да ***М-м*** деген сырдык сөз жабык ооз менен айтылат, сөз айтылбаса дагы чыккан үндөн анын маанисин билсек болот. Бул сырдык сөздүн мааниси үч тилде тең изоморфтук кубулушка ээ.

3. Англис, орус, кыргыз тилдеринде бир компоненттүү (Interj).

“- ***Ay,*** *truly*!” [W. Shakespeare, The tragical History of Hamlet, 1985:47].

“- ***Да,*** *это правда!*” [У. Шекспир, Гамлет, 1989:177].

“-***Албетте!***» [В. Шекспир, Гамлет, которгон Сооронбай Жусуев, 1983:94].

Англис тилиндеги бул мисалда сырдык сөз бир жөнөкөй сөз менен берилип бир компоненттүү болуп турат. Мындай сырдык сөздөр түзүлүшү боюнча тубаса сөздөргө кирет. Оксфорддун сөздүгүндө берилгендей, [Oxford wordpower dictionary, 1993: 39] англис тилинде ***Ay*** [ай] деген сырдык сөз эки вариантта айтылат: ***Aye*** жана ***Ay***. Аларды кыргыз тилине которгондо

ообадеген маанини билдирет. Мындай сөздөр, көбүнчө Шотландия жана Түндүк Ирландияда кеңири колдонулган сырдык сөздөр диалектикалык касиетке ээ болуп эсептелинет. Орус тилиндеги мисалда болсо бул бир компоненттен турган сырдык сөз дал эле ушундай болуп бир сөз аркылуу адекваттуу котормо менен берилип жатат. Бирок, кыргыз тилинде бул эмоция ***албетте*** деген , бөлүкчө менен берилген. Бул сөз К.К. Юдахиндин [1957: 295) кыргызча-орусча сөздүгү боюнча, араб тилинен келип чыккандыгы бизге маалым. Бул сөз киринди сөзгө кирет, биз мисал келтирген контекстте сырдык сөздүн кызматын аткарып калды. Англис жана орус тилдеринде бул сырдык сөз сүйлөмдүн башында туруп, үтүр менен ажыратылса, кыргыз тилинде өзүнчө сүйлөмдү түзүп турат. Демек, кыргыз тилинде бул сөз тастыктоо эмоциясын көрсөтөт да, илеп белгиси менен баса айырмаланып турат.

4. Англис тилиндеги бир компоненттүү сырдык сөздү (Interj.) которууда орус тилиндеги эки компоненттүү сырдык сөздөр менен берүү шарт болуп калат, ал эми кыргыз тилинде да ошол эле ыкма колдонулат. (Particles+ Particle), эки компоненттүү сырдык сөздөр менен которулуп сөз түркүмдөрү гана алмашылат..

“- ***Well****-started Boston, in genuine surprise, involuntary flinching from Bazarbai’s raised fist*”[Ch. Aitmatov, The place of the skull, 2000: 237].

“-***Ну и ну!***- *искренне удивился Бостон, невольно отгораживаясь от Базарбая рукой. …*” [Ч. Айтматов, Плаха, 1989: 214].

“- ***Ой-тооба!*** *– Базарбайдан аргасыз өзүн колу менен калкалап жатып чын дилинен таң калды Бостон…*” [Ч. Айтматов, Кыямат, 1988: 263].

Мында англис тилинде ***Well*** тактооч болуп, сырдык сөз катары контексттин жардамы менен таң калууну көрсөтүп жатат, ошондуктан семантикалык анализ жасоо менен биз текстте сырдык сөздүн катылып жаткандыгын жана башка дагы купуя функциялардын табылышына шарт түзүлөрүн билдик. Айрым бир шарттарда ички сезим сырдык сөздөр менен гана берилбестен, кандайдыр бир башка сөз түркүмдөрүнөн да болушу

ыктымал. Ал эми орус тилинде болсо ***ну*** деген бөлүкчө редупликация формасында айтылып, эмоцияны күчөтүп жатат. Кыргыз тилиндеги сүйлөмдө ***Ой-тооба!***, ***ой*** сырдык сөз жана ***тооба*** зат атоочтон туруп, тобо кылуу деген маанини билдирип, өзүнчө сүйлөмдү түзөт да, илеп белгиси менен берилет. "*Тауба"* деген сөз ислам түшүнүгүндө күнөө кылбай кудайга тооба кылгыла деген мааниде. Бул сүйлөмдө Бостон чын жүрөктөн тың калып турганы бизге түшүнүктүү. Демек, англис тилиндеги бир сырдык сөз орус жана кыргыз тилдерине эки сөз менен которулган.

5. Англис, орус тилдеринде бир компонентүү (Interj.) кыргыз тилинде болсо, бир аз башкачараак (бир нече сөздөн турат да, таза сырдык сөз жок болсо да каармандын ички сезими берилет).

"- ***We----el,*** *Petrushka's eyes bugled and he gave a fatuous whistle*"[Ch. Aitmatov, The place of the skull, translation of Natasha Ward, 2000: 83].

"-***Ого!*** *– вытаращил глаза Петруха и дурашливо присвистнул…*" [Ч. Айтматов, Плаха, 1989: 86].

"*Петруха көзүн алайтып, эрдин түтүктөй чүйрүп, башын кылжыңдатып үшкүрүп койду. …*"[Ч. Айтматов, Кыямат, 1988: 99].

Бул мисалды маанилик жактан талдоого алуу менен каармандын ички сезиминин өтө кызык ыкма менен которулганын байкасак болот. Англис тилинде сырдык сөздүк маани созолонуп айтылган бир тактооч сөз менен берилди, жогоруда айтылып өткөндөй, башка сөз түркүмдөрү да сырдык сөздөрдүн ролун аткара алат. ***We----el*** бул сөздө үндүү тамгалар созулуп айтылганы Петруханын өтө тың калгандыгын билдирет. Орус тилиндеги сүйлөмдө да ушуга окшош маани бир компоненттен турган тубаса сырдык сөз менен берилди жана өзүнчө илеп белгиси менен бүткөн сүйлөмдү түздү. Ал эми англис жана орус тилиндеги сырдык сөздүн тың калуу маанисин кыргыз тилине которгондо «көзүн алайтып» жана «үшкүрүп койду» деген сөз айкаштары менен гана билдирилди. Бул жерден биз бул кандай эмоциялык абал берилгендигин каармандын абалын байкоо менен гана биле алабыз. Демек, айрым учурларда англис жана орус тилдериндеги сырдык сөздөр

кыргыз тилинде берилбей калышы ыктымал. Жогорудагы мисалдан алардын башка бир сөз же сөз айкашы менен берилип калышынын мүмкүндүгү да бизге маалым болду.

6. Англис тилинде бир компоненттүү (Interj.) сырдык сөзорус жана кыргыз тилдерине бир компонент (Adv.)= (Interj.) менен которулган. Орус тилинде тактооч сырдык сөздүн ролун аткарат.

- "***Geewhillikins,*** *Isaid "but what does the rest of it mean?*" [M. Twain, The adventures of Huckleberry Finn, 1956: 512].

"***–Здорово!*** *- говорю. - А все остальное-то что значит?*" [М.Твен, Приключения ГекльберриФинна, перевод Аникиной, 1997: 253].

"***-О-мий,*** *укмуш экен! – дедим мен. Ал эми калгандары эмнени билдирет?*" [Твен М., Хеклберри Финндин жоруктары, 2011: 325].

Англис жана орус тилинде курамы боюнча бир компоненттен турган сырдык сөз кыргыз тилинде үч сөз менен которулган. Англис тилинде ***Geewhillikins*** эки сөздөн турган татаал сырдык сөз ***Gee*** тубаса жана ***whillikins***туунду сөздөрдөн турат. Оксфорддун [Webster's New International English Dictionary] сөздүгү боюнча экөө тең таң калууну билдирген сырдык сөздөр, ***whillikins*** деген сөздү сүйлөмдүн эмоциялык маанисин күчөтүү максатында ***Gee*** сөзүнө кошуу ыкмасы колдонулду. Ал тургай, Оксфорддун сөздүгүндөгү маалымат боюнча, бул сөз XIX кылымда Америкада өтө популярдуу сөз болгон. Кээ бир жерлерде бул сөз Иерусалимдин синоними катары түшүнүлүп, *Jesus* сөзүнүн ордуна колдонулган [blog. oxforddictionaries.com]. Бул сөз сүйлөмдүн башында келип, тырмакчага алынып, үтүр менен ажыратылат. Орус тилинде ***Здорово!*** деген тактооч бул сүйлөмдө сырдык сөздүн кызматын аткарат жана туунду сөз болуп эсептелет. Мындай учуларда өзүнчө сүйлөмдү түзөт жана илеп белгиси менен берилет. ***О-мий укмуш экен!*** деген сүйлөм , бир компонент сырдык сөздөн турат, бирок бул сөзгө кошумча болуп сын атооч жана этиштин атоочтук формасы колдонуулат. Бул сүйлөм толугу менен бир сырдык сөздүн маанисин берет да, күчтүү эмоция жазууда илеп белгиси менен билдирилет.

7. Англис, орус тилдеринде бир компоненттүү (Noun), кыргыз тилинде бир компоненттүү (Interj.) сырдык сөз которулган.

“- ***Pity***…” [Ch. Aitmatov, The place of the skull, translation of Natasha Ward, 2000:257].

“***-Жаль***...” [Ч. Айтматов, Плаха, 1989: 227].

“***- Кап****… толук билбейт экенсиң да*…” [Ч. Айтматов, Кыямат, 1988: 282].

Бул мисалдарда англис, орус жана кыргыз тилдеринде бир сөз менен которулган сырдык сөз өзүнчө сүйлөмдү билдире алат. Англис тилиндеги ***Pity!*** зат атоочу бул сүйлөмдө сырдык сөздүн кызматын аткарат да, өкүнүүнү билдирген туунду сырдык сөздөргө кирет. Бул сөз XIII кылымда *pite, pitet* сыяктуу эски француз тилинен келген сөздөр жана аёону, симпатияны, ак көңүлдүктү билдирет [www/etymonline.com\index]. Орус тилиндеги ***Жаль!*** деген зат атооч да сырдык сөздүн ролун аткарып турат жана боор оорууну билдирет. Ал эми кыргыз тилинде ***Кап!*** тубаса сырдык сөзү кейүү, кыжалат болуу маанисин түшүндүрөт.

8. Англис, орус, кыргыз тилдеринде бир компоненттүү(Interj.) сырдык сөз берилген.

“- ***Alas!***”[M. Twain, The adventures of HuckleberryFinn. 1956: 379].

“-***Увы!***”[М. Твен, Приключения ГекльберриФинна,1997, перевод Аникиной, 1997:104].

“***-Аттиңай!***” [Твен М., Хеклберри Финндин жоруктары, 2011:161].

Бул формалдуу структураларда үч тилде тең бир эле сөз менен кейүү эмоциясынын берилгенин байкайбыз. Англис тилиндеги ***Alas*** деген тубаса эмоционалдуу сырдык сөз алгач латын тилинен келген да “lassus”- чарчаган деген маанини билдирет [Webster’s New International English Dictionary]. ***Увы*** байыркы орус тилинде ***оувы*** сөзүндө колдонулган жана “кайгы” деген маанини билдирген. Бул контекстте дагы өкүнүүнү билдирип, өзүнчө бир сүйлөмдү түзөт. Ал эми кыргыз тилинде ***Аттиңай*** эмоционалдуу, бир маанини берген сырдык сөздөргө кирип, кейүүнү билдирет. Бул

аттиңсырдык сөзүнө ***-ай*** мүчөсү уланып күчтүү созулган эмоцияны билдиргенге жардам берет да, ***атаганат*** сырдык сөзү менен маанилеш [Грамматика киргизского литературного языка, 1987:341].

9. Англис, орус тилдеринде бир компоненттүү (Interj.) сырдык сөз кыргыз тилинде эки компонент жардамы менен которулган (Interj.+ Interj.)

"-*Hours.* ***Ouch!*** *Oh, don't stir so, Sid you'll kill me*" [M. Твен, The adventures of Tom Sawyer, 1991: 44].

"-*Несколько часов.* ***Ой!*** *Ради бога, не ворочайся, Сид. Ты просто погубишь меня*" [М. Твен, Приключения Тома Сойера, 1999: 42].

"-*Бир нече саат болду.* ***О кокуй!*** *Оонабачы, Сид, мени тумчуктуруп өлтүрөсүң*" [Марк Твен, Том Сойердин жоруктары, 1996: 55].

Бул кырдаалда үч тилде тең чочулаган, тынчы кеткен маани эмоционалдуу жана тубаса сырдык сөздөр менен берилген. Үч тилде тең сүйлөмдүн ортосунда келет жана мааниси боюнча өздөрүнөн мурда жана кийин турган сөздөр менен байланышы бар. Англис жана орус тилинде бир компоненттен турган жактырбоо эмоциясын билдирген сырдык сөз менен берилип турат. Ал эми кыргыз тилинде ***О, кокуй*** сырдык сөздөрү менен берилүүдө. Бул сырдык сөздөр үч тилде тең оозеки кепте көтөрүңкү интонация менен айтылып, жазууда илеп белгиси коюлат.

10. Англис, кыргыз тилдеринде бир компоненттүү(Interj.)сырдык сөз орус тилине үч компонент менен которулган (Pron. + Pron. + Adverb.)

"-*The widow,* ***hey?*** *- and who told the widow she could put in her shovel about a thing that ain't none of her business* [M. Twain, The adventures of Huckleberry Finn, 1956, 5-chapter].

"-*Вдова?* ***Вот оно как!*** А *кто этой вдове позволил совать нос не в свое дело?*[М. Твен, Приключения ГекльберриФинна, 1997, перевод Аникиной, глава 5].

"-*Жесир аялбы,* ***ыя?*** *Ал эми ошол жесир аялга башка бирөөнүн ишине кийлигишүүгө ким уруксат бериптир?*" [Твен М., Хеклберри Финндин жоруктары, 2011, 5-бап].

Бул мисалдарда англис жана кыргыз тилдериндеги сырдык сөздүк маани бир тубаса эмоционалдык сөз менен берилди да, сүйлөмдүн аягында келди. Ал эми орус тилинде өзүнчө үч компоненттен шилтеме ат атооч, ат атооч жана тактоочтон турган толук сүйлөм менен берилген. Англис тилиндеги ***hey*** латын тилинен келген сөз, ал кайгыны же коркууну билдирет. Орто доордогу англис тилинде мергенчилер бул сөздү иттерди айдоодо колдонушкан [www. Etymonline. com]. Кыргыз тилинде ы***я*** = ***я*** деген сөз жөнөкөй, көп маанилүү сырдык сөздөргө кирет жана Кыргызстандын Түндүгүндө кеңири колдонулат. Бул сөздү кыргыздар бири-бирин укпай же түшүнбөй калганда, айрым бир учурларда какшыктаганда да колдонушат. Кээ бир учурларда бул сөз суроолуу сүйлөмдөрдө кездешет, ошондой эле суроолуу-илептүү сүйлөмдө да болушу ыктымал. Мындай сырдык сөздөр катышкан сүйлөмдөрдүн эмоционалдуу мааниси күчөйт [Грамматика киргизского литературного языка,1987]. Пунктуация жагынан алганда, англис жана кыргыз тилдеринде суроо белгиси коюлган болсо, ал эми орус тилинде сүйлөм илеп белгиси менен бүтүп жатат.

11. Англис тилиндеги бир компоненттүү (Adverb) сырдык сөз орус тилине эки компоненттүү (Pron+Pron) жана кыргыз тилине үч компоненттүү(Interj. +Interj. + Particle) болуп которулат.

“***Well,*** *I say, I think they are a pack of flatheads for not keeping the palace themselves’ stead of fooling them away like that*” [M. Twain, The adventures of Huckleberry Finn, 1956: 260].

“***-Вот что,-*** *говорю я,- по-моему, все они просто ослы, если не оставят этот дворец себе, вместо того чтобы валять дурака и упускать такой случай*”[М. Твен, Приключения Гекльберри Финна, 1997, перевод Аникиной,1997: 33].

“***-А кокуй десе***! - *дедим мен, - анда алабарман жандар го, эгерде сарайды ушунча жашап жүрүп колунан алдырып жиберишсе*”[Твен М., Хеклберри Финндин жоруктары, 2011: 23].

Мында англис тилинде ***Well*** тактооч болуп, сырдык сөз катары колдонулуп, контексттин жардамы менен толкунануу эмоциясы көрсөтүлүп жатат, ошондуктан ага семантикалык талдоо жасоо менен сүйлөмгө сырдык сөздөрдүн катышышы башка дагы кошумча функцияларды, башкача айтканда, көркөм эмоционалдык боекторду билдире тургандыгын байкайбыз. Айрым бир учурларда ички сезим (кубануу, көтөрүңкү көңүл, кайгыруу, өкүнүү, таң калуу, чочуу, суктануу ж.б.) сырдык сөздөр менен гана берилбестен, кандайдыр бир башка сөз түркүмдөрү аркылуу берилиши да мүмкүн. Бул көп маанилүү сырдык сөз болгондуктан, берилген контекстте толкунануу эмоциясы менен түшүндүрүлөт.

Кыргыз тилинде эки сырдык сөз жана *десе* этиштин шарттуу ыңгайынан турган бир толук сүйлөм сырдык сөздүн функциясын аткарат да, жазууда илеп белгиси менен ажыратылып турат. Демек, англис тилиндеги бир компоненттен турган сырдык сөз кыргыз тилинде сүйлөм менен берилиши да мүмкүн.

12. Англис, кыргыз, орус тилдеринде бир компонентүү сырдык сөздөр колдонулган (Interjection).

"- ***Why,*** *myboy, you are all out of breath. Did you come for your interest?*"

[M. Twain, The adventures of Huckleberry Finn, 1956: 262].

"***-Ну,*** *милый ты совсем запыхался. Ведь ты пришел за процентами?*"

[ТвенМ., Приключения Гекльберри Финна, перевод Аникиной, 1997: 34].

"***-Ий,*** *балам, демигип алыптырсыңго, - деди ал. - Үстөгүңө келдиңби?*"

[М. Твен, Хеклбери Финндин жоруктары, 2011: 26].

Англис тилиндеги ***Why*** тактооч бул контекстте сырдык сөздүн ролун аткарып турат, демек, жогоруда айтылып өткөндөй, сырдык сөздөр ар кандай сөз түркүмдөрү аркылуу да берилиши мүмкүн. Бул сөз сүйлөмдүн башында келип, маниси боюнча суроолуу боекко ээ болуп турганын байкайбыз. Бул кырдаалда орус тилиндеги ***Ну*** бөлүкчөсү сырдык сөздүн ролун аткарып, сүйлөмдүн башында келип, үтүр менен ажыратылат. Кыргыз тилинде болсо ***Ий*** деген жөнөкөй, эмоционалдуу сырдык сөз менен берилип, англис жана

орус тилдериндегидей сүйлөмдүн башында турат. Бул жерден үч тилде тең сырдык сөздөр компонеттик курамы, сүйлөмдөгү орду жана пунктуациялык белгилери боюнча толугу менен окшош экендигин байкасак болот.

13. Англис, кыргыз тилдеринде бир компоненттүү (Interjection=Adverb) сырдык сөз орус тилине үч компоненттүү (Interj+Pron+Verb) фраза менен которулган.

"- ***Huh!*** *We know who'sin the lolly, don'twe. Anyway, what can I do for you?*" [Ch. Aitmatov, The place of the skull, translation of NatashaWard, 2000: 46].

"-***А ты думал!*** *Мы, брат, тоже знаем, у кого денег куры не клюют. А тебе чего, чавыча?*" [Ч. Айтматов, Плаха, 1989: 51].

"-***Ананчы!*** *Мен арабалуу жүрөмүн, кимисинде акча барын билемин. Жумушуңду айт."* [Ч.Айтматов, Кыямат, 1988: 51].

Англис тилинде ***Huh*** деген эмоционалдык тубаса сырдык сөз контекстке карай ар кандай айтылышы мүмкүн [hə], [hΛh], [hα]. Бул сөз дүйнө жүзүндө эң кеңири таралган сөз болуп эсептелет. Мындай үч тыбыштан турган кыска сөз болсо дагы өтө универсалдуу жана көп маанилүү. Бул сөз иронияны, тастыктоону, ырастоону, мактоонуу, нааразычылыкты ж.б. эмоцияны билдириши мүмкүн. Бул сөз сүйлөмдүн башында, аягында жана ортосунда да келе берет. Толугу менен изоморфтук көрүнүш болуп кыргыз тилинде да бир ***ананчы*** деген компонент менен берилип жатат. Англис жана кыргыз тилинде өзүнчө сүйлөмдү түзүп, илеп белгиси менен айырмаланып турат. Англис жана кыргыз тилдеринде бир компонент менен берилсе, ал эми орус тилинде ***А ты думал!*** деген жөнөкөй толук сүйлөм менен берилүүдө. Бул сүйлөм төмөнкү компоненттерден турат: сырдык сөз, ат атооч жана этиш, ошондой эле синтаксистик жактан ээ жана баяндооч, негизги мүчөлөрү бар жөнөкөй сүйлөм. Демек, бул кырдаалда бир жөнөкөй сүйлөм сырдык сөздүн функциясын аткарып тургандыгына биз күбө болуудабыз.

14. Англис, кыргыз, орус тилдеринде бир компоненттүү (Interjection).

“- *E’enso?**Puh!***” [W. Shakespeare, The tragical History of Hamlet, 1985: 89].

“- *И он также пахнул?**Фу!***”[У. Шекспир, Гамлет, 1989: 230].

“- *Ушуга окшоп сасыды да, мырзам?* ***Түү!***” [В. Шекспир, Гамлет, С. Жусуевдин котормосу, 1983: 190].

Бул формалдуу структурада үч тилде тең сырдык сөз сүйлөмдүн аягында келет жана өзүнөн кийин илеп белгиси коюлат. Демек, өзүнөн мурда келген сүйлөмдү аныктап, аны менен маанилик жактан байланышып турат. Англис тилиндеги ***Puh!*** деген эмоционалдык, тубаса сырдык сөз. Бул сөз Э. Тейлордун айтуусу боюнча, эски индоевропалык тилдерде жийиркенгендикти жана эң жаманды билдирген ***Pooh! Fie!*** деген сырдык сөздөр болгон. Санскрит тилинде ***puy*** деген этиш сасуу жана жаман жыттанууну билдирген, ошондой эле ***piy*** “жек көрүү” жана ***pu*** “шайтандын жыты” деген маанини берет. Зулу тилинде *inyama iti pu* деген сөз “эски эт пуу дейт” сасуу, ал эми Квике тилинде ***puh, poh*** деген сөздөр “жаман болуп кетүү” деген маанини билдирет [Edward Burnett Tylor, 1871: 179]. Демек, биз мындан бул сырдык сөз санскрит тилине таандык экендигин биле алабыз. Орус тилинде ***Фу!*** физиологиялык жактан жийиркенген жана жаман жыттанууну билдирет жана эмоционалдык сырдык сөздөргө кирет. С.О. Карцевскийдин айтуусу боюнча, бир гана ***Фу*** жана ***Тьфу*** жергиликтүү орус сөздөрү болуп эсептелинет жана алардын составында ***ф*** тамгасы орус тилине гана таандык [Карцевский С.О., Введение в изучение междометий, Вопросы языкознания, 1984, №6]. Кыргыз тилиндеги ***Тү*** деген сырдык сөз жөнөкөй жана эмоционалдуу сырдык сөздөргө кирет да англис жана орус тилдериндегидей эле жийиркенүүнү, жипкирүүнү, жактырбоону жана көңүл калууну туюндурат. Бул кырдаалда сырдык сөздөрдүн үч тилде тең структура, семантика жана сүйлөмдөгү орду боюнча толук окшоштуктары бар деп айта алабыз.

15. Англис, кыргыз тилдеринде бир компоненттүү (Interjection) сырдык сөз орус тилине эки компоненттен турган сөз менен которулган (Particle + Pronoun).

“- *Ernazar, - said Boston, before dropping off to sleep,” feel that cold-**brrr!***” [Ch. Aitmatov, The place of the skull, translation of NatashaWard, 2000: 257].

“-*Эрназар, - сказал уже перед сном Бостон, - холод-**то какой!** Чувствуешь, как пробирает!*” [Ч. Айтматов, Плаха, 1988: 281].

*“-Эрназар, - деди Бостон уктаар алдында. Сууктун күчүн карачы! Сөөктөн өтчүдөй, **ыя?***” [Ч. Айтматов, Кыямат, 1989: 227].

Англис тилинде сууктун катуулугу күчтүү сезимдик формада айтылганын байкасак болот. Англис тилине которгондо ***brrr!*** сөзү колдонулат жана Бостондун өтө катуу үшүгөнүн үнсүз тыбыштардын катарлашып келгенинен билебиз. Жогоруда айтылып өткөндөй, үндүү жана үнсүз тыбыштардын созулган жана катар келген формасы күчтүү эмоциянын белгиси болуп эсептелет. Орус тилинде болсо сырдык сөз колдонулбай эле, ал «какой» ат атооч жана “то” күчөтмө бөлүкчөдөн турат. Мында *холод* деген сөздөн кийин күчөтмө бөлүкчөсү келип, канчалык даражада суук экенин сезебиз. Ал эми кыргыз тилинде болсо “ыя” бөлүкчөсү сырдык сөздүн ролун аткарып турат. Бул бөлүкчөнүн суроолуу мааниси бар жана жактырбаган маанини билдирген экспрессивдүү боекко ээ. Мындай бөлүкчөсү бар сүйлөмдөр суроолуу-илептүү болуп мүнөздөлөт да, жазууда үтүр менен ажыратылат [Грамматика киргизского литературного языка, 1987: 393]. Бул “сөөктөн өтчүдөй” деген өтмө маанидеги образдуу сөздөр дагы сырдык сөзгө кошумча болуу менен сууктун күчүн тастыктап турат. Демек, үч тилде тең мындай учурларда сырдык сөздөр түзүлүшү жана сүйлөмдүн аягында келгендиги менен окшошуп тургандагы бизге даана көрүнүп турат. Мындан улам, сырдык сөздөрдүн жайгашуу орду, аткарган кызматы, тыныш белгилери боюнча үч тилдин ортосунда орчундуу деле айырмачылыктар жок деп жыйынтык чыгарууга болот.

16. Англис, кыргыз, орус тилдери (Interj.) бир компоненттүү.

“- ***Oh-o!*** *I think I see.*[M. Twain, The adventuresof Huckleberry Finn, 1956:265].

“***-О-о!****Кажется, понимаю.* [ТвенМ., Приключения Гекльберри Финна, перевод Аникиной, 1997: 35].

“***-И-и!*** *Мен эми түшүндүм го.* [М. Твен, Хеклбери Финндин жоруктары, 2011: 27].

Бул мисалдарда үч тилде тең сырдык сөздөр окшош созолонгон үндүү тыбыштар менен сүйлөмдүн башында келгендигин жана ошондой эле илеп белгиси аркылуу көтөрүңкү интонация менен айтылып жаткандыгын көрүп турабыз. Бул сырдык сөздөр эмоционалдык, көп маанилүү жана жөнөкөй сөздөргө кирет. К. К. Юдахиндин [1957: 443] жана Оксфорддун [1993: 427] сөздүктөрүнүн аныктамасы боюнча адамдын ички сезимин билдирген сөздөрдү сырдык сөздөр деп билебиз. Кыргыз тили илиминде мындай сөздөргө бекеринен “сырдык сөздөр” деген терминдик ат берилген эмес. Сырдык сөздөр аркылуу баяндоочунун же каармандын окуяга, ар кандай жагдайга, башка каарманга карата мамилеси, ички сезими, деги эле анын маанайы (ички сыры) ачык, так жана эмоционалдуу түрдө берилет. Алар аркылуу окуя, ар түрдүү маанайдык жагдайлар, чыгармадагы каармандардын абалы көркөм жана түшүнүктүү чагылдырылат.

17. Англис, кыргыз тилдеринде бир компоненттүү (Interj), орус тилинде эки компоненттүү (Paricle+Particle) .

“- ***Oh****, that is all very fine to say…*”[M. Twain, The adventuresof Huckleberry Finn, 1956:255].

“- ***Ну да,****тебе хорошо говорить…*” [ТвенМ., Приключения Гекльберри Финна, перевод Аникиной, 1997: 28].

“- ***Ооба,*** *сага, муну айтып коюш оңой…*”[М. Твен, Хеклбери Финндин жоруктары, 2011: 15].

Англис тилинде ички сезим, балдардын ою жөнөкөй, эмоционалдуу жана көп маанилүү сырдык сөз менен которулуп турат. Орус тилинде болсо

Ну, да деген бөлүкчөлөр биригип сырдык сөздүн ролун аткарып турат. Кыргыз тилинде ***Ооба*** бөлүкчөсү сырдык сөздүн кызматын аткарып, көп мааниге жетишет. Демек, үч тилде тең сырдык сөз сүйлөмдүн башында келип, үтүр менен ажыратылып турат. Негизи кыргыз тилинде "ооба" ырастагыч бөлүкчө, бирок, ал "сага" жактама ат атоочу менен айкалышып келип какшык маанисине айланды. Бул сөз айкашы аркылуу каармандардын туңгуюк ойго кептелгени, айлаларын таппай калгандыгы даана көрүнүп турат.

18. Англис тилинде бир компоненттүү (Interj)сырдык сөз орус тилине үч компоненттүү (Particle+Pron+Pron),ал эми кыргыз тилине эки компоненттүү (Interj.+Interj.) фраза менен которулган.

"- ***Shucks,*** *it ain't calling you anything*" [M. Twain, The adventuresof Huckleberry Finn, 1956:328].

"-***Да что ты,*** *это неругань*" [Твен М., Приключения Гекльберри Финна, перевод Аникиной, 1997:109].

"-***Ыя, кокуй***, *ал сени эч кандай сөккөнү жок да*"[М. Твен, Геклеберри Финндин жоруктары, 2011: 91].

Англис тилиндеги ***Shucks*** көп маанилүү, жөнөкөй, эмоционалдык сырдык сөз. Бул сөздүн этимологиясына көңүл бурсак, ал бир нече маанини билдирет. *To strip (off) one's clothes* "бирөөнүн кийимин чечүү" же болбосо "бирөөнү алдоо" (1848), англо-африкалык слэнг болуп 1957 жылы музыканы импровизациялоо деген маанини; 1800 жылдары кара кулдар жүгөрү тазалоонун сезонунда кыйкырып, ак адамдарга карата өздөрүн каршылыгын жана өзүн коргогон сезимдерин билдиришкен; *to be shucked out* "жеңилүү" деген маанилерге ээ [online etymology dictionary, Douglas Harper]. Азыркы күндө сөздүктөрдө уялуу, таң калуу ж.б. эмоцияларды билдирет. ***Да что ты*** деген орус тилиндеги сөз айкашы сырдык сөздүн ролун аткарып турат да, үч компоненттен турат: бөлүкчө жана эки ат атооч. Кыргыз тилинде болсо ***Ыя, кокуй*** эки компоненттен турган сырдык сөздөр колдонулуп, бул ***кокуй*** деген сөз өтө көп маанилүү сырдык сөздөргө кирет жана бирөөнү жемелөө, капа

болуу, кайгыруу жана арга кетүү сыяктуу эмоцияларды билдирет. Үч тилде тең бул сөздөр сүйлөмдө бирдей позицияны ээледи, сүйлөмдүн башында туруп, үтүр менен ажыратылды да, өзүнөн кийинки турган сөздөрдүн маниси менен тыгыз байланышта болду.

19. Англис тилинде бир компоненттүү (Interj.) сырдык сөз берилген, орус тилинде үч компоненттүү (Pron.+Verb+Pron.) жана кыргыз тилинде эки компоненттүү (Particle-Pron.) сөздөр менен которулду.

“- ***Gosh!***”*said Matt.*“*I always insisted that wolf was a dog* [J. London, WhiteFang, 1976: 244].

“- ***Вот, подижь ты***!- *воскликнул пораженный Мэтт. Я всегда говорил, что это волк, а не собака*” [Д. Лондон, Белый клык, 1990: 261].

“- ***Мына сага!*** *- деп ийди таң калган Мэтт. –Мен муну ит эмес, карышкыр деп дайым айтчу эмес* белем” [Ж. Лондон, Ак Азуу, Б. Маранын котормосу, 2011: 133].

Бул формадагы англис тилиндеги бир компонент менен которулган сөз жөнөкөй, эмоционалдык сырдык сөздөргө кирет. Вебстердин сөздүгүндө бул сөз маниси боюнча ант менен бирдей экендиги маалым [Webster’s Third New International Dictionary, 1993: 981]. Индоевропалык Удалл тилинде *Gosse* деген сөз болгон экен, ал эми 1750-60 жылдардагы эски англис тилинин доорунда бул сөз *God* деген сөз менен маниси бирдей деген маалымат Wikipedia online dictionary сайтынан маалым болуп турат. Бул көп маанини билдирген сөз жана бул контекстте ишендирүү эмоциясын билдирет. Кыргыз тилине которгондо “Кудай акы” деген сөз айкашына туура келиши мүмкүн, бирок орус тилинде “ради Бога” деген сөз айкашы абдан кеңири колдонулганы менен биз айткан “Кудай акы” сөз айкашы кыргыз тилинде жыш колдонула бербейт. Бул котормодо түп нускадагы “ради Бога” деген сөз айкашы “мына сага” деп айтылган. *Мына* - шилтеме ат атооч, *сага* - жактама ат атооч, эки ат атооч айкашып келип, ат атоочтук маанилерди эмес, ашыкча таң калууну билдирип калды. Орус тилинде мындай сырдык сөздүн мааниси толук жөнөкөй сүйлөм менен берилүүдө. Мындай маани кыргыз жана орус

тилдеринде эки жана үч сөз менен берилип турат. Сүйлөмдөгү орду боюнча үч тилде тең сүйлөмдүн башында туруп, илеп белгиси менен ажыратылды.

20. Англис тилинде бир компоненттүүсырдык сөз тактооч менен которулган (Adverb) орус тилине эки компоненттүү (Particle+Pron.)болуп которулган, ал эми кыргыз тилинде эки компоненттүү (Particle+Pron.) фразаны көрө алабыз.

"- ***Well,*** Henr***y****...Bill stopped for a moment, in order that his words might gain greater significance*" [J. London, WhiteFang, 1976: 102].

"-***Так вот****… Билл сделал паузу, чтобы придать больше веса своим словам*"[Дж. Лондон, Белый клык, 1990: 118].

"-***Мына сага****… Сөзүм олуттууракболсун деп Билл бир аз тыным жасады*" [Дж. Лондон, Ак Азуу, Б. Маранын котормосу,2011: 11].

Буга чейин айтылып өткөндөй, кээ бир тексттерде ар кандай сөз түркүмдөрү сырдык сөздөрдүн кызматын аткарып калышы мүмкүн. Мында англис тилинде ***Well*** тактооч болуп, сырдык сөз катары контексттин жардамы менен ойлонууну көрсөтүп жатат, ошондуктан сөздөргө семантикалык талдоо жасоо менен сырдык сөздөрдө катылып жаткан эмоционалдуу-боектуу, экспрессивдүү жана баяндоочтук же каармандын сезимдик маанайын чагылдырган маанилерди таба аларыбызга толук көзүбүз жетти. Айрым бир шарттарда ички сезим сырдык сөздөр менен гана берилбестен, кандайдыр бир башка сөз түркүмдөрү да болушу ыктымал экендиги буга чейин айтылып өттү. Орус тилинде сырдык сөздүк маани ***Так вот*** сөз айкашы менен берилип, бул жерде *так* - тактооч жана *вот* - бөлүкчөдөн туруп, эки компонент бар. *Вот* деген сөз кыргыз тилине ушундай эле которулуп, *мына* деген шилтеме ат атооч менен берилди. Ага *сага* - жактама ат атоочу айкалышып келбегенде, сырдык сөздүк маани толук берилбей калаар эле, ушул сөз айкашы аркылуу каармандын бир күтүүсүз окуяга кабылганы же оюна келбеген кабарды укканы жана бир аз толкунданып алганы контекстсиз эле байкалып турат. Синтаксистик жактан үч тилде тең бирдей көрүнүш болду: мындай сөздөр сүйлөмдүн башында туруп, алардан

кийин көп чекит коюлган. Демек, үч тилде тең мааниси боюнча бүтпөй калган ой бар экендиги билинип турат. Кийинки келген сүйлөмдөр башында берилген ойду аяктап жана толуктай тургандыгы бизге түшүнүктүү болууда.

21. Англис, орус тилдеринде бир компоненттүү (Interj) сөз кыргыз тилинде үч компоненттүү (Interj+Interj+ Interj.) сырдык сөз менен которулган.

"-***Oh,*** *I didn't know what I was doing*[M. Твен, The adventures of Tom Sawyer, 1991: 54].

"-***Ох,*** *я сам не понимал, что делаю!*" [М. Твен, Приключения Тома Сойера, 1999:65].

"-***Ий, кокуй ай****, эмне кылгынымды өзүм да билбейм*" [М. Твен, Т. Мадылбайдын котормосу, Том Сойердин жоруктары, 1996: 61].

Англис тили менен орус тилинде сезимди билдирүүчү мааниси окшош бир компоненттен турган жөнөкөй эмоционалдык сырдык сөз менен которулду. Англис тилиндеги эң кыска жана өтө кеңири таралган ***Oh*** сырдык сөзү көп мааниге ээ, бул сүйлөмдөгү маани-мазмунду кеңейтип турат. Англис тилинин орто доорунда (ME) бул сөз [a:] деген тыбыш менен берилген жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн натыйжасында азыркы англис тилинде [o] деген тыбыш менен колдонулат [Wikipedia online dictionary]. Орус тилиндеги ***Ох*** көп маанилүү, бирок жөнөкөй жана эмоционалдык сырдык сөз. Англис жана орус тилдеринде бул контекстте адекваттуу котормо берилген; бирдей форма, маани жана айтылышы боюнча бири-бирине дал келип турат. Бул сүйлөмдөрдө сырдык сөздөр сүйлөмдүн башында келип, үтүр менен ажыратылып турат. Ал эми кыргыз тилинде болсо, сырдык сөздүк маанинин үч сөз менен берилгенин байкайбыз: "Ий", "ай" жана "кокуй". Бул үч сырдык сөз эмоция күчөтүлгөн формада берилип жаткандыгын билдирет. Демек, англис жана орус тилинде бир эле сырдык сөз колдонулган болсо, кыргыз тилинде бул сүйлөмдө сырдык сөздөр үч сөз менен берилгени анык көрүнүп турат. "Ий" менен "ай" чочуп кеткендикти, күтүүсүздүктү билдирсе, "кокуй" ошол окуянын өкүнүчтүүлүгүн, кейигендикти чагылдырды.

22. Англис, орус тилдеринде бир компоненттүү (Interj) сөз кыргыз тилинде үч компоненттүү (Noun+Particle+Verb) фраза менен которулган.

“- ***Now****, bitch, one more peep from you and I’ll squash you like a cockroach*” [Ch. Aitmatov, The place of the skull, translation of NatashaWard, Plaha, 2000: 206].

“-***У,*** *сука, попробуй у меня вякни еще, раздавлю, как гниду!*” [Ч. Айтматов, Плаха, 1988: 225].

- ***У-у энеңди гана урайын,*** *канчык,азыр кың деп көр, талпагыңды ташка жая салам!*” [Ч. Айтматов, Кыямат, 1989: 187].

Англис жана орус тилдеринде бир компонент менен берилген жөнөкөй сырдык сөз сүйлөмдүн башында келип, үтүр менен ажыратылып турат. Мында англис тилинде ***Now*** тактооч болуп, сырдык сөз катары контексттин жардамы менен коркутууну билдирип жатат, ошондуктан берилген сырдык сөздөргө жана аны менен айкалышып келген сөздөргө семантикалык талдоо жасоо менен Базарбайдын ошол учурдагы ички сезимин, маанайын гана эмес жалпысынан анын кандай орой, адамгерчиликсиз экендигин, анын аялына жасай жүрчү мамилесин да даана байкай алабыз, сырдык сөздөрдүн артыкчылыгы да дал мына ушунда. Орус тилинде ***У*** сүйлөмдүн башында келип өзгөчө бир интонацияга ээ жана киринди сөздүн ордун ээлегендиктен модалдык касиети да бар. Ошентип, бир гана тыбыштан турган бул сөз сүйлөмдүн мааниси менен байланышып турат. Модалдык функцияга интенсификация функциясы жакын болуп турат; мындай интенсификация өзгөчөлүгү сөздүн позициясына карата болот. Ал сөз аныктаган сөздүн алдында туруп, ошол сөздү белгилеп турат, же синтаксистик позицияга түшүп, сүйлөмгө көз каранды болот. *Сука* сөзүнүн алдында туруп, аны аныктап турат. Ал эми кыргыз тилинде төрт сөз менен берилип турат: сырдык сөз, зат атооч, бөлүкчө жана этиш. Бул сөз айкашы «***У-у, энеңди гана урайын, канчык***» деген оозго алгыс сөздөрдүн колдонулушу менен каармандын жинденген абалы көзгө даана элестеп турат, мындай учурда андан ар кандай жаман иштерди күтүүгө болгонун билебиз. Негизинен,

кыргыз тилинде да, орус тилинде да канчык, *сука* деген сөз *ит, собака* деген сөздөргө караганда адамга бир топ катуу тиет жана кыскача берилген сырдык сөздөрдүн терс маанисин бир топ күчөтүп турат. Үч тилде тең сырдык сөздөр сүйлөмдүн башында турат жана үтүр менен ажыратылат.

23. Англис, кыргыз, орус тилдеринде бир компоненттүү (Interj) сырдык сөз.

"- ***Here,*** *thou incestuous damned Dane…*"[W. Shakespeare, The tragical History of Hamlet, 1985: 100].

"- ***Вот****, блудодей, убийца окоянный!*" [У. Шекспир, Гамлет, 1989: 245].

"- ***Ме,*** *сен канкор, жүзү кара, шерменде…*"[В. Шекспир, Гамлет, С. Жусуевдин котормосу, 1983: 217].

Бул мисалдарда үч тилде тең бир компоненттен турган сырдык сөз сүйлөмдүн башында келет жана үтүр менен белгиленет. Англис тилинде ***Here*** тактооч болуп контекстте сырдык сөздүн ролун аткарат жана жактырбоо эмоциясын билдирет. Орус тилинде ***Вот*** шилтеме ат атооч сырдык сөздүн функциясын аткарат. Кыргыз тилинде ***Ме*** сүйлөмдүн башында келет, ал эми аягында да бир ***шерменде*** сөзү кошулуп эмоцияны күчөтүү формасында айтылганы байкалат. Демек, үч тилде тең кырдаалга жараша башка сөз түркүмдөр да сырдык сөздөрдүн кызматын аткарышы толук ыктымал.

24. Англис, кыргыз, орус бир компоненттүү (Interj.) сырдык сөз берилген. Бул сөз көбүнчө дүйнө жүзүндө жалпы адамзаатка тиешелуу болгон универсалдуу сырдык сөздөргө кирет.Айтылышы, мааниси да жагынан окшош сөздөр деп айтабыз.

"- ***Sh!***" [M. Твен, The adventures of Tom Sawyer, 1991:59].

"-***Тсс!*** *Слушай*" [M. Твен, Приключения Тома Сойера, 1999:62].

"-***Чшш!***"[M. Твен, Том Сойердин жоруктары, Мадылбайдын котормосу, 1996: 60].

Англис тилинде ***Sh*** жөнөкөй, императивдүү, бир маанилүү сырдык сөз. Бул жөнөкөй шуулдама тыбыштардан турган сөз эски Индоевропалык

тилдерде көбүнчө чымчыктарды чочутуу же болбосо, адамдарды тынчтыкка чакырган тыбыш катары колдонулган. Катлин Сиекс индиялыктардын тобу өлгөн шерифтин сүрөтүнө жакындап, колдорун ооздоруна тийгизип ***hush-sh!*** деп шыбырашкан деп эскерет. Сейлондогу байыркы Веддахс элдери жана байыркы Европада ***iss!*** деген сөз нааразычылыкты билдирген, ал эми Хибрю тилинде ***sharak! to hiss*** “they hiss him from his place” “алар аны ордунан кууп жиберишти” деген маанини берген. Латын тилинде ***silere*** жана Гот тилинде ***silan*** “silence” сөздөрүнүн тынчтандыруу деген түшүндүрмөсү бар. [Edward Burnett Tylor, Primitive Culture,1871:178], [Catlin, “North American Indians”, 39, 15].

Демек, *s* тыбышы “silence” тынчтандыруу деген сөздөн улам пайда болгону бизге маалым болууда. Орус тилинде ***Тсс!***жөнөкөй, императивдүү, бир маанини берген сырдык сөз, бул сөз англис тилиндегидей жалаң үнсүз тыбыштардан турат жана тынчтыкка чакырган, буйрук формасында айтылган сөз. Кыргыз тилинде ***Чшш!*** англис жана орус тилдериндегидей эле тынчтыкка чакырган, акырын сүйлөгүлө же сүйлөбөй тургула дегенди билдирген үнсүз тыбыштардын тобу.

25. Англис жана кыргыз тилдеринде бир компоненттүү (Interj.) сырдык сөз орус тилинде эки компоненттүү (Interj+Noun)сөз менен которулган.

“- ***Yes***…*I realize that, ...*” [Ch. Aitmatov, The day lasts more than a hundred years, translated by John French, 2000: 303].

“- ***Да-а, дела-а..***, - *растерянно протянул Едигей*” [Ч. Айтматов, И дольше века длится день, 1991: 343].

“-***Ушундай де…*** - *деп Эдигейдин айласы түгөндү*” [Ч. Айтматов, Кылым карытар бир күн, 1983: 338].

Үч тилде тең сүйлөмдүн башында келип бир гана компонент менен которулуп турат. Англис тилинде ***Yes*** Оксфорддун сөздүгүндө макулдукту билдирген сырдык сөз деп берилген [Oxford dictionary, 1993: 713]. Вебстер сөздүгүндө бул сөз француз тилиндеги ***gea+si*** эки компоненттен турган, буйрук формасындагы үчүнчү жак, жекелик түрүндөгү сөздү билдиргендиги

бизге маалым. Байыркы англис тилинин доорунда ***gese, gise*** болуп, орто доорго келгенде ***yes, yis*** деген сөздөргө айланып калган деген маалымат бар [Webster New International dictionary, 1993: 265]. Орус тилиндеги ***Да-а,***байыркы славян тилинен келип чыккан (íva, εav, kaí) - латын тилде ***da*** "да", чех тилинде ***da*** "поистине, конечно", поляк тилинде ***da*** "с тем чтобы" ж.б. Ошондой эле индоевропа тилдеринде шилтеме ат атоочтор менен да салыштырылат ***da*** "его", "ее". Бул контекстте ***а*** үндүү тамгасы бир аз созулган формада берилип, күчтүү эмоцияны билдирет. Ал эми кыргыз тилинде ***Ушундай де*** эки компоненттен турат: шилтеме ат атооч жана жардамчы этиш. Бул эки сөз биригип сырдык сөздүн кызматын аткарат, демек, ар кандай сөз түркүмдөрү сырдык сөз болушу ыктымал деп дагы бир жолу айта алабыз. Үч тилде бул сөздөрдөн кийин көп чекит коюлуп турат, бүтпөгөн ойду сүйлөмдүн кийинки бөлүгүндө көрө алабыз. Пунктуациялык жактан да, маанилик жактан да үч тилден тең окшоштуктарды байкайбыз. ***Ушундай де*** деген сырдык сөздүк мааниден түздөн-түз түшүнүгүндө "мен айтканды кайтала" дегендикти эмес такыр арга түгөнгөндүктү, айтарга сөз табылбай, көрөргө эч бир чара калбагандыкты түшүнөбүз. Жыйынтыктап айтканда, кыска гана эки сөздөн турган сырдык сөздүк мааниден эмне деген гана туңгуюк жана оор көйгөйлүү абалдын жаралгандыгын түшүнө алабыз!

26. Англис, кыргыз, орус тилдеринде бир компоненттүү (Interj.) сырдык сөз менен которулган. Жалпы элдин коркуу сезими бирдей айтылганын байкай алабыз.

"-*It's devil-fire.**Oh**, Tom, this is awful*" [М. Твен, The adventures of Tom Sawyer, 1991:64].

"-*Это адский огонь!**Ой,**как страшно!*"[М. Твен, Приключения Тома Сойера, 1991: 65].

"-***Ой-уй,*** *Том, иттей коркунучтуу экен*" [Марк Твен, Том Сойердин жоруктары, Т. Мадылбайдын котормосу,1996: 68].

Бул мисалдардан толук изоморфтук структураларды байкайбыз. Үч тилде тең жөнөкөй, тубаса жана эмоционалдуу сырдык сөз менен коркуужана

чочулоо эмоциясы берилген. Кыргыз тилинде эки сырдык сөз дефис менен берилип жатат. Ошондой эле синтаксистик жактан дагы сырдык сөздөр бирдей позицияда турат. Үч тилде тең бул сөздөр сүйлөмдүн башында келип, үтүр менен ажыратылды. Орус тилиндеги сырдык сөз (междометие) ***Ой*** деген жөнөкөй сөз аркылуу берилсе, кыргыз тилинде ***Ой-уй*** деген жамдама кош сөз (татаал сөз) аркылуу туюндурулду, бирок эки тилдеги сырдык сөздөрдүн ортосунда маанилик жактан орчундуу айырма болгон жок. Кыргыз тилиндеги варианттагы сырдык сөз бир жуптан турганы менен ал бир гана компонент жана бир түшүнүк катары кабыл алынат.

27. Англис, кыргыз тилдеринде бир компоненттүү (Interj.)сырдык сөзү орус тилинде эки компоненттүү (Particle+Particle) сөз менен которулган.

“- ***Oh***, *that’sallveryfinetosay…*” [M. Twain, The adventuresof Tom Sawyer, 1956: 255].

“-***Ну да***, *тебе хорошо говорить…*” [М. Твен, Приключения Тома Сойера, перевод Г. Аникиной, 1997: 28].

“- ***Ооба,*** *муну айтып коюш оңой…*”[М.Твен, Том Сойердин жоруктары, 2011: 15].

Англис тилиндеги мисалда жөнөкөй, көп маанилүү, эмоционалдык сырдык сөз сүйлөмдүн башында келип, үтүр менен ажыратылып жатат. Ал эми орус тилинде эки компоненттен турган сөз сүйлөмдүн башында келип, үтүр менен бөлүндү. Орус тилиндеги эки бөлүкчө биригип сырдык сөздүн кызматын аткарды. Бул тилде ***Ну да*** негизинен, бир ойду бекемдөө маанисин билдиргени менен бул жерде таптакыр башка маани берилүүдө. Контексттен кандайдыр татаал жагдай жаратылганын, аны каармандын толук түшүнбөй тургандыгын, баяндоочу бул ишке аяр мамиле жасоо зарылдыгын баса белгилеп жаткандыгын туюнабыз. Толук маани, түзүлгөн туңгуюк абал толук текстте чагылдырылары бышык. Кыргыз тилиндеги ***Ооба*** бөлүкчөсү да сырдык сөздүн ролун аткарып жатат. Анын маани-маңызы да дал эле орус тилиндегидей, аны кайталап отуруунун зарылдыгы жок. Демек, бул мисалдарда үч тилде тең изоморфтук көрүнүш бар деп айтсак болот.

28. Англис, кыргыз, орус тилдеринде бир компоненттүү (Interj.)

“-***Lord***, *Tom, they’recoming! They’re coming, sure. What shall we do?*” [M. Twain, The adventuresof Tom Sawyer, 1956:58].

“-***Господи***, *Том, ониидут! Это они! Чтонамделать!*” [М. Твен, Приключения Тома Сойера, перевод Г. Аникиной, 1991: 62].

“-***Ээ,*** *Том, ошолорго! Ошолордун өзү. Эмне кылабыз эми?!*” [Марк Твен, Том Сойердин жоруктары, Т. Мадылбайдын котормосу1996: 72].

Англис тилиндеги ***Lord*** жөнөкөй, көп маанилүү, тубаса, эмоционалдуу сырдык сөз, сүйлөмдүн башында келет жана үтүр менен ажыратылат. Бул сөз байыркы англис тилинде *hlāford, lovered* деген формалада болгону бизге малым болду [Webster, 1993: 1337]. Эски француз тилинде дагы анын *loaf+weard* “коргоочу, сактоочу” деген мааниси болгон. Демек, бул сөз күчү бар адамды билдирип, кудай деген сөздүн варианты катары колдонулат. Орус тилинде ***Господи*** зат атоочу сырдык сөздүн ролун аткарат, демек, бул субстантивдешкен зат атооч деп да айтсак болот. Орус тилинде да сырдык сөз сүйлөмдүн башында келип, үтүр менен белгиленип жатат. Англис жана орус тилдеринде кудайга байланыштуу улуу сөз колдонулду, чындыгында, адам баласы башына күч келгенде, айласын таппай калганда кудайды эстеп, ага жалынып жана сыйына баштайт эмеспи (башы оорубагандын кудай менен иши жок). Кыргыз тилинде мындай улуу сөз колдонулбай, коркуу, чочулоо, арга таппай калуу ***Ээ*** деген жөнөкөй эле сырдык сөз менен берилүүдө. Бирок да, бир эле созулма тыбыш менен кооптонууну, эми кандай болот деген тынчсызданууну толук берүүгө болот. Балким, контекстке карап кыргыз тилиндеги сүйлөм ичине ушундай сырдык сөз туура келер.

29. Англис, кыргыз, орус тилдеринде бир компоненттүү(Interj.)

“- *Lord will remain unchanging and eternal!* ***Amen.***” [Ch. Aitmatov, The place of the skull, translation of Natasha Ward, 2000: 72].

“- *А господь пребудет неизменно и вечно!* ***Аминь.***” [Ч. Айтматов, Плаха 1989: 78].

“- *Кудай-талаа түпкүлүктүү жана да түбөлүктүү!* ***Омийин!***” [Ч. Айтматов, Кыямат, 1988: 88].

Бул мисалдан толук изоморфтук кубулушту көрө алабыз, үч тилде тең сырдык сөз катары бирден компонент которулганн. Фонетикалык жактан сырдык сөз катары берилген сөздүн айтылышы толук окшоштукта берилип жатат, сөздөрдүн башында бир гана тыбыштан айырма берет, кыргыз тилинде [о] жана англис менен орус тилдеринде [а]. Синтаксистик жактан дагы сырдык сөз үч учурда тең сүйлөмдүн аягында келет. Ал эми пунктуациядан бир айырмачылыкты көрөбүз; англис жана орус тилдеринде чекит турса, ал эми кыргыз тилинде илеп белгиси коюлган. Байыркы грек тилинде ***Amen*** “***άμήν”***, иврит тилинде болсо אמן“туура, ошондой болсун”, батыш Европада лат. ***amen*** – намаздын аягында айтыла турган сөз [Энциклопедический словарь Брокгауза и Ефрона, 1890-1907]. Мусулман дининде ***Āmīn*** (араб) мааниси иврит тилиндегидей эле болот. Байыркы орус тилиндеги чыгармаларда да ***аминь*** деген чындык, ушундай эле болсун деген маанини билдирген [Православная богословская энциклопедия. - СПб.: Издание Петроград, 1900 - т. 1]. Берилген мисалдарда бул сырдык сөздөрдүн маанисин өздөрүнөн мурда келген сөздөр дагы тастыктап жатышат. Демек, үч тилде тең бирдей мааниге ээ, тыбыштык жактан гана айырмаланган жөнөкөй сырдык сөздөр катышкан деп айтсак жаңылышпайбыз. Алардын мааниси жактан окшоштугунун себеби бул сөздүн диний түшүнүктү билдиргендигинде болуп жатат.

30. Англис, кыргыз тилдеринде бир компоненттүү (Interj) сырдык сөз орустилине которулганда эки компоненттүү (Interj+Verb.) сөз менен которулду.

“- *So you intended to ride to the fair? Riding Sarala,****eh?***” [The day lasts more than a hundred years. TranslatedbyJohnFrench, 2000: 295].

“- *Так значит, ты на ярмарку собрался, На Сарале верхом?* ***Так, погляди!***” [Ч. Айтматов, И дольше века длится день, 1991: 332].

“- *Жарменкеге барасың,* ***ээ****? Сараланы минип барасын,* ***ээ!****? Карап тургун эмесе!*” [Ч. Айтматов, Кылым карытар бир күн, 1983: 263].

Кыргыз жана англис тилдеринде бир жөнөкөй, көп маанилүү, эмоционалдуу сырдык сөз берилген. Синтаксистик позициясы боюнча сүйлөмдүн аягында келди жана суроо белги менен ажыратылды. Англис тилиндеги ***eh*** сөзүнүно озеки кепте эки формасы бар алар: “э” жана “эй”. Бул сырдык сөз көбүнчө Түндүк Американын Канада мамлекетинде кеңири таралган, ал тургай Англиянын айрым аймактарында да (Мичиган жана Пенинсула) колдонулат экен [Wikipedia]. Бирок ушуга окшош сөз башка өлкөлөрдө да колдонулууда (мисалы, Армения, Кытай, Испания, Корея, Турция ж.б.). Демек, аны интернационалдуу сырдык сөз деп айтууга болот. Ал эми орус тилинде, эки компонент ***Так, погляди!*** менен берилип, сүйлөмдүн аягында келип, жазууда илеп белгиси коюлду, себеби бул жерде ушундайбы, кара деген сөздөр сырдык сөздөргө өтүп, күчөтүү интонациясы менен айтылды жана кээкердөө, какшыктоо, керек болсо жазалоо маанисин билдирүүдө. Натыйжада ***так*** тактооч жана ***погляди*** этиштен туруп сырдык сөздүн кызматын аткарды. Үч тилде тең сырдык сөздөр сүйлөмдүн аягында келип, жогоруда аталган маани-мазмундар берилди. Сырдык сөздөрдүн артыкчылыгы да мына ушунда, англис тилинде “эх”, кыргыз тилинде “ээ” деп коюу менен гана контексттин жардамы аркылуу кандай күчтүү эмоция берилди. Керек болсо, Раймалы акын менен Бегимай сулуунун трагедиялуу өлүмүнүн башталышы ушул болду.

31. Англис(Interj.), орус (Adverb), кыргыз (Verb) тилдеринде бир компоненттүүсөздөр аркылуу которулган.

“- ***Hi-yu***, Major! *Matt shouted warningly, but too late*”[J. London, White Fang, 1976: 231].

“-***Назад,*** *Майор! - крикнул Мэтт, но уже было поздно*” [Дж. Лондон, Белый Клык, 1990: 249].

“-*Майор,* ***кет!*** *- деп кыйкырды Мэтт, бирок кеч болуп калган эле*” [Ж. Лондон, Ак Азуу, Б. Маранын котормосу, 2011:124].

Англис тилиндеги ***Hi-yu*** сырдык сөзү айрыкча Америкада кеңири колдонулат. Бул сырдык сөз жөнөкөй, эмоционалдуу, көп маанилүү жана тубаса сөздөргө кирет жана көбүнчө формалду эмес кырдаалдарда адамдарга салам берүүнү билдирет. Бул сүйлөмдө болсо "аркага кет" деген маанини берет, демек, бул сөз көп мааниге ээ экендигине күбө болуудабыз. Сүйлөмдө бул сөз башында турат жана үтүр менен ажыратылды. Орус тилине которгондо ал маани ***Назад*** деген тактооч менен берилип, сүйлөмдүн башында турат жана ал да үтүр менен ажыратылат. Ал эми кыргыз тилинде ***кет*** деген буйрук формадагы этиш колдонулган жана бул сөз сүйлөмдүн аягында келди. Демек, үч тилде тең ички сезим, ошол мезгилдеги жагдай көтөрүңкү интонация менен баяндалып, пунктуациялык жактан жазууда илеп белгиси менен белгиленип, сырткы түрү боюнча окшошуп турат. Бул сүйлөмдө коркуу, шашылуу сырдык сөз аркылуу берилсе, орус тилине которулганда ал маани артка деген орун тактооч аркылуу туюндурулду. Ал эми кыргыз тилинде котормочу бул абалды берүүгө ***кет*** буйрук этиши аркылуу жетишкен. Демек, ар кандай коркунучтуу, кайгылуу, кубанычтуу ж.б. жагдайларды сырдык сөздөрдү колдонбой деле тиешелүү интонация менен берүүгө болот (жазууда керектүү тыныш белгилери коюлат) деген жыйынтыкка келүүгө туура келет.

2.2. Англис тилиндеги 2 компонентүү сырдык сөздөр жана алардын орус жана кыргыз тилдеринде берилиши .

Б) Модель 1 - Эки компоненттүү сырдык сөздөр

1. Англис тилинде эки компоненттүү (Preposition-Interjection) сырдык сөз орус тилинде эки компоненттүү (Noun+Verb), кыргыз тилинде эки компоненттүү(Noun+Particle) сөздөр менен которулган.

"-***By hookey;*** *that's so, Tom!*" [M. Twain, The adventuresof Tom Sawyer, 1956: 58].

"-***Черт возьми***, *а, правда, Том!*" [М. Твен, Приключения Тома Сойера, 1999: 66].

“-*Чын эле,Том,* ***кудай акы****, туура сөз!*” [Марк Твен, Том Сойердин жоруктары, Т. Мадылбайдын котормосу,1996: 63].

Англис тилинде британ англис тилинин ***By*** предлогу менен архаикалык формадагы ***hookey*** сырдык сөзү берилген. Бул сөз көп маанилүү, жөнөкөй, сырдык сөздөргө кирет. Сүйлөмдүн башында келип, үтүр менен ажыратылды. Ал эми орус тилинде сырдык сөздүк маани негизги сүйлөм мүчөлөрдөн турган толук сүйлөм катары берилип, эмоция күчөткөн формада айтылганын көрсөк болот. Демек, мында толук сүйлөм сырдык сөздүн кызматын аткарып жатат. Мындан улам сырдык сөздөрдүн кызматын ар кандай сөз түркүмдөрү эле эмес, толук сүйлөмдөр да аткарышы мүмкүн деп белгилөөгө болот. Анткен менен, ***Черт возьми*** – шайтан алгыр көбүнесе туруктуу сөз айкашы түрүндө келип, анын компоненттери сейрек түрдө алмашат. Кыргыз тилинде болсо, сырдык сөздүк маани эки зат атооч сөздөн турат. Сүйлөмдүн ортосунда келип, эки жагынан үтүр менен ажыратылды. Орус тилинде таңдануу “шайтан алгыр” деген терс маанидеги сөз айкашы менен берилсе, кыргыз тилинде бул маани ***кудай акы*** деген оң маанидеги сөз айкашы аркылуу чагылдырылды. Мындан каармандын бирдей эле эмоциялык абалы, баяндалып жаткан жагдай оң маанидеги да, терс маанидеги да сөздөр, сөз айкаштары аркылуу берилиши мүмкүн деп айтууга болот. Мисалы, биз келтирген орус тилиндеги сүйлөмдө жек көрүндү шайтан сөзү колдонулуп, шайтан алгыр (черт возьми) деп айтылса, кыргыз тилиндеги котормодо “кудай акы” деп берилди.

2. Англис, орус, кыргыз тилдеринде эки компоненттүү (Noun+Noun) редупликация формасында берилген(reduplication).

“- ***Wormwood, wormwood!***” [W. Shakespeare, Two tragedies, 1985: 54].

“- ***Полынь, полынь!…***”[У. Шекспир, Гамлет, 1989: 185].

“- ***Бекер сөз! Бекер сөз!***” [В. Шекспир, Гамлет, С. Жусуевдин котормосу, 1983: 110].

Бул мисалда эки сөз редупликация формасында берилип, үч тилде тең бирдей компоненттер менен туюндурулуп турат. Англис тилиндеги

Wormwood сөзү бул тилдин орто доорунда (ME) *worm + wode, wermode* деген сөздөрдөн чыккан даамы ачуу өсүмдүктүн атын билдирген экен [Webster dictionary, 1993: 2636]. Демек, бул сөз адамдын аябай кейигенин же болбосо өкүнгөнүн билдирет. Бул сөз зат атооч болуп, сырдык сөздүн кызматын аткарат. Бул сүйлөмдө аталган сырдык сөз күчтүү интонация менен айтылып, жазууда илеп белгиси менен жазылды.

Изоморфтук кубулушту орус тилине жасалган котормодон байкасак болот. Орус тилинде да түп нускадагы ачуу өсүмдүктүн атын билдирүүчү сырдык сөз маанисиндеги сөз түздөн-түз ***Полынь***-*эрмен* деген ачуу өсүмдүктүн аты менен берилип, адамдын өтө капа болгонун түшүндүрүп калды. Бул сөз орус тилинде да зат атоочко кирет жана редупликация формасында колдонулду. Англис жана орус тилдеринде өсүмдүктү билдирген сөз колдонулса, кыргыз тилинде болсо сын атооч жана зат атооч сөздөрдүн айкалышы менен берилүүдө. Кыргыз тилинде да редупликация формасы байкалат жана илеп белгиси коюлат. Түп нускадагы ачуу өсүмдүктүн атын билдирүүчү сырдык сөз маанисиндеги сөздү орус тилиндегидей түздөн-түз “эрмен-эрмен” деп которгондо таптакыр туура келбейт болчу, себеби кыргызча жалган же жаман сөз эч качан өсүмдүктүн аты менен аталбайт. Шарт-жагдайга жараша (катуу сын, ачуу сөз укканда, кандайдыр себеп менен жыгылганда) чалкан чаккандай секирди, уу коргошун ичкендей сулк жыгылды сыяктуу салыштыруулар берилиши мүмкүн. Кыргыз тилиндеги котормосунда деле ойдун образдуу жана көркөм берилиши үчүн сырдык сөздүк маани “***Бекер сөз! Бекер сөз***” деп берилген. Бекер бул жерде өтмө мааниси менен берилди, мында кеп сөздүн бекердиги тууралуу болуп жаткан жок, негизи сөз сатылбайт. Мында сөз кайсы бир маалыматтын туура эмес берилгендиги, жалган жалаа болгондугу же калп айтылгандыгы тууралуу болуп жатат.

3. Англис тилинде эки компоненттүү (Abbriviated Pron+Pron) фраза сырдык сөздүн ролун аткарат, орус жана кыргыз тилдеринде бир компоненттүү (Interj.) сырдык сөз менен которулат.

“- ***That’s it!?***”[Ch. Aitmatov, The day lasts more than a hundred years, Translated by John French, 2000: 309].

“- ***Вот-вот!***”[Ч. Айтматов, И дольше века длится день, 1991: 343].

“- ***Ошол!***” [Ч. Айтматов, Кылым карытар бир күн, 1983: 274].

Англис тилинде сырдык сөз толук сүйлөм формасында берилүүдө: ээ жана предикат ***it.*** Бул сүйлөм илеп белгиси менен бүтөт. Ал эми орус тилинде ***Вот–вот*** шилтеме ат атооч (указательное местоимение) сырдык сөздүн функциясын аткарат. Бул сүйлөмдө сырдык сөз тастыктоону билдирүү менен бирге, редупликация формасында берилди. Кыргыз тилинде ***Ошол*** шилтеме ат атооч сырдык сөздүн ролун аткарат деп айтсак болот (нагыз таза сырдык сөз болбосо да). “Ошол” бул жерде жөнөкөй гана шилтеме ат атооч катары жай интонация менен эмес күчтүү басым менен айтылды жана жазуу жүзүндө илеп белгиси коюлду. Бул жерде *ошол* сөзү кандай мааниде жана кандай жагдайда айтылгандыгы, каармандын же баяндоочунун кандай абалда жана маанайда экендиги жалпы тексттен даана байкалат. Сырдык сөздүк маанилер үч тилде тең өзүнчө сүйлөмдү билдирип, оозеки кепте күчтүү интонация менен айтылып, жазуу түрүндө илеп белгиси коюлду.

4. Англис тилинде эки компоненттүү(Adjective+Noun) == орус тилинде (эки компоненттүү (Interj.+Noun), кыргыз тилинде эки компоненттүү (Noun+Verb). Компоненттик структура боюнча бирдей, бирок ар кандай сөз түркүмдөру менен которулган.

“- ***Great guns****, this is ago!” says the king*” [M. Twain, The adventuresof Huckleberry Finn, 1956:412].

“- ***Ах черт****, вот так шутка! – сказал король*” [ТвенМ., Приключения Гекльберри Финна, перевод Аникиной, 1997: 186].

“- ***Атаңын көрү-ү****, ушундай да болот экен, а!?*” [М. Твен, Геклеберри Финндин жоруктары,2011: 233].

Англис тилинде эки компонент менен берилүүдө, сын атооч жана зат атооч, бул эки сөз биригип бир сырдык сөздү билдирет. Ал сырдык сөз көп маанини берет, тубаса жана эмоционалдуу сырдык сөздөргө кирет.

Сүйлөмдүн башында турат жана үтүр менен ажыратылат. Орус тилинде болсо, жөнөкөй эмоционалдуу сырдык сөз жана зат атооч бир сырдык сөздүк маанини түздү. Сырдык сөздүк топ сүйлөмдүн башында турат жана үтүр менен ажыратылды. Кыргыз тилинде болсо сырдык сөздү билдирген эки зат атоочтон турган фраза берилүүдө. Бул фраза өтө көп маанини берет жана кеңири колдонулган сөздөргө кирет. Негизи, ***көрү*** сөзү атаң деген зат атооч сөз менен гана айкалышат жана жогоруда айтылгандай, жагдайга жараша ар түрдүү максаттарда колдонулат. Баарыбызга белгилүү болгондой, "көр" дүйнөдөн өткөн адам коюлган жай. Бирок, "атаңдын көрү" кыргыз тилинде бирөөнү урушуу, сөгүнүү максатында эмес, мисал келтирилген сүйлөмдөн көрүнүп тургандай, негизинен, таң калган абалда, өкүнгөндө, кызыктуу учурга, күтүлбөгөн окуяга туш болгондо колдонулат.

5. Англис жана кыргыз тилдеринде эки компоненттүү (Adjective+Noun) =(Interj+ Interj.) сырдык сөздөр менен берилүүдө, орус тилинде бир компонент (Interj.) менен которулган.

"- ***Good land!****What are they doing there a purpose?*"[M. Twain, The adventuresof Huckleberry Finn, 1956:310].

"- ***Господи!*** *Как же они туда попали, скажи на милость?*» [ТвенМ., Приключения Гекльберри Финна, перевод Аникиной, 1997: 86].

"- ***Ококуй!****Аларга кандайча түшүп алды, кудай сактай көр?*"[М. Твен, Геклеберри Финндин жоруктары,2011: 102].

Англис тилинде эки компоненттен турган сөз айкашын байкайбыз, бул сүйлөмдө эки сөз биригип бир сырдык сөздүн маанисин берет. Сүйлөмдүн башында туруп илеп белгиси менен бөлүнөт. Орус тилинде болсо, сырдык сөз бир зат атооч сөз менен берилди да ал эмоционалдык маанайды, толкунданууну жана чочулоону билдирди. Бул жерде да сырдык сөздүк маани сүйлөмдүн башында келди жана илеп белгиси менен аяктады. Негизинен алганда, оозеки кепте ***Господи, боже мой*** сөздөрү кеңири учурап, айтылып өткөндөй, ашыкча таң калган учурларда, кээде кокусунан кубанычка туш болгондо колдонулат. Кыргыз тилинде эки сырдык сөз

берилүүдө, өзүнчө сүйлөмдү түзөт жана илеп белгиси менен белгиленип турат. ***Кокуй*** сырдык сөзү кыргыз тилинде ар кандай жагдайларда жана ар кандай максаттарда абдан кеңири колдонулат. Биздин оюбузча, *кокуй* сөзү жаман деген маанини билдирет, себеби, жаңыдан тили чыга баштаган балдарга жакшы деген сөздү "аяй", жаман деген маанини "кыкый" деп үйрөтөт эмеспизби. *Кокуй* сөзү *о кокуй, кокуй о-ой, кокуй күн, кокуй болду, кокуй жаным* ж.б. айкаштарда колдонула берет.

6. Англис тилинде эки компоненттүү (Adjective+Noun) сырдык фраза орус жана кыргыз тилдеринде бир компоненттүү сырдык сөздөр менен берилет (Interj.)

Мисалы :.

"- ***Poor devil***, Scott murmured" [J. London, White Fang, 1976: 231].

"-***Бедняга!*** Пробормотал Скотт" [Дж. Лондон, Белый клык, 1990: 249].

"-***Байкуш,*** - деп кобурады Скотт"[Ж. Лондон, Ак Азуу, Б. Маранын котормосу, 2011:123].

Англис тилинде сын атооч жана зат атооч менен берилген эки сөздөн турган сырдык сөз. Ал эми, орус жана кыргыз тилинде сырдык сөз бир сөз менен берилет. Ал сөз зат атоочко кирет жана сырдык сөздүн ролун аткарат. Англис жана кыргыз тилдеринде үтүр менен бөлүнүп турат, ал эми орус тилинде илеп белгиси берилген. Орус тилинде да, кыргыз тилинде да *бедняга, бедный, байкуш, бечара* сөздөрү аёо маанисин билдирет. Бул жалаң гана кембагал, жаман жана оор күнгө туш болгон деген маани эмес жана бул сөздөр, негизинен, жакын көргөн, жок эле дегенде касташпаган, жаман көрбөгөн адамдарга карата колдонулат. Убагында кыргыз эл жазуучусу К. Жусубалиев А. Акаевге карата "Асаба" гезитине "бечара Президент" эпитети менен да макала жазган. Негизинен, жаман көргөн же кылмыш кылган адамга карата "мало тебе", "так тебе надо", "рас болуптур", "чала болуптур", "сага дагы аз"сөз айкаштары колдонулары баарыбызга маалым.

7. Англис тилинде эки компоненттүү (Adverb+Pron)сырдык фраза орус тилинде үч компоненттүү (Particle+Pron-Verb), кыргыз тилинде бир компоненттүү(Adverb).

“- ***Well, den****?Dad blame it, why doan” he talk like a man?*”[M. Twain, The adventuresof Huckleberry Finn, 1956:328].

“-***Ну, вот видишь!***”[ТвенМ., Приключения Гекльберри Финна, перевод Аникиной, 1997:92].

“-***Анакей!***” [М. Твен, Геклеберри Финндин жоруктары,2011: 110].

Англис тилинде тактооч жана ат атоочтон турган сөздөр сырдык сөздүн кызматын аткарды жана суроо белгиси менен белгиленди. Экинчи компоненти бала тили болгондуктан кыскартылып берилип турат деп божомолдойбуз. Орус тилинде сырдык сөздүк маани 3 компоненттен турган сөз айкашы менен берилди, биринчиси сырдык сөз, экинчиси шилтеме ат атооч (указательное местоимение), үчүнчүсү этиш. Ар бир сөздүн семантикалык маанисине токтолуп отуруунун кажети жок, алар ансыз деле жалпыга маалым. Болгону ал сөздөр ***вот видишь*** өздөрүнүн түз маанисин эмес баяндоочунун окуяга жана жагдайга жараша эмоционалдык мамилесин чагылдырып калды. Ал эми кыргыз тилинде бир эле сөздү көрөбүз, бул жерде орун тактооч сырдык сөздүн ролун аткарып турат. Бул сөз шилтеме ат атооч катары ***Анакей*** деп бир буюмду, нерсени же адамды көрсөткөн жок, абалдын кандайча болгондугун, окуянын күтүүсүздөн кандай өзгөрүүгө туш болгондугун билдирип жатат. Сырдык сөз диалогдук формада гана болуп баяндоочунун эмне үчүн “анакей” деп чочуп жаткандыгын кийинки жооптон же сүйлөмдөрдөн биле алабыз.

8. Англис тилинде эки компоненттүү (Adjective+Pron), орус тилинде эки компоненттүү (Pron+Adverb), кыргыз тилинде эки компоненттүү (Adjective+Particle) сөздөр менен которулган.

“-***Easy enough!***” [M. Twain, The adventuresof Huckleberry Finn, 1956,chapter 13].

“-***Очень просто...***” [ТвенМ., Приключения Гекльберри Финна, перевод Аникиной, 1997: 86].

“-***Жөнөкөй эле!***”[М. Твен, Хеклеберри Финндин жоруктары,2011:102].

Сырдык сөздүк маани англис тилинде сын атооч жана тактооч менен берилип турат да синтаксистик жактан номиналдуу предикативдик функцияны аткарды. Ал эми орус тилинде да сырдык сөз эки компоненттен турат, биринчи сыңары (компоненти) күчөткүч бөлүкчө (увеличительная частица) жана экинчи сыңары сын-сыпат тактооч (наречие признака). Кыргыз тилинде да сырдык сөздүк маани эки компоненттен туруп, биринчи сыңары сын атооч жана экинчиси чектегич бөлүкчө менен берилген. Тыныш белгилери боюнча ар кандай белгилер берилген: англис тилинде чекит, орус тилинде көп чекит, ал эми кыргыз тилинде илеп белгиси. Көпчүлүк чет өлкөлүк авторлордун чыгармалары кыргыз тилине орус тили аркылуу которулары талашсыз чындык. Мына ошондуктан да М. Твендин чыгармасындагы сырдык сөз орус тилинен кыргыз тилине түздөн-түз которулган. Орус тилинде да, кыргыз тилинде кандайдыр элес алууга арзыбаган же кыйынчылык жана көйгөй жаратпаган иш-аракет, окуя тууралуу сөз болуп жаткандыгы түшүнүктүү болуп турат.

9. Англис тилинде эки компоненттүү (Adverb+Noun) == орус тилинде эки компоненттүү(Noun+Verb) == кыргыз тилинде үч компоненттүү (Interj+ Noun+Aux. Verb). Үч тилде тең ар кандай сөз түркүмдөру катышкан, бирок бардыгы сырдык сөздөргө кирет.

“- ***Holly smoke!****Matt exclaimed*” [J. London, White Fang, 1976: 243].

“-***Черт возьми!*** - *воскликнул Мэтт*”[Дж. Лондон, Белый Клык, 1990: 261].

“-***О, шайтан десе!*** - *деп жиберди Мэтт*» [Ж. Лондон, Б. Маранын котормосу, 2011: 132].

Формалдык структурасынын түзүлүшү боюнча англис тилинде сын атооч жана зат атоочтон турган эки компоненттен түзүлгөн сырдык сөз берилди. Wikipedia сөздүгүндө бул сырдык сөз таңгалаарлык түшүнүктү

билдирет, ***smoke*** “түтүн” деп которулуп, үйдөн ак түтүн көрүнүп турат “жакшылыкка” деген маанини божомолдойт. Ал эми орус тилинде сырдык сөз фраза менен берилүүдө. Негизи, *черт возьми* орус тилинде абдан кеңири колдонулган сырдык сөздүк айкаш. Ал таң калганда да, чочуганда да, ыраазы болгондо да, нааразы болгондо да ж.б. ар түрдүү интонация менен колдонула берет. Кыргыз тилиндеги котормону алып көрсөк, бул жерде үч компоненттен турган сөз айкашын байкайбыз. Орус тилиндеги “черт возьми” “о шайтан десе” деп которулган, а чындыгында ал дээрлик дайыма “шайтан алгыр” деп которулса туура же адекваттуу котормо болот.

Эске алчу жагдай, кыргыз тилинде орус тилиндегидей нааразы болгондо, чочуганда, таң калганда ж.б. дээрлик *шайтан* сөзү колдонулбайт, деги эле кыргыздар шайтанды сейрек оозго алат. *Шайтан азгырып, шайтан жолдон чыгарып, шайтан сайып* ж.б. деген өкүнгөн, нааразы болгон маанини билдирүүчү сөз айкаштарын эске албаганда (булар да сырдык сөздүк мааниге ээ эмес) *шайтан* сөзү сырдык сөз катары ички сезимди билдирүү үчүн сейрек колдонулат деп ишенимдүү айта алабыз.

10. Англис тилинде эки компоненттүү (Interj+Interj)сырдык сөз орус тилинде үч компоненттүү (Interj.+Pron.+Pron.) жанакыргыз тилинде үч компоненттүү (Interj.+Interj.+Particle) фразалар менен которулган.

“***-Oh, shucks***, *I’ll be just as careful. Now let me try – I’ll give you the core of my apple*” [M. Twain, The adventuresof Tom Sawyer, 1956,chapter 2].

“***-Да что ты!***”[М. Твен, Т. Сойердин жоруктары,1999, гл. 2].

“***-Э кокуй десе***, *Том мен деле аракеттенем да. Берчи эми, мен да бир көрөйүн. Уксаң, мен сага алмамдын өзөгүн берейин*” [Марк Твен,Том Сойердин жоруктары, Т. Мадылбайдын котормосу1996, 2-бап].

Бул мисалдын формалдуу курамы төмөндөгүчө: Бул сүйлөмдө англис тилинде эки сырдык сөз берилди, ал эми орус тилинде болсо үч компоненттен турган сөз айкаш бир сырдык сөздүк маанини билдирип турат жана өзүнчө толук сүйлөмдү түзөт. Бул сырдык сөздөрдүн тобу бир бөлүкчөдөн (частица), сурама ат атоочтон (вопросительное местоимение),

жактама атоочтон (личное местоимение) турат да, аңгемелешүүчүсүнө же анын сөзүнө таң калгандыкты билдирет.

Кыргыз тилинде да сырдык сөздүк маани үч компоненттен турат да бир эле маанини билдирет. Англис, орус тилдериндегидей эле, сүйлөмдүн башында келип өзүнөн кийин турган сөздөрдүн маанисин аныктайт. Бул сырдык сөздүн мааниси орус тилинен кыргыз тилине “сага эмне болду” делип түздөн-түз которулган эмес да ***Э кокуй десе*** деп берилген. Мындагы негизги сырдык сөз *кокуйдун* мааниси буга чейин чечмеленип өткөн жана агы дагы кошумча токтолуп отуруунун кажети жок.

11. Англис тилинде эки компоненттүү (Interj.+Interj.)сырдык сөз орус тилинде эки компоненттүү (Interj.+Noun) кыргыз тилинде үч компоненттүү (Interj.+ Noun+Noun) сөздөр менен которулуп, редупликация формасында которулган.

“- ***Ye gods, ye gods!***” [Ch. Aitmatov, The place of the skull, translation of Natasha Ward, 2000, 134].

“-***Обоги, боги***!” [Ч. Айтматов, Плаха, 1989: 127].

“-***О, кудайлар, кудайлар!***” [Ч. Айтматов, Кыямат, 1988: 149].

Бул форма дагы сырдык сөздөр англис жана орус тилдеринде эки компоненттен (бир эле сөздүн эки жол кайталанышы) туруп редупликациялык ыкма менен берилди. Бул сырдык сөздүк маани аркылуу башына күч келген адамдын кудайга ишениими, андан колдоо суроосу көрсөтүлөт. Кыргыз элинде “Башы оорубагандын кудай менен иши жок” деген макал бар. Анын сыңарындай, *кудай, кудай* сөздөрү бекер айтылган жок, Таш чайнар менен Акбара жөн жеринен кудайга кайрылып жатпайт, алардын айла кеткендеги учурлары, бул сырдык сөздүк маани аркылуу алардын ички сезими, туңгуюк учурга капталгындыгы, айлаларынын алты кеткендиги, өз жашоолорун жана бөлтүрүктөрүн сактап калуу үчүн асманды карап улуп-уңшуп “ыйлап жаткандыгы” көзгө даана, элестүү жана көкөм көрүнөт. Сырдык сөздөрдүн жана сырдык сөз маанисиндеги сөздөрдүн маани-маңызы да дал ушунда.

12.Англис тилинде эки компоненттүү (Interj.+Interj.) сырдык сөз орус тилинде эки компоненттүү (Noun+Adj.), кыргыз тилинде эки компоненттүү (Interjection+Noun) сырдык сөз менен берилет.

“- ***Oh God***, *if you exist, how did you give such power to people?*”[Ch. Aitmatov, The day lasts more than a hundred years, TranslatedbyJohnFrench, 2000: 140].

“-***О господи,****если ты есть, как внушил ты такое людям*? **- *Слава всевышнему!***» [Ч. Айтматов, И дольше века длится день, 1991: 130].

“-***О жараткан***, *эгер сен бар болсон, адамдын арам ниетине ушуну кантип киргиздиң?*” [Ч. Айтматов, Кылым карытар бир күн, 1983: 128].

Англис тилинде сырдык сөздүк маани эки компонент менен берилүүдө, бир сырдык сөз жана зат атооч сырдык сөздүн кызматын аткарып турат. Алар сүйлөмдүн башында турат жана үтүр менен ажыратылды. Орус тилинде сырдык сөз маанилүү зат атооч сөздөр сүйлөмдүн башында жана аягында келген. Сүйлөм башында бир сырдык сөздүн милдетин аткарган ***О*** тыбышы жана ***господи*** зат атоочу берилип, сүйлөмдүн аягында да бир сырдык сөз ***Слава*** жана бир зат атооч (всевышнему) барыш жөндөмөсүндө колдонулууда. Негизинен, орус тилиндеги *господи* жана *всевышний* сөздөрү бирдей эле мааниде, бирок орунсуз кайталоо болбосун үчүн синонимдик варианттар колдонулган.

Кыргыз тилинде ички күчтүү сезим сырдык сөз менен зат атооч аркылуу берилди жана үтүр менен ажыратылды. Орус тилиндегидей сырдык сөз маанилүү сөз айкаштары сүйлөмдүн башында жана аягында келген жок, ал сүйлөмдүн башына гана ***О, жараткан***, деп коюлду. Каармандын “о, жараткан”, деп кудайга кайрылуусунун себеби, башкача айтканда, сырдык сөздүн сүйлөмдөгү мааниси жана колдонулуу максаты кийинки сүйлөмдөн даана байкалып турат. Негизи, кудайга нааразычылык билдирүүгө диндик ишеним боюнча мүмкүн эмес, ошондуктан да орус тилиндеги вариантта какшык маанисинде “слава всевышнему” деп гана коюлган, кыргыз тилине бул сөз айкаштары которулган эмес.

Үч тилде тең каармандын ички сезими, кайрылуулары маанилик жактан окшош, каарман башына оор күн келгенде кудайга кайрылат, андан 11-пункттагыдай эле жардам сурап кайрылат, адилеттиктин тургузулушун, адал максатына жетүүнү эңсейт.

13. Англис, орус, кыргыз тилдеринде эки компоненттен (Interj.+Interj.) турган сырдык сөз менен которулду.

"- ***Hi!-Hi!***"*and the clown cracking jokes behind him*" [M. Twain, The adventures of Huckleberry Finn,1956: 399].

"- ***Гип-гип!***" *а клоун за его спиной отпускал шуточки*" [Марк Твен,Приключения Гекльберри Финна, перевод Аникиной, 1997: 150].

"- ***Хоп-хоп!***" - *деп кыйкырып коюп маскоропозу болсо тигилерди шылдыңдап турат*"[Марк Твен, Хеклеберри Финндин жоруктары, 2011: 191].

Англис тилиндеги эмоционалдуу, бир маанилүү, тубаса сырдык сөз редупликация формасында берилген. Ал сүйлөмдүн башында келип илеп белгиси менен ажыратылды. Англис тилинин орто доорунда ***hy*** деп берилген сөз бирөөнүн көңүлүн буруу деген мааниге ээ болгон [Webster dictionary, 1993: 1065]. ***Hep–hep*** деген сөздүн кайсы сөздөн келип чыккандыгы тууралуу көп божомолдор бар. Алардын ичинен немец чабандары малды айдоодо колдонгон деген пикир бизге маалым болду [Wikipedia, online dictionary]. Азыркы учурда ар кайсы тилде колдонулат, мисалга алсак, италия, немец, француз ж.б. тилдерде жактырууну билдирет да, ар кандай шаңдуу маарекелерде айтылат.

Ушундай эле мааниде орус тилиндеги котормосунда ***Гип-гип*** деген тууранды сөздөрдөн (подражательные слова) жасалган сырдык сөз бар. Бул тууранды сөздү маскарапоз кайсы бир добушту тууроо менен пайдаланып, өз маанайын билдирүүдө. Демек, мында сырдык сөздүк маани тууранды сөздөрдөн жасалды, маскарапоз жөн гана бир добушту кайталаган жок, ал башкалардын сезимине таасир этип жатат жана аларга карата өз мамилесин билдирүүдө.

Ал эми кыргыз тилинде сингармонизм закону, кыргыз тилинин тилдик өзгөчөлүгү боюнча ***Хоп*** деп берилди. Бул тууранды сөз кыргыз тилинде сейрек колдонулат, тууранды сөздөрдүн айырмасы – бирдей эле жаныбардан, канаттуудан жана нерседен чыккан добуш ар кайсы тилдерде түрдүүчө айтылгандыгында. Үч тилде тең пунктуациялык жактан изоморфтук кубулушту байкайбыз, сырдык сөз тырмакчага алынып, илеп белгиси менен ажыратылып турат жана редупликация формасында берилген.

14. Англис тилиндеги эки компоненттуу (Interj.+Inter.) сырдык сөздөрдүн орус жана кыргыз тилдеринде дагы эки компоненттүү сырдык сөздөр менен которулат.

"-***Buz, buz!*** "*Then came each actor on his ass*"[W. Shakespeare, The tragical History of Hamlet, 1985: 39].

"-***Кш, кш!****По чести моей* "*И каждый ехал на осле…*" [У. Шекспир, Гамлет, 1989: 168].

"-***Ку-куу!****Келишти*" [В. Шекспир, Гамлет, С. Жусуевдин котормосу, 1983: 79].

Англис тилинде ***Buz*** деген эмоционалдуу, тубаса, бир маанилүү сырдык сөз. Бул сөз эски британдык англис тилине кирет да, бирөөнүн кыжырына тийүү маанисинде колдонулган [Webster, 1993: 306]. Бул сүйлөмдө да Гамлеттин айланадагы адамдарга өзүн жиндиликке салып, башкалардын кыжырына тийгени билдирилип турат. Бул сөздү орус жана кыргыз тилдерине которгондо ***Кш, кш*** жана ***Ку-ку*** деген тыбыштардан жасалган тууранды сөздөр менен берилген. Үч тилде тең изоморфтук кубулушту байкайбыз, сырдык сөз сүйлөмдүн башында илеп белгиси менен ажыратылып, редупликация формасында берилген. Бирок кыргыз тилинде дефис менен жазылган. Мында да 14-пункттагыдай эле ички сезим, башкаларды мазактоо, алардын кыжырына тийүү тууранды сөздөр аркылуу берилди. Тийиштүү маани берилбегени менен тууранды сөздөрдүн да семантикалык мааниси абдан кеңири, адамга карата колдонулган тууранды сөз аркылуу анын кыймылын, боюнун узундугун, арык-семиздигин, басыгын,

дене түзүлүшүн, мүнөзүн жана маанайын байкоого болот. Мисалы, *дардайып кирип келди* дейли, мындан анын узун бойлуу, семиз, курсагы чыккан, чоң-чоң кадам шилтеген, керек болсо, ала көөдөн адам экендиги байкалат. Тескерисинче, тартайган десек анын буту-колу узун, арык адам экендиги билинет. Зыңкыйган деген элес тууранды сөз болсо оң маанилүү, ал мүчө-бою келишкен, оор басырыктуу адамга карата колдонулат.

15. Англис, орус тилдеринде эки компоненттүү (Interj.+Interj.) сырдык сөздөр кыргыз тилинде үч компоненттүү (Interj.+Interj.+Noun) сырдык сөз менен которулган.

“ - ***Alas, alas****, our poor brother-gone, and we never got to see him*. [M. Twain, The adventures of Huckleberry Finn, 1956:413].

“-***Увы, увы!****Бедный брат!*” [М. Твен, Приключения Гекльберри Финна, 1997: 172].

“-***Йа, кокуй күн!****Кара көзүм кашайдыбы? Йа шордуу жаным!* [М. Твен, Хеклеберри Финн, 2011: 208].

Англис тилиндеги түп нускада кейүү эмоциясын билдирген ***Alas***, бир маанилүү, эмоционалдык сырдык сөзү бул сүйлөмдө колдонулуп, редупликация түрүндө турат. Бул сөз XIII кылымда эски француз тилинен кирген [Webster dictionary, 1993: 49] *ah+las* эки сөздөн түзүлүп “бактысыз, арман, кейүү” деген маанилерге ээ болгон. Бул сүйлөмдө ал кейүү эмоциясын билдирет, ал эми пунктуациялык жактан үтүр менен ажыратылды. Ушул эле көрүнүштү орус тилиндеги котормосунан да байкайбыз, бирок англис тилинде үтүр менен айырмаланса, орус тилинде сырдык сөз да, сүйлөм да илеп белгиси менен аяктайт. Орус тилинде берилген сырдык сөз да кейүү эмоциясын билдирет жана сүйлөмдүн башында келет. ***Увы*** деген сөз эски славян тилинде *оувы* “кайгы” деген сөздү билдирген [Тихонов, 2002]. Азыркы күндө бул сөз эскирип калган сөздөргө кирип калгандыктан, кеңири колдонулбой калган. Бул эмоционалдуу, тубаса, бир маанилүү сырдык сөздөргө кирет.

Кыргыз тилинде болсо эки сырдык сөз жана зат атооч колдонулууда. Англис жана орус тилдеринде бир маанилүү сөз берилсе, ал эми кыргыз тилинде көп маанилүү ***күн*** деген зат атооч сөз сырдык сөздөргө жаңаша берилди. Бул сөз сүйлөмдүн башында туруп, илеп белгиси менен ажыратылды. Бул сүйлөмдөгү сырдык сөз маанисиндеги сөз айкашы өзүнчө туруп деле жаман окуя болгондугун билдирип турат, кийинки сүйлөм менен эмоционалдык маани, каармандын аянычтуу абалы дагы да күчөтүлүп берилди.

16. Англис тилинде эки компоненттүү (Interj.+Interj.) сырдык сөз орус тилине эки компоненттүү (Particle+Interj.) жана кыргыз тилине үч компоненттүү(Noun+Verb+Noun) сөздөр менен которулду.

“- ***Ay, amen!***”[W. Shakespeare, The tragical History of Hamlet, 1985: 31].

“-***Так, аминь!…***”[У. Шекспир, Гамлет, 1989: 157].

“-***Кубат берсин кудайым!***” [В. Шекспир, Гамлет, С. Жусуевдин котормосу, 1983: 58].

Англис тилинде эки компонент менен берилген сырдык сөз өзүнчө сүйлөм түзөт. ***Ay*** англис тилинин орто доорунда ***aye*** деген тыбыштар менен берилген жана “ар дайым” деген маанини берген. Ал эми ***amen*** мурда айтылып кеткендей, грек тилинен келип “ушундай болсун” деген маанини билдирген. Орус тилинде сырдык сөздүк маани эки компоненттен, тактооч жана сырдык сөздөн турат. Буга чейин айтылып өткөндөй, ***аминь*** эски славян тилинен келген жана намаздан кийин айтыла турган сөз болуп эсептелинет. Ал эми кыргыз тилинде ээ, баяндооч жана толуктоочтон турган толук сүйлөмдү көрөбүз. Демек, дагы бир жолу белгилей кете турган болсок, толук сүйлөмдөр да сырдык сөздүн кызматын аткарат. Үч тилде тең мааниси боюнча окшош сөздөр айтылды да, интонациялык жактан да окшош болуп, сүйлөмдөр илеп белгиси менен берилди.

2.3. С) Модель 3 –Үч компоненттүү сырдык сөздөр

Англис тилиндеги уч компоненттүү сырдык сөздөрдүнорус жана кыргыз тилдерине которуу ыкмалары.

1. Англис, орус тилидеринде үч компоненттүү (Pronoun+Article+Noun) == (Noun+Particle+Pronoun) сырдык сөз кыргыз тилине эки компоненттүү(Pronoun+Noun) болуп которулган.

“-***‘What a shame!”***”[Ch. Aitmatov, The day lasts more than a hundred years. TranslatedbyJohnFrench, 2000: 292].

“-***Бесстыдство-то, какое!***”[Ч. Айтматов, И дольше длится день, 1983: 330].

“-***Мына шерменделик!*** *Абийирсиз акмактар!* [Ч. Айтматов, Кылым карытар бир күн, 1983: 260].

Англис тилинде тактооч артикль жана зататооч сөз менен берилген, ал эми орус тилинде абстракттуу зататооч жана сурама ат атооч (вопросительное местоимение) колдонулду. Жөн гана кандай уятсыздык деп коюлбастан көтөрүңкү интонация менен айтылып, жазууда илеп белгиси менен белгиленди. Сырдык сөз мааниси берилген сүйлөм суроолуу ат атоочто аяктаганы менен суроо белгиси коюлган жок, себеби бул жерде жооп талап кылынбайт. *Кандай уятсыздык* ***(бесстыдство-то какое)*** деген сүйлөм каармандын ачуулангандыгын гана, башкача айтканда, таза сырдык сөздүк маанини билдирди.

Кыргыз тилинде болсо сурама ат атооч эмес шилтеме ат атооч менен зат атооч айкалышып келген, бирок орус тилиндеги маани сакталган. Ага кошумча ***абийирсиз акмактар*** сөз айкашы мурдагы сүйлөмгө кошумча болуп, эмоционалдык маани күчөтүлөт.

2. Англис тилинде үч компоненттүү (Interjection+article+Noun) сырдык фразаорус тилинде төрт компонент (Interj.+Pron+Noun+Verb) менен ал эми кыргыз тилине эки компоненттүү (Interj.+Interj.) сырдык сөз менен которулду.

“- ***Oh, thedevil!***” [Mark Twain, The adventures of Tom Saywer,1956: 339].

“- ***Ах ты, черт возьми!***” [М. Твен, Приключения Тома Сойера, 1997: 101].

“- ***Йа, кокуй!***” [М. Твен, Том Сойердин жоруктары, 2011: 124].

Англистилиндебул формалдуу структураүчкомпоненттен: сырдык сөз, артикль жана зат атоочтон туруп, маанисиси жактан бүтпөгөнсүйлөмдүбилдирет,алэми орустилинде төрт компоненттентуруп, толуксүйлөмдүбилдириптурат. Орус тилиндеги ***черт возьми*** нин маанисине, анын колдонулуш өзгөчөлүгүнө буга чейин токтолгонбуз, аны кайра кайталап отуруунун зарылчылыгы жок, бул сүйлөмдө ага кошумча ***Ах ты*** сырдык сөздүк маанидеги сөз айкашы берилген. *Ах* сырдык сөзү өтө көп маанилүү, ал капа болгондукту, чочугандыкты, таң калгандыкты, кубангандыкты ж.б. билдирүүдө универсалдуу түрдө колдонула берет. ***Ты*** жактама ат атоочу бул сүйлөмдө өз маанисинде эмес сырдык сөздүк мааниде келип, күтүлбөгөн окуянынын жаралышын, чочулоону, таң калууну билдирди. Англис тилиндеги (түп нускадагы) формалдуу структура толугу менен кыргыз тилинде сакталуу менен сырткы формасы боюнча эки тилдин ортосунда окшоштук пайда болгон, башкача айтканда, эки тилде тең сүйлөм эки компоненттен турат жана экөө тең сырдык сөз. Ал эми орус тилинде болсо сырдык сөздүк мааниси бир толук сүйлөм менен берилип турат.

3. Англис тилинде үч компоненттүү (Pron.+Noun+Pron.)сөз орус тилинде бир компоненттүү (Interjectional phrase) кыргыз тилинде эки компоненттүү (Interjection) сөз менен которулган.

“- *Andso dusty,**my goodness me!***” [Ch. Aitmatov, The place of the skull, translation of NatashaWard, 2000: 88].

“-*А запылилась-то как, **боже ты мой***! [Ч. Айтматов, Плаха, 1989: 90].

“-*Чаң болбогон жерим жок, **кудайым-ау**, - деп кагынып силкинип жатып жайдары кеп узатты*” [Ч. Айтматов, Кыямат, 1988: 104].

Үч компоненттен турган англис тилинде сырдык сөз төмөндөгүчө структура менен берилди: ат атооч, зат атооч жана ат атооч. Сырдык сөздөр сүйлөмдүн аягында келип, өзүнөн мурунку турган сөздөргө түшүндүрмө

берип турат. Орус тилинде да сырдык сөздөр үч компоненттен туруп, кайрылуу функциясын аткарып жатат. Бул тилде сырдык сөз катары *кудай, шайтан* сөздөрү кеңири колдонулары буга чейин айтылып өттү, демек, аларга кайта кайрылып отурбайбыз. Англис жана орус тилдерине окшоп кыргыз тилинде да сырдык сөз сүйлөмдүн аягында турат, бирок «***кудайым-ау***» деп айтылып, эки компонент менен берилген. Кыргыз тилиндеги котормо туура болбой калган эмне дегенде, кыргыз тилинде *кудайым – ай* деп айтышат, *кудайым-ау* деген көбүраак казак тилинде айтылат.

4. Англис тилинде үч компоненттүү (Verb+Pron.+Pron.) сырдык фраза түрүндө берилген, орус жана кыргыз тилидеринде эки компоненттүү (Interj.+Pron.), (Interj.+Noun.) сырдык сөздөр менен которулган. Орус жана кыргыз тилдеринде окшош структура которулган, сөз түркүмдөрү кана алмашат.

“- ***Damn it all,*** *I’ve gone quite addled in my old age*” [Ch. Aitmatov, The day lasts more than a hundred years. TranslatedbyJohnFrench, 2000: 24].

“-*И как может такое придуматься?* ***Тьфу ты!*** *Оглупел вконец!*» [Ч. Айтматов, И дольше века длится день, 1991: 26].

“-*Ушундай да ой келет экен ээ, тообо.* ***Тфу, э атаңы****! Алжыганмын го!*» [Ч. Айтматов, Кылымкарытар биркүн, 1983: 19].

Англис тилинде бул сырдык сөз ***Damn it all*** үч компоненттен туруп, предикат жана толуктооч менен берилген. Ал эми орус жана кыргыз тилдеринде сырдык сөздүн маанисн эки компоненттен турган сырдык сөздөрдөн турат. Орус тилинде да кыргыз тилинде да түкүрүнгөндү билдирген “тьфу” сүйлөмдө сырдык сөз катары катышты. Кайсы элде, кайсы тилде болбосун түкүрүү терс эмоцияны билдирет, ал эми адамдын бетине түкүрүп жиберүү жеткен жек көрүүчүлүк. Орус тилинде *тьфу* сөзүнө *ты* жактама ат атоочу кошумчаланса, кыргыз тилинде *тфуга* “атаңды” деген өзүнчө сүйлөнүүнү же сөгүнүүнү билдирген зат атооч сөз кошулуп айтылды. Ушул сырдык сөздү билдирген сөз айкаштары аркылуу Эдигейдин жаман

бир ойду ойлоп алып чочуганы жана өзүнө-өзү нааразыланганы чагылдырылды.

5. Англис тилинде үч компоненттүү (Interj.+Adjective+Noun)сырдык фраза орус тилинде бир компонент (Noun), кыргыз тилинде эки компоненттүү (Interj.+Noun.) сөз менен которулган.

“- ***Po’little chaps!***” [Mark Twain, The adventures of Tom Saywer,1956:327].

“- ***Бедняга!***”[М. Твен, Приключения Тома Сойера, 1997: 91].

“***-Ии, байкуш!***” [М. Твен, Том Сойердин жоруктары, 2011: 108].

Англис тилинде үч компоненттүү сырдык сөз эки сын атооч жана зат атооч берилген, биринчи сын атооч кыскартылган формада *poor* деген сөздө ***po’*** деп кыскартылган. Орус тилинде бир гана затташкан сын атооч сөз менен берилген да, боор ооруу эмоциясы чагылдырылган. Кыргыз тилинде болсо, сырдык сөз катары эки сөздөн турган ***Ии, байкуш!*** деген сөз айкашы берилип, күчтү эмоцияны байкай алабыз. ***Байкуш*** деген сөздүн колдонулушу боюнча 2-моделдин 6-пунктунда айтылып өткөн, ошондуктан ага да кеңири токтолуп отурбайбыз.

6. Англис тилинде үч компоненттүү (Interj.+Pron.+Noun)фраза орус тилинде үч компоненттүү (Interj.+Pron+Noun), кыргыз тилинде үч компоненттүү (Particle+Noun+Interj.) сөз менен которулган.

“- *All right, pull me up!**Ooh, what strength***!” [Ch. Aitmatov, The place of the skull, translation of Natasha Ward, 2000: 302].

“- ***А ну,*** *потяни меня за руку!**Ого, какой силач!***” [Ч. Айтматов, Плаха, 1989: 261].

“-*Тарт,* ***и-и****, ушинтип тарт! Мына ушундай* ***күчтүү уулум*** бар ***да!***”[Ч. Айтматов, Кыямат, 1988: 331].

Бул мисалда, англис жана орус тилдеринде сырдык сөз сүйлөмдүн башында келет, кийинки келген сөздөр болсо предикативдин ролун аткарат. Орус тилинде ***А ну*** жана ***Ого*** сырдык сөздөрү аркылуу сүйлөмдүн көркөмдүк боегу, эмоционалдык мааниси күчөтүлүүдө. ***А ну*** аркылуу Бостондун

баласын колдоосу берилсе, ***Ого*** сырдык сөзү менен аны эркелетүүсү, ага ыраазы болуусу чагылдырылды. Бул сырдык сөздөр өз алдынча турганда семантикалык мааниге ээ болбогону менен сүйлөмдөгү ойду көркөм жана эмоционалдуу боекту берүүдө чоң мааниге ээ.

Кыргыз тилинде болсо ***и-и*** сырдык сөзү орус тилиндеги ***А ну*** сыяктуу эле колдоп, кубаттоону билдирип, экинчи сүйлөмдүн аягында келген ***да***, ***бар*** сөзү менен кошулуп баяндоочтун кызматын аткарууда. Экинчи сүйлөмдөгү ***да*** ырастагыч бөлүкчө негизги сырдык сөздүн кызматын аткарды.

7. Англис тилинде үч компоненттүү (Interj.+Pron.+Noun) сүйлөм орус тилинде үч компоненттүү(Interj.+Noun+Noun) кыргыз тилинде беш компоненттүү (Interj.+Noun+Pron.+Verb) сүйлөм менен которулган.

“- ***Oh, my lordy***! *Raf? Dey ain’ no raf no mo; she done broke loose en gone!-en here we is!*” [M. Twain, The adventuresof Huckelberry Finn, 1956, chapter 12].

“- ***Ох, господи, господи***! *От плота? Нету больше плота, он отвязался и уплыл!*» [М. Твен, Приключения Гекльберри Финна, 1997: 84].

“-***Ийе, кудай, өзүңсактайкөр***! *Салыбыз көрунбөйт, чечилип агып кетиптир, кокуй!*” [М. Твен, Хеклеберри Финндин жоруктары, 2011: 97].

Кейүүнү билдирген формалдуу структура боюнча сырдык сөздүк маани англис тилинде үч компонент менен берилүүдө жана сүйлөмдүн башында келет. Орус тилинде болсо, редупликация структурасы менен көрсөтүлгөн, бул тилде ар кандай жагдайларда ***кудай*** сөзү көп колдонулары айтылып өттү. Анын кандай мааниде жана максатта колдонулгандыгы контексттен белгилүү болуп турат.

Кыргыз тилиндеги дал эле ошондой структурадан кийин кошумча сөздөр бар, алар бул ситуациядагы эмоцияны күчөтүү максатында берилген. ***Өзүң сактай көр*** аркылуу кудайга кайрылуу, андан жардам суроо, керек болсо, ага сыйынуу маанилери берилүүдө.

8. Англис тилинде үч компоненттүү (Interj.+Article+Noun) сүйлөморус тилинде төрт компоненттүү (Interj.+Pron+Noun+Verb) кыргыз тилинде эки компоненттүү (Interj.+Interj.) сөз менен которулду.

“- ***Oh, the devil!****We’re in a hurry, boy*”[M. Twain, The adventuresof Huckelberry Finn, 1956: 339].

“-***Ах, ты, черт возьми!*** *Поторопись*” [М. Твен, Приключения Гекльберри Финна, 1997: 101].

“-***Йа, кокуй***, *биз шашылышпыз, балакай!*”[М. Твен, Хеклеберри Финндин жоруктары, 2011:124].

Англис тилинде бул формалдуу структура үч компоненттен туруп, бүтпөгөн өзүнчө бир сүйлөмдү билдирет. Ал эм орус тилинде төрт компоненттен туруп толук сүйлөмдү билдирип турат, бул тилде ***черт возьми*** сырдык сөз маанилүү сөз айкашынын ар кандай шарт жана кырдаалдарга жараша кеңири колдонулары тууралуу буга чейин сөз болду, демек, ага кайра кайрылуунун кажети жок.

Кыргыз тилинде болсо сырдык сөздүк маани эки сырдык сөздөн турат да, сүйлөмдүн бөлүгү катары гана кызмат кылып, үтүр менен ажыратылып турат. Мындай сырдык сөздөр жөнүндө да буга чейин айтылган жана аларга да өз алдынча кайра токтолбойбуз.

9. Англис тилинде үч компоненттүү (Interj.+Substant. Adjective+Subst. Adj) орус тилинде төрт компоненттүү (Interj.+Noun+Pron.+Noun) кыргыз тилинде эки компоненттүү (Interj.+Interj.) сөз менен которулду.

“- ***Oh, dear, dear****, to think they ain’t ever going to see each other...*” [Mark Twain, The adventures of Tom Saywer,1956:chapter 28].

“-***Ах, боже мой, боже!***” [М. Твен, Приключения Тома Сойера, 1997: 189].

“-***Йа, кудай! Тобо!***” [М. Твен, Том Сойердин жоруктары 2011: 237].

Үч тилде тең бул кейүү эмоциясы редупликация форма менен берилип, эмоция күчөтмө формасында экендиги ***боже, кудай*** сөздөрү аркылуу көрүнүп турат. Бир айырма, англис жана орус тилдеринде *кудай* сөзү эки жолудан кайталанса, кыргыз тилинде бир сөз эки жолу кайталанбастан сырдык сөздүк маанинин экинчи сыңары ***тобо!*** деген сырдык сөз менен берилген. Кыргыз тилинде кудай сөзү эки жолу кайталанып айтылса, анда стилдик катага жол берилген болор эле.

10. Англис тилинде үч компоненттүү (Interj+Adjec+Substan. Verb) сүйлөм орус тилине үч компоненттүү (Interj.+Adj.+Noun) кыргыз тилине эки компоненттүү (Interj.+Interj.) сөз менен которулган.

“***O heavy deed!***” [W. Shakespeare, The tragical History of Hamlet, 1985: 68].

“***-О, злоедело!***”[У. Шекспир, Гамлет, 1989: 202].

“***-О, шумдук!***” [В. Шекспир, Гамлет, С. Жусуевдин котормосу, 1983: 141].

Англис жана орус тилдеринде сырдык сөздүк маани окшош компоненттик структуралар менен берилүүдө. Англис тилинде сырдык сөздөр сын атооч жана субстантивдешкен этиш сөз түркүмдөрү менен берилген. Орус тилинде бир тыбыштан турган нагыз сырдык сөз, сын атоочтон жана зат атоочтон жасалган сырдык сөздүк топ катышты.

Кыргыз тилинде сырдык сөздүк маани эки сырдык сөз менен берилген. ***О*** сырдык сөзү ар кандай эмоциялык жагдайларда колдонула бериши мүмкүн, бирок ***шумдук!*** деген семантикалык мааниге ээ сапаттык сын атоочтон жасалган сырдык сөз аркылуу бир нерсеге таң калууну түшүнүп турабыз. Ал эми толук маани кийинки диалогдук кептерден толук түшүнүктүү болору баарыбызга маалым.

11. Англис тилинде үч компоненттүү (Pron.+Verb+Pron.)фраза орус тилинде үч компоненттүү (Noun+Prep.+Pron.) кыргыз тилинде эки компоненттүү (Interj.+Interj.) сөздөр менен берилген.

“-***Why, bless you***, *Saul, the poor thing’s as wet as he can be;*” [Mark Twain, The adventuresof Huckelberry Finn, 1956: 346].

“-***Господь с тобой,*** *Саул!*” [Твен Марк, Приключения Г. Финна, 1997: 107].

“-***Йа, кокуй,*** Саул…” [Марк Твен, Х. Финндин жоруктары, 2011: 133].

Англис тилинде сырдык сөздүк маани төмөнкүдөй үч компонент менен берилген: суроолуу аныктооч, этиш жана аныктооч. Ал эми орус тилинде да сырдык сөздүк маани төмөнкүдөй үч компоненттен турат: зат атооч, предлог жана ат атооч. Бул тилде *кудай* жана *шайтан* сөздөрүнүн ар кандай максаттарда кеңири колдонуларына бул мисал дагы бир жолу күбө болууда. Бул жерде эч кандай кудайга кайрылуу, андан жардам суроо, сыйынуу маанилери жок. Мында бирөөгө (Саулга) нааразы болуу мааниси берилүүдө. Кыргыз тилинде болсо сырдык сөздүк маани эки компонент менен берилүүдө, алардын экөө тең сырдык сөздөр. Бул сүйлөмдү орус тилинен кыргыз тилине түздөн-түз “Кудай сени менен Саул” деп которууга таптакыр мүмкүн эмес эле. Мына ошондуктан да котормочу бул эмоционалдык маанини берүү үчүн эки таза сырдык сөздү (***Йа, кокуй,*** Саул) натыйжалуу колдоно билген.

12. Англис тилинде үч компоненттүү (Phrase+Pron.+Auxilialry Verb.) сүйлөм орус тилинде төрт компоненттүү (Pron+Particle+Adverb.) кыргыз тилинде эки компоненттүү (Pron.+Interj.) болуп которулат

“- ***Of course it is!*** ”[Twain Mark, The adventures of Huckleberry Finn, 1956: 325].

“-***Еще бы не верно!***”[Твен Марк, Приключения Г. Финна, 1997: 89].

“-***Ошондой да!***” [Марк Твен, Х. Финндин жоруктары, 2011: 106].

Сырдык сөздүк маани үч тилде тең толук сүйлөм менен берилип жатат. Англис тилинде ***Of course*** деген сөз айкашы жана ат атооч менен этиштен турат. Орус тилинде болсо сырдык сөздөрдүн тобу бөлүкчөлөрдөн жана тактооч менен берилүүдө. Бул тилге түп нускадагы (англис тилиндеги)

сүйлөм көркөмдүк менен которулган да, эмоционалдык жагдай сырдык сөздүк маанилер менен дагы да күчөтүлүүдө.

Кыргыз тилинде болсо бул сүйлөмдөгү сырдык сөздүк маани шилтеме ат атооч жана ырастагыч бөлүкчө менен жөнөкөй гана берилип жатат. Сүйлөм жөн гана ***Ошондой да*** деп берилди, окуянын кандай экендиги контексттен маалым болот.

13. Англис тилинде үч компоненттүү (Article+Substantiv. Participle+Noun) сүйлөм орус тилине эки компоненттүү (Adjective+Noun) кыргыз тилинде үч компонентүү (Noun+Verb+Noun.) болуп которулат.

"- ***The darned cuss***." *Bill spoke gravely and slowly...*" [J. London, White Fang, 1976: 110].

"-***Проклятая тварь!*** - *медленно проговорил Билл, не выдавая кипевшего в нем гнева*" [Дж. Лондон, Белый клык, 1990: 125].

"-***Каргыш тийгир, айбан***! – *деп акырын айткан Билл ичиндеги кайнап чыккан ачуусун билдирген жок*" [Ж. Лондон, Ак Азуу, Б. Маранын котормосу, 2011: 19].

Үч компоненттен турган англис тилиндеги сырдык сөз ачууланууну билдирип, ***cuss*** деген зат атооч сын атоочтун кызматын аткарган Participle 2 менен аныкталып турат. Ал эми орус тилинде эки компонент: сынатооч жана зататооч берилген. Англис жана орус тилдеринде бир сөз менен берилсе ***darned, проклятая*** кыргыз тилинде бул түшүндүрмө ***Каргыш тийгир*** деген эки сөз менен берилген, а бирок бир маанини берет. Үч тилде тең таза сырдык сөздөр пост позицияны ээлеген. Негизинен, *проклятие* деген орус тилиндеги сөздү кыргыз тилинде стилдик жактан так, туура берүү үчүн эки сөз айкашы талап кылынат, жөн гана "каргыш" деп койгондо сүйлөмдүн маани-мазмуну толук берилбей калган болор эле. Бул сырдык сөздүн мааниси "тварь" менен бекемделип турат, орус тилинде *тварь* деп эң төмөнкү баскычтагы жаныбарлар жалпысынан аталат жана ал өзүнчө туруп деле адамга карата колдонулганда сырдык сөздүк маанини (кордоо, кемсинтүү) берип калат. Кыргыз тилинде *тварь* сөзү "айбан" деп которулуп,

каргыш тийгирге кошумчаланган да, эмоционалдуулук боек коюуланып турат. Бул жерде ***каргыш тийгир*** менен байланыштырып айбандын ордуна жаныбар сөзүн коюуга такыр мүмкүн эмес, булар синоним сөздөр болгон менен ар биринин эмоционалдык боектук өзгөчөлүктөрү бар.

14. Англис тилинде үч компоненттүү (Pron.+Verb+Pron.) сырдык фраза орус тилине эки компонентүү (Prepos.+ Noun), кыргыз тилдеринде бир компоненттүү (Interj.) сырдык сөз менен которулат.

"- ***I beg you***, *put it back its place*" [Ch. Aitmatov, The place of the skull, translation of Natasha Ward, 2000: 226].

"-***Ради бога***, *повесь на место,* - " [Ч.Айтматов,Плаха, 1989: 203].

"- ***Кой, айланайын***, *ордуна илип кой!*"[Ч. Айтматов, Кыямат, 1988: 24].

Англис тилинде ээси, баяндоочу жана толуктоочу бар толук сүйлөм берилди да, баары биргеликте сырдык сөздүн маанисине ээ болду. Орус жана кыргыз тилдеринде болсо, таза сырдык сөздөр берилди. Синтаксистик структурасы боюнча үч тилде тең сырдык сөздүк маанилерге ээ сөз айкаштары бирдей орунда, башкача айтканда, сүйлөмдүн башында келген. ***Ради бога, Кой, айланайын*** делип эң орундуу которулган, муну кыргызча "кудай үчүн" деп койгондо туура болбой калар эле. ***Айланайын*** баарыбызга белгилүү болгондой, жылуу мамилени, эркелетүүнү, кээде жагдайга жараша жылуу какшыкты да билдирет.

15. Англис тилинде үч компоненттүү (Pron.abbrivated+Noun) сүйлөм кыргыз, орус тилдеринде бир компоненттүү (Interj.) болуп которулат.

"*Your brother is mad! He's gone out of his mind!* ***It's a disaster!***"[Ch. Aitmatov, The day lasta more than a year, translated by John French, 2000: 291].

"-*Брат твой рассудком тронулся! Ума лишился!* ***Беда!***» [Ч. Айтматов, И дольше века длится день, 1991: 329].

"-*Аганың алжыптыр! Акылдан айрылыптыр!* ***Балээ!***"[Айтматов, Кылым карытар бир күн, 1983: 259].

Англис тилинде сырдык сөздүк маани кыскартылган ***It's*** формасы, артикль жана зат атоочтон турат. Ал эми кыргыз жана орус тилдеринде

бирден эле сырдык сөз (***Беда, Балээ***) менен берилүүдө, алардын сүйлөм ичиндеги, ал тургай өзүнчө тургандагы да семантикалык мааниси өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

16. Англис, орус, кыргыз тилдеринде үч компоненттүү (Interj.+Interj.+Interj.) сөздөр аркылу которулган.

"- ***Tramp-tramp-tramp****; that's the dead; tramp-tramp-tramp; they're coming after me; but I won't go*" [M. Твен, The advantures of Huckelberry Finn1956: 275].

"- ***Топ-топ-топ****– это мертвецы топ-топ-топ…они за мной идут, только я-то с ними не пойду…*"[М. Твен, Приключения Геклеберри Финна, перевод Аникина, 1997: 46].

"- ***Тып-тып-тып****…бу жан алгыч го, тып-тып-тып…алар мени алып кеткени келди, бирок мен барбайм...*" [М. Твен, Хеклеберри Финндин жоруктары, 2011: 43].

Үч тилде тең сырдык сөздөр үч компоненттен туруп, сүйлөмдүн башында редупликация формасы менен берилди. Алардын бардыгы дабыш тууранды сөздөрдөн үч жолу кайталануу менен жасалды. Бир эле предметтен же жаныбардан бирдей эле үн, дабыш чыкканы менен ар түрдүү тилдерде алар ар кандайча айтылары тууралуу буга чейин биздин ишибизде сөз болгон. Ал тургай, бир эле тилде ар түрдүүчө берилген элес же дабыш тууранды сөздөр да ар кандай маанилик өзгөчөлүктөргө ээ болуп калат. Мисалы, орус тилинде тууранды сөздөн жасалган сырдык сөздөр *топ-топ-топ* деп берилсе, алар кыргыз тилинде *тып-тып-тып* деп айтылган. *Топ-топ* – катуурак чыккан үн болсо, *тып-тып* акырын чыккан дабыш. Мына ошондуктан да тамчыны эч убакта "тамчы топ-топ этип (топулдап) тамчылап жатат" деп айта албайбыз, ал "тамчы тып-тып этип (тыпылдап) тамчылап жатат" делет. Ал тургай, *тып-тып* делсе жайыраак (аралыгы боюнча), тыпылдап делсе, тескерисинче, тез-тез тамчылоону түшүнөбүз.

17. Англис, орус, кыргыз тилдеринде үч компоненттүү (Interj.+Interj.+Interj.) сөздөр менен берилген.

“- ***Ai, ai, ai!”****Yedigei was surprised but not without malice, as he looked Karanar over from all sides*” [Ch. Aitmatov, The day lasta more than a year, translated by John French, 2000: 280].

“***-Эх-хе-хе!*** *- не без злорадства удивлялся Едигей, оглядывая Каранара со всех сторон*” [Ч. Айтматов, И дольше века длится день, 1991: 320].

“***-Эх-хе-хе!*** *- деп Эдигей табалабай таң калып, Каранарды айланта карады*» [Ч. Айтматов, Кылым карытар бир күн, 1983: 250].

Бул мисалдан үч тилдеги сүйлөм түзүлүшүндөгү, синтаксистик позициядагы жана редупликация формасындагы изоморфтук кубулушту байкайбыз. Англис тилинде сырдык сөз “ай-ай-ай” деп берилсе, орус, кыргыз тилдериндеги сырдык сөздөр толугу менен бирдей. Бул каткырганга окшогон сырдык сөз таңдануу, күтүүсүз окуянын (бул жерде, Каранардын ашыкча арыктап кеткендиги) болуп кеткенин билдирет.

18. Англис тилинде бир компоненттүү (Pron.) орус тилинде эки компоненттүү (Noun+Pron.)кыргыз тилинде эки компоненттүү (Etiquete phrase) сөздөр менен которулган.

“***-Peace to you!***”[Ch. Aitmatov, The day lasts more than a hundred years, J. French translation, 2000: 293].

“***-Мир вам!***”[Ч. Айтматов, И дольше века длится день, 1919: 330].

“***-Салам алейкум!***” [Ч. Айтматов, Кылым карытар бир күн, 1983: 261].

Англис тилинде сырдык сөздүк маани бир сырдык фраза менен, ал эми орус жана кыргыз тилдеринде эки сөз менен берилүүдө.

Орус тилинде саламдашуу маанисиндеги сырдык сөз араб тилинен которулуп берилсе, кыргыз тилинде түп нускадагы (оригинал) тилде берилген. Себеби, орус тилдүү окурмандар араб тилиндеги саламдашууну түшүнө алышпайт, ал эми ***Салам алейкум*** кыргыз тилине биротоло сиңип бүткөн. Бул сырдык сөздөргө бул жерде түшүндүрмө берүүнүн да кереги жок, алардын колдонулуш максаты ансыз да түшүнүктүү болуп турат.

2.4. D) Модель 4 –Төрт компоненттүү сырдык сөздөр

Англис тилиндеги төрт компоненттүүсырдык сөздөрдун кыргыз жана орус тилдеринде берилиши.

1. Англис тилинде төрт компоненттүү (Pron.+Noun+Article+Noun) сырдык сөздүн ролун аткарган сүйлөм орус тилинде үч компоненттүү(Interj.+Pron.+Pron.) кыргыз тилинде бир компоненттүү(Interj.) болуп которулган.

"- ***What art a heathen?***"[W. Shakespeare, The tragical History of Hamlet, 1985:86].

"- ***Да ты кто?***"[У. Шекспир, Гамлет, 1989: 226].

"- ***Кокуй күн****, сен бутпарас белемсин?!*"[В. Шекспир, Гамлет, С.Жусуевдин котормосу, 1983: 180].

Англис тилинде сырдык сөздүк маани төрт компоненттен турат: суроолуу ат атооч, зат атооч, англис тилине таандык болгон артикль жана абстракттуу зат атооч. Бул сүйлөмдө ***a heathen*** деген сөз предикативдин ролун аткарат, ал эми ***art*** деген сөз сүйлөмдө ээ болуп берилген. Орус тилинде сырдык сөздүк маани жөнөкөй сүйлөм менен берилген. Бул жөн гана анын ким экендигин суроо эмес, кандайдыр кооптонуу, ал үчүн тынчсызданuу. Кыргыз тилинде болсо, кеңири таралган ***Кокуй күн*** сырдык сөзү колдонулган, ал тууралуу буга чейин бир топ сөз болгон жана аларды кайталап отурбайбыз. Мындагы бир өзгөчөлүк, сүйлөмдүн аягына илеп жана суроо белгилеринин коюлушу, демек суроо көтөрүңкү интонация аркылуу кооптонуу менен берилди.

2. Англис тилинде төрт компоненттүү (Preposition+Noun+preposition +Pron. Engl.) сүйлөм орус жана кыргыз тилдеринде бир компоненттүү(Interj.) сырдык сөз менен которулган.

"- ***To hell with you!***" [Ch. Aitmatov, The place of the skull, translation of Natasha Ward, 2000: 241].

"- ***Тьфу ты!*** - *не стерпел Бостон*" [Ч. Айтматов, Плаха, 1989: 215].

“- ***Тфу,*** *ата! - чыдабай кетти Бостон*”[Ч. Айтматов, Кыямат,1988: 265].

Англис тилинде инфинитивдүү конструкция колдонулуп предлогдор катышкан сөз айкашы берилип турат. Кыргыз жана орус тилдеринде болсо изоморфтук кубулуш байкалууда. Бул эки тилдеги котормолордо окшош сырдык сөз ***Тфу*** бар.***Тфу*** сырдык сөзүнүн колдонулушу тууралуу 3-моделдин 4-пунктунда сөз болгон, анда да “атаңды” деген өзүнчө сүйлөнүү катышкан.

3. Англис тилинде төрт компоненттүү (Interj.+Noun+Interj.+Noun) сүйлөм орус, кыргыз тилдеринде үч компоненттүү (Interj.+Noun+Noun)болуп которулган.

“- ***Ye gods, ye gods!***” [Ch. Aitmatov, The place of the skull, translation of Natasha Ward, 2000: 134].

“-***О боги, боги!***” [Ч. Айтматов, Плаха, 1989: 127].

“-***О, кудайлар, кудайлар!***” [Ч. Айтматов, Кыямат, 1988: 149].

Англис тилинде төрт компоненттен турган кудайга күчтүү интонация менен кайрылган сырдык сөздөр редупликация формасында колдонулган, ошондой эле бул сүйлөмдө зат атоочтун көптүк түрдө экендигин көрө алабыз. Ал эми орус жана кыргыз тилдеринде окшош үч компоненттен турган зат атоочтор англис тилиндегидей көптүк түрдө берилген. Бул сүйлөмдө да *кудай* сөздөрү сырдык сөздөр катары колдонулган. Биздин оюбузча, кыргыз тилинде *кудайлар* деген сөз колдонулбайт. Мындай котормо орунсуз болуп калган, бул сөздү котормочуулар *О кудай ай, кудай ай!*деп берилгенде туура келет эле.

4. Англис тилинде төрт компоненттүү (Verb+Article+Pronoun+Pron.) сүйлөм орус тилинде эки компонент (Part.+Verb) кыргыз тилинде бир компонент(Subst. Noun) менен берилген.

“- *Oh, you’re going too far!* ***Pull the other one!***” [Ch. Aitmatov, The day lasts more than a hundred years, J. French translation, 2000:47].

- *Ох и врать же горазд!* ***Ну, несешь!*** [Ч. Айтматов, И дольше века длится день, 1991: 46]

- *Калпыңа **баракелде!** Ушунча жыл сени эмнеге окутту экен, ыя?* [Ч. Айтматов, Кылым карытар бир күн, 1983:38].

Англис тилинде сырдык сөздүк маани төрт компоненттен туруп, кыскача буйрук сүйлөм түрүндө берилет да, сүйлөм сырдык сөздүн кызматын аткарып калды. Орус тилинде болсо сырдык сөздүк маани эки компонент менен берилип, биринчиси сыңарында сырдык сөз, экинчисинде этиш колдонулган. Бул этиш да өз маанисинде эмес өтмө маанисинде берилген. Негизинен, орус тилинде оозеки кепте калп айтасың дегендин ордуна да ***несешь*** сөзү колдонула берет.

Ал эми кыргыз тилинде бул эмоция сүйлөм менен берилип, а бирок бир гана субстантивдешкен зат атооч менен түшүндүрүлүп жатат. ***Баракелде*** деген сырдык сөз бул сүйлөмдө какшык маанисинде колдонулду. Кээде катуу айтылган сөзгө, урушууга караганда какшык сөз менен акырын гана чымчып коюу адамга катуу таасир этери бышык. Анын үстүнө бул сырдык сөздөн мурун келген *калпыңа* деген сөз да сырдык сөздүн маанисин толук ачып берип турат.

5. Англис тилинде беш компоненттүү (Interj.+Pron.+Auxil.+Inf.+Participle. II) сүйлөм орус, кыргыз тилдеринде үч компоненттүү (Interj.+Noun.+Verb) сөз менен которулган.

“- ***Well, I’ll be gosh-swoggled!***” *So spoke Matt, coming out of the cabin…*” [J.London, WhiteFang, 1976: 237].

“-***Ах, черт возьми!*** *Эти слова вырвались у Мэтта*”[Дж. Лондон, Белый клык, 1990: 255].

“-***О, шайтан десе!*** *Жеңин түрүп алып, тепшидеги жугундуну эшикке төгөйүн деп кепеден чыга калып, Ак Азууну эркелетип турган Уидон Скотту көрө койгон Мэттин оозунан ушул сөз чыгып кетти*” [Ж. Лондон, Ак Азуу, Б. Маранын котормосу, 2011: 128].

Англис тилинде сүйлөмдүн башында сырдык сөз, андан кийин ат атооч менен жардамчы этиш келди, атоочтук II предикативдин кызматын аткарды. Орус тилинде болсо сырдык сөздөрдүн тобу үч компоненттен туруп, толук

жөнөкөй сүйлөм менен берилди. Бул тилдеги *черт* сөзүнүн колдонулушу боюнча буга чейин айтылып өттү.

Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөрдүн тобунун түзүлүшү орус тилиндегидей болуп тургандыктан бул көрүнүштү изоморфтук кубулуш деп айтсак болот. *Шайтан* сөзүнүн колдонулуш максаты жана себептери тууралуу да биздин изилдөөбүздө буга чейин сөз болгон. Биздин оюбузча, кыргыз тилиндеги "шайтан десе" котормосу туура болбой калган. "О шайтан алгырдыкы" болуп берилгенде адекваттуу котормо болмок.

2.5. Е) Модель 5 – беш компонентүү сырдык

Англис тилиндеги беш компоненттүү сырык сөздөрдүн тектеш эмес орус жана кыргыз тилдерине которуу ыкмалары .

1. Англис тилинде беш компоненттүү – (Interj.+Pron.+Noun+Pron.+Noun), орус тилине үч компоненттүү (Interj.+Noun+Pron.) кыргыз тилине эки компоненттүү (Interj.+Noun) болуп которулган.

"- ***O, my lord, my lord!***" [W. Shakespeare, The tragical History of Hamlet, 1985: 29]

"- ***О, господь мой!***"[У. Шекспир, Гамлет, 1989: 154]

"- ***О, жараткан!***" [В. Шекспир, Гамлет, 1983: 55].

Үч тилде тең сырдык сөздүк маани катары кудайга кайрылуу колдонулган. Орус тилине *О боже мой* же *О господи* деп берилиш керек эле бул сүйлөмдө г*осподь* менен *мой*дал келбей калган деп ойлойбуз. Бул сөздүн сүйлөм ичинде колдонулуш максаттары жана себептери тууралуу буга чейин айтылып өткөндүктөн, ага кайта кайрылуунун зарылчылыгы жок деп эсептейбиз.

2.6. F) Модель 6 - Алты компоненттүү

1. Англис тилинде алты компоненттүү (Noun+Prep.+Noun+Prep.+Article+Adjective Superl form) сүйлөм сырдык сөздүн функциясын аткарат орус тилинде эки компоненттүү (Noun+Subst Adjective) кыргыз тилинде да эки компоненттүү(Noun+Adjective) сөз менен которулган.

"- ***Glory to God in the highest!***"[Ch. Aitmatov, The day lasts more than a hundred years, J. French translation, 2000:69]

"- ***Слава всевышнему!***" [Ч. Айтматов, И дольше века длится день, 1991: 304]

"- ***Кудай улук!***" [Ч. Айтматов, Кылым карытар бир күн, 1983:46]

Бул мисалдарда деле сырдык сөз катары кудайга тиешелүү сөздөр келтирилди. Кудай ар кандай тилдерде бир нече аталыштар менен аталат жана даңкталат. Мисалы, орус тилинде *бог, господь, всевышний* ж.б. Кыргыз тилинде *кудай, алла, жараткан, теңир, эгем* ж.б. Адам баласы кудайга жайынча эле кайрыла бербейт, аны жөн гана оозуна албайт, ал ар кандай күчтүү эмоционалдык жагдайларда колдонулат, мына ошондуктан да биз келтирген мисалдарда кудайга байланыштуу сөздөр жана сөз айкаштары арбын болду.

2. Англис тилинде алты компоненттүү (Interj.+Pron.+Pron.+Noun+Prepos.+Noun) сүйлөм орус тилинде үч компоненттүү (Interj.+Noun+Noun) кыргыз тилинде төрт компоненттүү (Interj.+Adject. же Interj.+Noun) сөз менен которулган.

"***-O all you host of heaven!***"[W. Shakespeare, The tragical History of Hamlet, 1985:24]

"***О рать небес!.***"[У. Шекспир, Гамлет, 1989: 44]

"***О, көк! О жер!***» [В. Шекспир, Гамлет, 1983: 24].

Бул сырдык сөздөрдө кудайга эмес көккө, сууга кайрылуу бар. Буга чейин айтылып өткөндөй, адам жөн жеринен кандайдыр идеалындагы түшүнүккө кайрылбайт. Бул трагедияда каармандын эмне үчүн көккө, жерге кайрылып жаткандыгы ага чейинки жана андан кийинки окуялардан

түшүнүктүү болот. Бирок да, каарманда кандайдыр бир кайгы, азап чегүү бар экенин ушул сырдык сөздөрдөн эле байкоого болот.

2.7. Кыргыз тилиндеги V, VC, CV, CVCструктураларындагы сырдык сөздөр.

Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөрдүн фонетикалык өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып кетсек; сырдык сөздөрдүн фонетикалык структурасында бир нече спецификалык өзгөчөлүктөр бар, ошол өзгөчөлүктөрү менен сырдык сөздөр башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланып турат. Топтолгон маалыматтардын анализинин негизинде төмөндөгүчө жыйынтык берсек болот: үндүү жана үнсүз тыбыштардын созулуусу адамдардын сезимдерин жана ал-акыбалын билдирет. Мындай көрүнүш жазуучулар тарабынан көркөм чыгармаларда кеңири колдонулуп келет. Мисалы *А!* сырдык сөзү көбүнчө сүйүнүчтү билдирет, - *О!*- капалыкты, - *Уф!*- кейүүнү ж.б. Эмоцияларды күчөтүү максатында сырдык сөздөрдө ушул тыбыштардын созулуп айтылуусу байкалат. А. Зайончковский, Н. Баскаков, А. Кононов, В. Решетов аттуу окумуштуулар түрк тилдеринин муундук структурасы жөнүндөгү илимий иштеринде V, VC, CV, CVC[1] деген структураларды аныкташат.Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөргө да ушул структура тиешелүү деп айтсак болот. Жогорудагы тилчилер сырдык сөздөрдөгү муундук структураны мүнөздөгөндө, бардыгы бир ойду билдиришет да сырдык сөздөрдүн фонетикалык структурасы боюнча талаш-тартыштар жок (Рустамов Р., 1980).

1. CVC структурасындыгы сырдык сөздөр. Бул муундук структурадагы сырдык сөз үнсүз + үндүү+ үнсүз тыбыштардан турат жана өзгөчө фонетикалык мүнөздөмөлөргө ээ. Биринчи тыбыш ышкырма (шуулдама) болуп турат, бирок тыбыштырдын мындай келүүсү кыргыз тилине таандык эмес, эмне дегенде сингармонизм мыйзамы бар. Ошондой болсо дагы, эмоционалдык каражат катарында айтылып калган учурлар

[1] V, VC, CV, CVC – V- үндүү, C- үнсүз.

болот. *Хоп* бул сырдык сөздө*х* тыбышы эмоцияны күчөтүү маанисинде колдонулат. *Хоп, хоп!деп кыйкырып коет, маскоропозу болсо тигилерди шылдыңдап турат* (М. Твен, 191) *Чишш!...Ана!... Уктуңбу?*

(М.Твен, 135) *Кап* - сырдык сөз: биринчи элементи *к* жарылма үнсүз тыбыш, *п* шуулдама, жарылма тыбыш. Бул эки тыбыш окшошуп өзүнчө эмоционалдык боекту берип, сезимди күчөтүш максатында колдонулат. *Каап,биринчи күндөрү эле куралдарын шыпырып алып койгондо болмок экен* (Т. Касымбеков, 366) *Ко-ош!...-деп, туткундар арасынан үн чыкты*(Т. Касымбеков: 186) Бул сырдык сөздө биринчи болуп *к*жарылма тыбышы келет, акырында болсо,*ш* ышкырма тыбышы турат, өзгөчө бир маанини билдирип, эмоцияны күчөтүп турат.CVC структурасындыгы сырдык сөздөрдө биринчи үнсүз тыбыш көбүнчө созулуп айтылбайт, ал эми андан кийин келген тыбыштар созулуп айтылышы мүмкүн: *Бал-ли-и,- деди болуш,- кайдагы бир чымчыкта чырылдатып, кайдагы бир «көкөй кестини» сыздатып, катындардын кошогун зыңкылдатасың экөөбүң тең, мына куу деген!* (Касымбеков, 33).

Оппо-о Током ай, кое турбайт да мактабай, бул элде ырчы көп өткөн, уят кылсам кантти мактаганың актабай?!- деп, жер тиктеп майыша күлө бакты (Касымбеков, 61). Бул сырдык сөздөрдө үндүү тыбыштын созулуп айтылышы өзгөчө бир эмоционалдык маанини күчөтөт, ал эми үнсүз тыбыштын созулгандыгы эмоциянын узак болгонун билдирет. *Ойбо-ой «балекет ба-ас»...деген таңыркоо, түкүрүнө сөгүнүү угула баштады. Оу-уг, өттүм окшойт сыноодон...- деп, тымызын демин алды Мырзы-Сали. Лаб-бай, болуш* (Касымбеков, 376, 393, 23). Мындай сырдык сөздөрдө биринчи үнсүз тыбыш созулбагандыктан, биринчи үндүү тыбыш созулуп айтылып эмоцияны күчөтүшү ыктымал. *О-ой, өлгөндүн жүзү нары, тирүүнүн жүзү бери деген, койгула, тирик келгенде кубангыла! – дешти каарылар* (Касымбеков, 236). Эгерде үндүү да, үнсүз да созулуп айтылса, анда сырдык сөздүн берилген эмоционалдык мааниси өтө күчөйт. *Оп-поо, жеңем ай, тилиңдин ширинди-гин ай* (Касымбеков, 429).

2. CV структурасындыгы сырдык сөздөр, үнсүз + үндүү тыбыштардан турат. Мисалы:*Хо, ха, хы* – сырдык сөздөрү өзгөчө бир эмоцияларды билдирип, төмөнкү сезимдерди аныктоодо негизги ролду ойношот: ирония, тамаша, таң калуу жана мактануу. *Хо-хо-хо…Ээ, айтасың да, Токтогул, жеп тоюнбайт экенсин, жыргап бийлик кылып экөөболбойт экенсин. Хо-хо-хо!* (Т. Касымбеков, 244)*Күчөтсө мына! Ха-ха-ха, карасан арасында карышкырлар да качып бараттат* (Ч. Айтматов, 29) *Хы-хы! И, сындыргын барго сөзгө такап?! Кимден ийменем, кимден уялам, ичиң күйсө туз жала, кереги эмне ниетимден тайсалдап?! Сени кармап берем да, акына уезднойдон тон алам, азирети акпашадан чен алам! Хы-хы…* (Т.Касымбеков: 253)*Ха* сырдык сөзү муундук гармонияга туура келбейт, а бирок контекстте өзгөчө маанини билдирет. *Де* сырдык сөзүндөгү структурада түрк тилдериндеги муундук гармония байкалат, бирок өзүнчө турганда эмоцияны билдирбейт. *Де* сырдык сөзү эмоцияны контекстте гана билдирет: *Ошондой де! Ушундай де!* (Ч. Айтматов).CV муундук структурасындагы сырдык сөздөрдө аягында үнсүз тыбыш жоктугунан, эмоционалдык деңгээл жана созулуп айтылышы аягында келген үндүү тыбышка баалык. *Да-а,- деди Фрунзе,- Сибирь далайдын өмүрүн жедиго, чиркин?!*(Касымбеков, 364). *Туу!...- деп ышкырып жиберди шофер* (Лондон, 43).*Чуу, аттарым, ылдамда!- деп арабаны тездеттим* (Лондон, 457). VC муундук структурада эки тыбыш созулуп айтылышы мүмкүн, эки тыбыш бир убакытта же бөлүнүп созулуп айтылуусу да ыктымал. *Уа-ах! – деп тамшанып, ошонусу менен бозосун мактап Аманга карады* (Касымбеков: 208).

3. VC структурасындыгы сырдык сөздөр, үндүү + үнсүзтыбыштардан турат.

Бул структурадагы сырдык сөздөрдө биринчи элементи болуп үндүү тыбыш турат да кандайдыр белгилүү бир эмоцияны билдирет, андан кийин үнсүз шуулдама тыбыш келет. Бул структурада төмөнкү кубулуштар кездешет: эгерде башында ачык үндүү тыбыш келсе, андан кийин шуулдама үнсүз тыбыштар келет (*ах, эх, ох, ий, йа, еу, ие, оу*). Ал эми башында жабык

үндүү тыбыш келсе, аягында кууш үнсүз тыбыштар келет (*уф,оф*). Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөрдө биринчи элементи ачык үндүү жана экинчи элементи ачык шуулдама үнсүз тыбыш келсе, бул жерде сырдык сөз өтө бийик эмоцияны билдирген болот (Рустамов Р., 1980). Биринчи элементи кууш үндүү тыбыш болсо, анда сырдык сөз жумшак эмоцияны билдирген болот. Ачык шуулдама үнсүз тыбыштары бар сырдык сөздөрдө созулма көп кездешет, ал эми кууш шуулдама үнсүз тыбыштар бар сырдык сөздөрдө созулуу аз байкалат. *Ох*- бул сырдык сөз бийик эмоцияны билдирет жана контекстте ар кандай боекко ээ болот.*Ох, Айа, демим жетпей калды окшойт,- деди Арсен Саманчин* (Ч. Айтматов, 78) ***Охо***! Сен баягы көйнөгүң кийген турбайсыңбы, эсиңдеби, Хайдельбергдин сейил багы, сага ушунуң аябай жарашат (Ч. Айтматов, Тоолор кулаганда, 125).

Эх сырдык сөзү кыргыз тилинде кеңири таралган сөз болуп саналат. Бул сырдык сөздүн семантикасы контекстте ачылат да, бийик эмоцияны билдирет.*Эх, ушундай да күйүт болобу!* (Ч. Айтматов, Тоолор кулаганда, 238).*Эх, чиркин, Ысык-Көлдүн көк мөлтүрүнүн бирткесин куржунга сала кетер болсок эмне,- деп тамашалады Эрназар.* (Айтматов, Кыямат, 279)*Уф* сырдык сөзүндө биринчи элементи жабык үндүү тыбыш болгондуктан, жумшак эмоцияны билдирет. Аягында *–ф* кууш шуулдама тыбыш келет, бул элементти орус тилинен кирген тыбыш деп айтсак болот (Рустамов). *Уффф, мына эмесе буну бүттүк, эми бир аз болсо дагы тыным жасайлы!* (Лондон, 11).

4.V –муундук структурасындыгы сырдык сөздөр, үндүү тыбыштан турат. Ар кандай сезимдерди билдирген сырдык сөздөр кээ бир гана учурларда бир гана үндүү тыбыштан турушу мүмкүн, бул жерде созулма учурлар кездешет. Бир гана ачык үндүү тыбыштан турган сырдык сөз бийик эмоцияны билдирет. Алар: *а, о, е, и* – ар бир тыбыш өзгөчө маанини билдирет, бирок кээ бири башка тилден келген сөз деп эсептелинет. Өзгөчөинтонацияга карай сырдык сөздөр ар кандай созулма менен айтылышы мүмкүн, бул созулма үндүү жана үнсүз сөздөрдө кездешет.

V муундук структурадагы сырдык сөздөр контексттеги жана ситуациядагы эмоциялык маанини билдирет. *О-о, азамат! – дешти жардап турган эл* (Касымбеков. 195-б.). *Э-э, - деп алды Ныязалы, - бу өңү кызыл чийкил, көзү күлүңдөйт, маңдайы жарык, йе жараткан жаңылтпа, ушу Токтогул деген өнөрлүү баланын өзү окшойт* (Касымбеков,7). *Иии, унутканын эми эсиңе түштүбү? Кулак сенде* (Касымбеков, 134).

Тубаса сырдык сөздөр кайталанып, же созулуп айтылса, алар билдирген грамматикалык маанилер күчөтүлүп, кандайдыр башкача күчтүү сезим менен туюндурулат. Мисалы: *Ай, бери бас!* Буюруп бери каратуу мааниси айтылды. *Ай, ай, бери бас!* Буюруп бери каратуу мааниси күчөтүлүп айтылды. *Ий, таңоозунурайын! Кылган ишин кара!* Жек көрүп кыжырдануу мааниси айтылды. *И-и-ий, таңоозунурайын! Кылган ишин кара!* Өкүнүп кыжырдануу мааниси айтылды. Кайталанып же созулуп айтылганда сырдык сөздөр грамматикалык башка мааниге да өтүп кетет. Мисалы: *Ой, кайдан чыга калдың?* Грамматикалык таңыркоо мааниси айтылды. *Ой-ой-ой... - Эмне болду?* Онтогон маани айтылды.

Сырдык сөздөр өзүнчө маанини бербейт, бирок эмоционалдык сезимдерди күчөтүп айтканга жардам берет. Бул эмоционалдык күчөтүү үндүү жана үнсүз тыбыштардын созулуп айтылышы менен берилет.

Сырдык сөздөрдүн курамында көбүнчө шуулдама үнсүз тыбыштар байкалат. Үндүү тыбыштардын өзгөчөлүктөрү сырдык сөздөгү муундук структурага карай болот. Үндүү жана үнсүз тыбыштардын созулуп айтылуусу бийик жана жумшак эмоцияны билдирет.

Экинчи баптан алынган тыянактар

Аталып өткөн чыгармалардагы сырдык сөздөрдү анализдеп, бир, эки, үч, төрт, беш жана алты компоненттүү структураларды үч тилде салыштырып, төмөнкү структуралардын изоморфтук кубулушка жетишкенин белгилеп кетүүгө болот:

1. Англис тилиндеги бир компоненттүү сырдык сөздөр 1, 2, 3, 7, 8, 14, 15, 16, 18, 25, 26, 30, 31, 33 моделдердин негизинде кыргыз жана орус тилдеринде бир компоненттуу сырдык сөздөр менен которулган.

2. Англис тилиндеги эки компоненттүү сырдык сөздөр 1, 2, 4, 5, 8, 12, 13, 14- моделдердин негизинде кыргыз жана орус тилдерине которууда эки компонент менен берилгене күбө болдук .

3.Үч компоненттүү структуралардын ичинен 6, 16, 17-мисалдарда гана үч тилде тең сырдык сөздүк маани үч компонент менен берилген, Жыйынтыктап айтканда, үч тилде тең которууда эки (8-мисал) жана үч (3-мисал) компоненттүү мисалдарга караганда бир компоненттүү структура бири-бирине көбүраак дал келет (14-мисал).

4.Ал эми текетш эмес тилдердеги сырдык сөздөрдүн структуралык айырмачылыктарын табуу менен бирге аларды которуудагы изоморфдук кубулуштар байкалды .

5. Англис тилиндеги эки компоненттүү сырдык сөздөрдү которууда 3, 6, 7, 10, 11, 15, 16- моделдердин негизинде андагы компоненттердин азайуусун же алардын санынын көбөйүүсүнө күбө болдук .

6. Англис тилиндеги үч, төрт, беш, алты компоненттүү сырдык сөздөр орус жана кыргыз тилдерине ар кандай компонент менен берилген, биз талдоого алган мисалдардан компоненттеринин саны боюнча так дал келген структуралар байкалбады. Сырдык сөздөрдү которууда сырдык сөздүн маанилер негизги жана кызматчы сөз түркүмдөр менен берилгенине күбө болдук. Мындай көрүнүш авторлордун стилине байланыштуу болот, балким, англис тилиндеги сырдык сөздүн, орус жана кыргыз тилдеринде туура эквиваленти жок болуп калышы да мүмкүн. Же болбосо, бул же тигил

контекстте башка бир зат атооч, ат атооч, этиш же тактооч түп нускадагы сырдык сөздүк мааниге көбүрөөк дал келген.

7. Тескерисинче, англис тилиндеги бир эле сырдык сөз орусчага же кыргызчага которулганда сөз айкашы же болбосо сүйлөм менен берилишине да күбө болдук (бир комп. модель 6).

8. А. Зайончковский, Н. Баскаков, А. Кононов, В. Решетов аттуу окумуштуулардын сырдык сөздөргө түзгөн муундук структурасынын негизинде кыргыз тилиндеги сырдык сөздөрдү V, VC, CV, CVC формуласына салдык. Мындай формула боюнча тыбыштардын биригүүсү да эмоциянын күчөтүлүүсүнө таасир берерин мисалдардын негизинде далилдедик.

III бап. Тектеш эмес тилдердеги сырдык сөздөрдүн семантикалык структуралары жана алардын которуунун өзгөчөлүктөрү.

Алгы сөз

“Семантика” термини грек тилинен (*semantikos* “билдирген”) деген сөздөнкелипчыккан жана тилдик бирдиктердин маанисин изилдеген лингвистиканын бир бөлүгү (И.М. Кобозева,2000:352). Сөздүн семантикалык анализи - бул сөздөрдүн бири-бири менен болгон семантикалык байланышынын анализи, ал семантикалык байланыш бир текстти түзөт (touch.otvet.mail.ru). Сөздүн мааниси бул бир сөздүн тилдик бирдиги болуп берген маалыматы, сөздү уккан адам анын менталдык (аң сезимибиздеги түшүнүктөрдүн)маанисин элестетет (Семантический анализ слова. И.А. Стернин, М.С. Саломатина, 2011). XIX кылымдын аягында, XX кылымдын башында семантиканы “семасиология” деп аташкан (байыркы грек тилинен ὄημασία-белги), азыркы убакытка чейин семантиканы изилдеген окумуштууларды да *семасиолог* деп аташат. Семантиканы изилдеген алгачкы окумуштуулардын бири В. Гумбольдт сөздүн этимологиялык маанисине терең изилдөө жүргүзгөн, ал сөздүн ички формасына көңүл буруш керек экендигин сунуштаган (С. К. Кулич, Семасиология,1890-1907)Сөздөрдүн семантикасын изилдеген Виноградов В.В., Васильев Л.М., Лайонз Дж., Кобозева И.М. ж.б. белгилүү изилдөөчүлөрдүн аттарын баса белгилеп кетебиз. Баарына маалым бир сөз бир нече мааниге ээ болушу мүмкүн, муну эске алып, академик Виноградов В.В. сөздүн түз номинативдүү жана фразеологиялык маанисин ажыраткан. Сүйлөмдүн толук жана чыныгы мазмунун түшүнүү үчүн, бир гана тилди билүү аздык кылат, тилден сырткары да маалыматты билип, автордун оюн жана мүнөзүн билүү зарыл. Семантикалык анализ конкреттүү кырдаалды, тарыхты жана

адамдардын маданиятын түшүнүүгө жардам берет (slovarfilologa.ru). Ошондуктан Майн Риддин “Башы жок чабандес” романын тандап алып, андагы сырдык сөздөрдүн колдонулушун, алардын маанисин изилдөөнү максат кылдык. Андыктан бул бапта биз аталган романдан 657 түрдүү сырдык сөздөрдү табуу менен алардын контексттеги семантикасын изилдеп, каармандардын мүнөзүн жана ошол мезгилдеги Техастагы адамдардын жашоо турмушун жана оозеки кептик сүйлөшүү стилин аныктайбыз.

Тектеш эмес тилдердегисырдык сөздөргө семантикалык анализ жүргүзүүдө биз ар бир сырдык сөздүн төмөнкү мүнөздөмөлөрүн эске алдык, алар: а) сырдык сөздүн эмоционалдык функциясы (сүйүнүү, капалануу, мактоо, кызгануу ж.б.); б) сөздүн жалпы мааниси жана тигил же бул контекстте эмоцияны кандай денгээлде көрсөтөөрүн эске алдык. Албетте мындай анализдин кыйынчылыктары кээ бир сырдык сөздөрдүн денотативдүү мааниси жоктугуна байланышту болот. (Шахбанова П.Б., 2006)

Баарыбызга маалым болгондой сырдык сөздөр көп маанилерди камтыган бирдиктер, ошондуктан алардын маанисин аныктоодо кандайдыр бир синонимдик перефразаны табуу зарыл, анткени ар кандай контекстте бир эле сырдык сөздөр сүйлөөчүнүн интонациясына, кырдаалга карата түрдүү эмоцияны билдириши мүмкүн. Биз болсо тигил же бул контекстке дал келе турган бир сөздү аныктай билишибиз зарыл. Бул илимий иште, ар бир сөздүн маанисин жана функциясын аныктоодо контекст эске алынган. Кийинки мүнөздөмө - бул сырдык сөздөрдүн түзүлүш ыгы боюнча тубаса жана туунду мазмуну. Акыркысы бул сырдык сөздөрдүн синтаксистик абалы жана пунктуациялык белгилери боюнча айырмаланышы.

“Башы жок чабандес” аттуу романындасырдык сөздөрдү табуу менен бирге, алардын ичинен 21 эң кызыктуу жана маанилүү эмоцияларды билдиргендерине семантикалык анализ жасадык. Аларды аткарган милдеттерине жана маанисине, карата төмөнку семантикалык тайпаларга бөлдүк; чоочуу, суйунуу, коркуу, тан калуу, жек коруу,

тамшануу,ишендирүү, тынчтануу, кубануу, жалынуу, суктануу, тамашалоо, уяткаруу, кемсинтүү, жинденүү, көңүл буруу, кызыгуу, мактоо, кызгануу, ачулануу, тоготпогондук, камаарабастык, жийиркенүү ж.б.

Англис тилиндеги сырдык сөздөргө тиешелүү материалдарды Америка жана Британия жазуучуларынын чыгармаларынан алынды, алардын айрымдары (1866-жылга, б.а. 19 кылымга таандык чыгармалар болгондуктан, анда байыркы коноо сөздөр учурайт. Ошондуктан алардын этимологиясына азыноолак кайрылуу зарыл деп таптык. Орус тилиндеги котормо А. Макаровага таандык [1979], ал эми орус тилинен кыргызчага Сүйүнтбек Бектурсунов которгон [1987]. Төмөнкү сырдык сөздөргө анализ берилген, алар:

1. Hooch-hoop-hoora! Гип, гип, ура! Пай, пай ура!
2. Heigh! Есть! Таптым!
3. Ah! Ах! Ах!
4. Hilloo! Ого! А-а..
5. Bah!Ба! Бах!
6. By the ’tarnal Almighty! Клянусь! Кудай урсун!
7. Alas! Увы! Атаганат!
8. Faugh! Жаль! Кап!
9. Pshaw! Фу! Фу!
10. Be japers! Черт побери! Шайтан баскырдыкы!
11. By my faith! Клянусь честью! Кусур урсун!
12. Mercy! Упаси боже! Өлчөсү курсун!
13. Hush! Шш! Шш!
14. Howly Mother! Святая дева! Кудай эне!
15. Ha! ha! ha! Ха ха ха! Ха ха ха!
16. Ha! ha! ha!Ай-яй-яй, Ой-ой-ой!
17. Pshaw! Фу! Фу!
18. Hound! Собака! Ит!
19. Ho, ho! Хо хо! Хо хо!

20. Mil demonios! Тысяча чертей! Миң шайтан!
21. Carrambo! Карамба! Карамба!

3.1. Модель - 1. Кубануу бул сезим сүйүнүүнү, көңүл көтөрүлүп шаттангандыкты билдирет. Адамдын жашоосунда кандайдыр бир көйгөйлөрдү чечүүдөн кийинки күч берүүчү сезим. Мисалы: *ура, ээх, ииий*.... Мисалы: 5. …She was a thing to excite the admiration of one less a connoisseur in horse-flesh that the ci-devant stable-boy of Castle Ballagh.

*"**Hooch-hoop-hoora!**"* cried he, as he set eyes upon the captive, at the same time tossing his hat high into the air. «Thanks to the HowlyVargin, an' Saint Pathrick to boot, Masther Maurice, yez have cotched the spotty at last! It's a mare, be japers!

Och!The purty craythe r ! I don't wondheryezhiv been so bad about gettin' howltav her. ***Sowl***if yez had her in Ballinasloe Fair, yez might ask your own price, and get it too, widoutgivin' sixpence av luck penny. ***Oh!*** the purty craythe r ! Where will yezhiv her phut, masther? Into the corral, wid the others?" [32]

1. Ею залюбовался бы и не такой знаток лошадиной красоты, как бывший грум замка Баллах.

-Гип, гип, ура!- закричал Фелим, как только увидел пленницу, и подбросил вверх свою шляпу. - Слава пресвятой деве и святому Патрику, мастер Морис поймал наконец крапчатую! Это кобыла, черт возьми! Ну и лошадка!..Не диво, что вы так гонялись за ней. **Ей –богу!** У нас на ярмарке в Баллиносло мы могли бы заломить за нее любую цену, и ее бы у нас все равно с руками оторвали. Ну и лошадка!.. Куда же мы ее поставим? В кораль со всеми? [43]

1. Мустангер мындай сулуу жылкыны эч качан кармаган эмес. Чаар мустангды көргөн кандай киши болсо да суктанбай койбос эле.

-Пай-пай, ура! - деп кыйкырды Фелим калпагын асманга ыргытып, - Ыйык Патриктин өркүнү өссүн, жаш кожоюн акыры чаар байталды кармаган экен! Сулуу байтал экен да!.. Кожоюндун муну кубалап жүргөнү таң

каларлык эмес турбайбы. Шайтан баскырдыкы? Биздин Баллинаслой ярмаркасында бу байталды кандай баага болсо да алышар эле. Эх,сулуу жаныбарым!.. Муну каякка байлайбыз? Кашаанын ичинеби? [37]

Бул контекстте Моррис Жеральд менен Фелим издеп жүргөн мустанг атты табышып, өтө кубанып турушат. Айрыкча Фелим сүйүнгөнүнөн "***Hooch-hoop-hoora!***" деген сөздү айтат да, ал аттын сулуулугуна жана кымбат баалулугуна суктанып аябай ыраазы болот. Бул илептүү сырдык сөз адамга дем бере турган стимул сыяктуу колдонулат жана кандайдыр бир мааракелерде же тойлордо тост катары айтылган сөз болуп эсептелинет (Allen Walker The Rebel Yell as a Linguistic Problem\\ American speech, № 3, p. 83-92, 01/05. 1961).

Бул сөздүн этимологиясы тууралуу көптөгөн варианттар бар. Бул сөз герман тилдерине таандык, Вебстердин сөздүгү боюнча, (Webster's third New International Dictionary, 1961: 1074) 1827-жылы биринчи жолу тост катары айтылган деген маалымат бар. ***Hooch*** сөзү өзүнчө шотландиялык сырдык сөз болуп, эмоцияны билдирет (Webster's third New International Dictionary, 1961:1087). Ал эми ***hoop***сөзүнүн индоевропалык мааниси - темир же жыгачтан жасалган жана кандайдыр бир тоголок нерсени бышыктап кармаган сызыкчалар. Ал эми үчүнчү компоненти "***Hoora"*** сөзүн кыргыз жана орус тилдерине ***"Ура!"*** деп которсок жаңылышпайбыз. Демек, бул үч компонент бир сырдык фразаны түзүп, кубануу эмоциясын күчөтүү максатында колдонулуп жатат. Орус тилинде "***Гип, гип, ура!***" деп которулган жана башка тилден келген сөз деген маалымат бар. Биринчи вариант боюнча, латын тилиндеги аббревиатура болуп "Hierusalem est perdita" орус тилине "Иерусалим разрушен" берилет (Webster's Online Dictionary (англ.)). Экинчи версия боюнча, бул эч кандай латын тилиндеги фраза эмес эле, ал немец чабандар малды айдоодо колдонулган сөз болуп калат (David Wilton , 2009 англ.). Ошондой эле кийинки версия боюнча, "***гип-гип- ура***" грек тилине таандык, күчөтүү формасында бир нерсени айтуу же болбосо кимдир бирөөнү мактоо мааниде айтылган сөз экен (Павсаний.

Описание Эллады (14,7)). Демек, кээ бир маалыматтарга таянып, орус тилинде бул фраза башка тилден кирип, адамдар сүйүнгөндө же кубанганда тост сүйлөнгөндөн кийин айтыла турган сөз деп айтсак болот. Ал эми кыргыз тилине "***пай-пай, ура***" деп которулган. Негизинен, ***пай-пай*** деген сөз кыргыз тилинде сүйлөө кебинде көп колдонулат. Мисалы, бирөөнү мактаганда *пай-пай сүйлөсө тилинен бал тамат, мактаса булут мингизет...* же болбосо нааразы болгондо да ушул сөз айтылышы мүмкүн *пай-пай ушундай кайгы экен да...* Демек, бул сөздү көп мааниси бар, эмоционалдуу сөз деп айтсак болот. Бул контекстте өтө кубанган каарман Фелим атты көрүп ушунчалык сүйүнүп, сүйүнүчү көкүрөгүнө батпай, "***пай-пай, ура!***" деп айтууда. Ал эми *ура*түрк сөздөн келип чыккан жана *ura- ур*деген мааниге ээ. Демек, үч тилде тең берилген сырдык фраза изоморфтук котормого жетишет жана сүйлөмдөгү орду, пунктуациялык белгиси боюнча окшош.

3.2. Модель - 2. Сүйүнүү кубануу, шаттануу, сүйүнүчтө болууну жана көңүлдү сезимди билдирет.

Мисалы: 1. Zeb, who had by this time passed through the doorway, again stopped to reflect.

"Heigh!" he exclaimed, after a pause of six seconds. "I've got it. I've treed the eydee.Ye see my ole maar, tethered out thur on the grass?"

"Shure I do, Misther Stump. Av coorse I do".

"Wal, ye see thet ere prickly cacktis plant growin' cloast to the edge o'thopenin'?"

"Faith, yis" (333).

1. Зеб уже переступил порог, но потом остановился и задумался.

-***Есть!*** - воскликнул он после некоторого размышления. – Придумал! Видишь мою старую кобылу?

-Как же не видеть, мистер Стумп? Конечно, вижу.

-Ладно. А колючие кактусы на краю поляны видишь?

-Молодчина!..(323).

1. Зеб босогону аттап чыкмакчы болду да, кайра токтоп, ойлонуп калды.

-***Таптым!*** - деп жиберди ал бир аз ойлонуп тургандан кийин. - Таптым. Менин картаң бээми көрдүңбү?

- Кантип көрбөйүн, мистер Стумп? Албетте көрүп турам.

-Макул. Дагы нары тикенектүү кактусту, тетиги талаанын четиндеги немени көрдүңбү?

- Алаканымдагыдай көрүп турам.

- Азаматсың? Эми угуп тур (263).

"Heigh!" бул сүйүнүчтү билдирген сырдык сөздөрдүн катарына кирет (этимологиялык маалымат белгисиз). Же болбосо бирөөнүн көңүлүн буруунун белгиси катары да колдонулушу мүмкүн (Вебстер сөздүгү, 1049). Бул контекстте мергенчи Зеб Стумп ойго батып, бир аз убакыттан кийин, кызыктуу бир ой келет да, ***"Heigh!"*** деп кандайдыр бир сүйүнүч менен айтып жиберет. Демек, бул сөздүн маниси боюнча "Эврика" деген сөз менен салыштырсак болот, себеби бул сөз да акылдуу бир ой келгенде айтылган. Бул сөз орус тилине "***Есть!***" деп которулуп берилген, этиш болуп туруп, бул контекстте сырдык сөздүн функциясын аткарат. Орус тилиндеги маниси "У меня есть идея..." деген толук сүйлөмдөн алынган деп айтсак болот. Ал эми кыргыз тилинде "***Таптым!***" деп сөзмө-сөз которулган, кыргыз тилинде да бул этиш, бирок сырдык репликанын функциясын аткарат. Себеби көпкө чейин ойлонуп турганыбызда, кандайдыр бир ой же чечимге келгенибизде *таптым* деген сөздү айтабыз. Бул сөздүн ордуна "Аа!" же болбосо "Ура!" деген сырдык сөздөрдү да айтылса туура келет болчу. Демек, англис тилиндеги ***"Heigh!"*** деген сырдык сөз орус жана кыргыз тилдерине ***"Есть!"*** жана ***"Таптым!"*** деген этиш сөздөр менен берилүүдө. Үч тилде тең сүйлөмдүн башында келип, илеп белгиси менен айырмаланат.

3. 3. Модель - 3. Суктануубул сезим бир жакшынакай, сулуу нерселерге кароо, көз артуу, сугун артуу. Мисалы: *Омий, укмуш, вах вах, айланайын* ж.б. Мисалы: 7. As already stated, Louise Poindexter was a Creole. After that, it is scarce necessary to say that her hair was of a dark colour; and – as the sable maid

in rude speech had expressed it- luxuriant as Spanish moss. It was not; but of a rich glowing brown – such as may be observed in the tinting of a tortoise- shell, or the coat of a winter-trapped sable.

"Ah!" continued Florinda (SERVANT), spreading out an immense "hunk" of the hair, that glistened like a chestnut against her dark palm, "if I had dat lubbly hairon ma head, in'tead ob dis cuss'd cully wool, I fotch em all to ma feet-ebbry one ob dem" (56).

7. Луиза Пойндекстер, как уже упоминалось, была креолка, а потому вряд ли нужно говорить, что ее волосы были темного цвета и пышные, « словно испанский мох», как наивно выразилась негритянка. Но они не были черными; это был тот густой каштановый цвет, который встречается иногда в окраске черепахи или пойманного зимой соболя.

-Ах,- продолжала Флоринда (служанка), взяв тяжелую прядь волос, которая отливала каштановым цветом на ее черной ладони, - если бы у меня были ваши красивые волосы, а не эта овечья шерсть, они все были бы у моих ног, все до одного! (70)

7. Луиза Пойндекстер креолка эле, ошондуктан, сиздин чачыңыз кара, испаниянын моху сыяктуу сеңселип турат деп кагылбагандык кылганы менен, негр кыздын таап айтканын туура эмес дешке болбойт. Бирок кыздын чачы кара эмес эле. Ал кээде таш баканын же кышында кармалган суусардын өңүнө окшоп кара күрөң болучу.

-Ах- деп, Флоринда сөзүн улантты, - эгерде менин чачым койдун жүнүндөй болбой сиздикиндей сонун болсо, жанагы жигиттердин бири калбай, аягыма жыгылар эле (57).

Мурда айтып кеткендей, Техастагы белгилүү плантатор Вудли Пойндекстердин кызы Луиза Пойндекстер келбети келишкен ошол айланадагы эң эле сулуу кыз болгон. Бул контекстте Луиза Пойндекстер анын кызматчысы негр кыз менен сүйлөшүп олтурат. Кызматчы негр кыз Луиза Пойндекстердин чачын тарап, ал чачтын кою жана түз болгонуна суктанат. Себеби "...менин чачым койдун жүнүндөй болбой сиздикиндей

болсо...” деп аябай суктанат да “***Ah!***” деген сөздү айтат. Демек, ошол сөздөн улам биз кызматчы кыздын суктанганына күбө болдук. Англис тилиндеги “***Ah!***” сырдык сөзү орус жана кыргыз тилдерине дал эле ошондой болуп которулат; орус тилинде “***Ах***”, кыргыз тилине “***Ах***”. Бул сөз тубаса, эмоционалдык жана көп маанини билдирген сырдык сөздөргө кирет. Котормодон жана берилген мааниден үч тилде тең изоморфтук кубулушту байкайбыз. Айырманы бир гана пунктуациялык белгилерден көрсөк болот: англис тилинде “***Ah!***” тырмакчага алынып, илеп белгиси менен айырмаланат, орус тилинде -***Ах,***- эки жагыдан тире менен алынып, үтүр менен айырмаланат, ал эми кыргыз тилинде болсо -***Ах***- орус тилиндегидей тире менен алынат, бирок үтүр менен ажыратылбайт. Демек, бул контекстте ***Ах*** сырдык сөзү үч тилге которулганда толук адекваттуулукка жетишет деп айтсак болот. ***Ах***интернационалдуу сырдык сөз деп дагы айтсак болот: айтылышы жана мааниси боюнча көп тилдерде дал эле ушундай болуп колдонулат. Мисалы, украин тилинде дал эле ушундай сырдык сөз жазылышы жана айтылышы жагынан окшош:

..И мамо ждэ за завиской у хати,
И дэнь для мэнэ, и квиткы в маю.
***Ах**, мамо, мамо, мыла моя маты,*
Як бы ж ты знала про судьбу мою!..

[стихи Виктория Вахромеева ”Куе зозуля”, 2014]. Казак тилинде да ушундай сырдык сөз бар мисалы: *Ах, па, қандай жақсы бала!* (translate.academic.ru). Немец тилинде да мындай сырдык сөз бар экендигине күбө болобуз, мисалы: ***Ah**, wollen wir Barbara besuchen!* (Ах, давайтенавестимБарбару!). Жогорудагы мисалдардан улам, дагы бир жолу бул сырдык сөз интернационалдуу жана тилдик универсалийге киретдеп ишенимдүү айтабыз.

3.4. Модель - 4.Таң калуу эмоциясы адам кандайдыр бир жакшы же күтүлбөгөн кабар укканда, сүйүнгөндө, кызыктуу нерсени ж.б. көргөндө пайда болот.*Айии, охоо, ах, ой* ж.б.

Мисалы: 10. Shortly after their trail was again lost- or would have been to a scrutiny less keen than that of Zeb Stump- among the hundreds of other hoof-marks seen now upon the sward.

“Hilloo!” exclaimed the old hunter, in some surprise at the new sign. “What’s been a doin’ hyur? This air some’ at kewrious”. “Only th etracks of the wildmares!” suggestedCalhoun(99).

4. Через некоторое время они снова затерялись или, вернее, стали заметны лишь для глаза такого опытного следопыта, как Зеб Стумп, который различил их среди сотни отпечатков копыт, оставленных на примятой траве.

-***Ого!***- вдруг с удивлением воскликнул старый охотник. – Что же здесь происходило? Что то занятное... - Это же отпечатки копыт диких кобыл,- сказал Колхаун (120).

4. Демек, алар жапайы бээлерди мындан ары кубалашыптыр. Дагы нарылап, карап көрүш керек.

- Кандай болбосун издеш керек?

Дагы сүйлөп турбастан, Зеб Стумп жаңы изди кууп жөнөдү.

А-а,- деп жиберди картаң мергенчи. - Биерде эмне болгон? Бир балаа болгон окшойт. Жапайы бээлердин изин гана көрүп турам, - деп жооп кайтарды Кольхаун. - Алар бир айланып чыгып, кайра кетишиптир.

Тажрыйбалуу мергенчи Зеб Стумп токойдо жапайы бээлердин жана Моррис Луиза экөө минген аттардын аралашып кеткен издерин көрүп, издерди ажыратып алып, ал жерде бир нерсе болуп өткөнүн аныктады. Мындай издерди изилдөө бир гана Зеб Стумптун колунан келген, себеби ал ошол чөлкөмдө эң эле тажрыйбалуу жана кыйын мергенчи болгон. Зеб издерди көрүп таң калуу менен ***“Hilloo!”*** деп айтат, англис тилинде бул эмоционалдуу жана өзгөрбөгөн сырдык сөздүн формалары өтө көп – *hallo, hillo, hilloa, holla, holler, hollo, hollow, hullo* ж.б. Сырдык сөз катары “кыйкырык”, ал эми зат атооч катары “кыйыкырыкты атоо” деп которулуусун билдирген версиялар бар. (https://books.google.com/books?isbn..). Демек, англис тилиндеги ***“Hilloo!”***

деген сөз таң калууну билдирет деп билебиз. Бул сөз орус тилине ***“Ого!”*** деп которулуп берилген, бул орус тилиндеги сөз эмоционалдуу, тубаса жана көп мааниси бар сырдык сөздөргө кирет. Биздин оюбуз боюнча, бул сөз орус тилинде көбүнчө таң калуу, суктануу, жакшы көрүү эмоцияларын билдирет. Мисалы: “Ого, какие у тебя длинные волосы! ” же болбосо “Ого-го, как ваш ребенок вырос и стал сладким мальчиком!”. Демек, бул сөз позитивдүү сөздөргө кирет деп айта алабыз. Ал эми кыргыз тилиндеги -***А-а!***- деп берилген, мындай сырдык сөз чындап эле адамдын таң калуусун жана бир нерсени билип алганын билдирет. Үч тилде тең тубаса, эмоционалдуу жана көп маанилүү сырдык сөздөр берилген, бардыгы сүйлөмдүн башында келип, илеп белгиси менен айырмаланат. Демек, семантикалык жактан, пунктуациялык белгилери боюнча адекваттуу котормо алынган деген тыянакка келдик.

3.5. Модель - 5. Кызыгуу көңүлдү өзүнө тарткан, бир нерсени же окуя жөнүндөгү маалыматы билүүгө болгон калоо сезими.

Мисалы: 5. “The brute’s drunk!” said his visitor, mechanically speaking aloud.

“H’la S’cor!” exclaimed the owner of the jacalй, aroused to a state of semiconsciousness by the sound of a human voice. “Quien llama! Who has the honour — that is, have I the happiness — I, Miguel Diaz — el Co — coyotй, as the leperos call me. Ha, ha! coyo — coyot. ***Bah!*** what’s in a name? Yours, S’cor? Mil demonios! Who are you?”

Partially raising himself from his reed couch, the inebriate remained for a short time in a sitting attitude — glaring, half interrogatively, half unconsciously, at the individual whose voice had intruded itself into his drunken dreams (199).

5. -Этот мерзавец вдребезги пьян! – сказал Колхаун вслух.

-Эй, сеньор! - воскликнул мексиканец, наполовину разбуженный звуком человеческого голоса. - Кому такая честь?.. Нет, не то! Я счастлив вас видеть, я, Мигуэль Диас, Эль - Койот, как меня называют бродяги. Ха-ха-ха!

Койот! ***Ба,*** а как вас зовут? Ваше имя сеньор? Тысяча чертей, кто вы такой? (199).

5. – Бу доңуз, өлгөндөй мас экен! – деди ал үнүн катуу чыгарып.

-Алло, сеньор! – деп кыйкырды кепенин кожоюну кишинин үнүн угуп, чала-була эсине келип. Мындай урматты ким көргөн? Жок, андай эмес го? Бактылуу экемин, сизди көрдүм, - мен, Мигуэль Диаз, биердегилер айткандай, Эль- Койот. Ха-ха-ха! Койот! ***Бах,*** а сиздин атыңыз ким? Сиздин атыңыз ким, сеньор? Миң шайтан! Сиз кимсиз? (159).

Вебстер сөздүгүндө (163-б.) "***Bah!"*** деген сөз жек көрүүнү жана тоотпогондукту билдирет деп жазылган, бирок бул контекстте кызыгууну түшүндүрөт деп билебиз. Анткени Мигуэль Диас Кольхаунду карап, аны тааныбай "***Bah!***" сиз кимсиз деп сурайт, демек, анын атын билгиси келип, бир нече жолу сурап жатат. Ал эми этимологиясына көңүл бурсак, бир нече версиялар бар экендигине күбө болобуз. Бул сөз индоевропа тилдерине таандык болуп бирдей эле айтылат, бирок ар түрдүү маанилерди өзүнө камтыйт. Мисалы: британ англис тилинде жек көрүү жана чыдамсыздыкты билдирет, дат тилинде жийиркенгендикти түшүндүрөт, француз тилинде болсо, күчөтмө бөлүкчө катары колдонулуп тынымды толуктоо максатында айтылат. Итальян тилинде таң калууну билдирүү менен, бирөөнүн айтылган сөзү жакпаган болсо, жооп катары да айтылат. Бул сөз Прото-Малей-Полинезиан тилинен келип кирген жана "bahaq" "суу ташкыны" деген мааниси бар, ошондой эле санскрит тилинде *bahasa* сөзүнүн кыскартылган формасы - "bhāṣā" "тил" деген маанини билдирет (en.m.wiktionary.org). Мындай версиялардан улам, биз адам дарыяга окшоп кандайдыр бир эмоцияга толгондо, ошол кырдаалга жараша тигил же бул тыбыш же болбосо үн ташкан сууга окшоп ичинен чыгышы мүмкүн деп божомолдойбуз. "***Bah***" сырдык сөзү "суу" жана "тил" менен тыгыз байланышы бар деп айтсак болот. Демек, англис тилинде мындай сөз өтө көп мааниге ээ экендигин көрдүк. Ошондуктан бул сөз эмоционалдуу, көп маанилүү жана тубаса сырдык сөздөргө кирет. Кыргыз тилиндеги котормо "***Бах!***" англис тилиндеги сөз

менен изоморфтук кубулушу бар, анткени айтылышы, мааниси, жазылышы да окшошот. Орус тилинде "***Ба***" өзгөрбөгөн сырдык сөз бир нече маанини билдирет: таң калууну "***Ба!*** *Да ты еще и полиглот!*", таанып калууну "***Ба!****Какие люди , и без охраны!– Вы кто такой будете, гражданин? - испуганно спросил Никонор Иванович*" ж.б. (М.А. Булгаков "Мастер и Маргарита, часть 2", 1929-1940). Бул сөздүн синонимдери да бар: *ба, ух ты, опа, опа-на…* Этимологиясына бир көз жүгүртсөк: бул сөз байыркы славян тилинде "быть" деген этишти билдирет, бул этиштен улам биринчи жак, жекелик түрдө "быхь" деген сөздөн келип чыккан деген версия бар (О.Е. Поляков, 1995:136). Демек, орус тилинде бул сөз көбүрөөк суктануу жана таң калуу эмоцияларын билдирет, берилген контекстте бул сөздө, балким, таң калуу жана кызыгуу мааниси аралашып кеткен. Ал эми пунктуациялык белгилерин карап чыксак, англис тилинде илеп белгиси менен берилген, орус жана кыргыз тилдеринде болсо, үтүр менен ажыратылган.

3.6. Модель - 6. Коркуу бул сезим кыжалат болууну же тынчы кетүүнү, бир нерседен же окуядан чочууну билдирет.

Мисалы: 6. Was it a phantom? Surely it could not be human? "Tis old Nick upon horseback!" cried a fearless frontiersman, who would scarce havequailed to encounter his Satanic majesty even in that guise. "***By the 'tarnal Almighty,*** it's the devil himself".

The boisterous laugh which succeeded the profane utterance of the reckless speaker,while it only added to the awe of his less courageous comrades, appeared to producean effect on the headless horseman. Wheeling suddenly round — his horse at the sametime sending forth a scream that caused either the earth or the atmosphere to tremble— he commenced galloping away (224).

6. Что же это такое? Не привидение ли? Разве это может быть живым человеком?

-Это дьявол на лошади! – вдруг крикнул один из бывалых пограничных жителей, которого ничем нельзя было испугать. - ***Клянусь,*** *это сам дьявол!* Его грубый смех, сопровождаемый ругальством, еще сильнее испугал более робких из присутствующих и, казалось произвел впечатление даже на всадника без головы. Он круто повернул свою лошадь, а она дико заржала и поскакала прочь (223).

6. ...Бул арбак болуп жүрбөсүн? Тирүү киши мындай болушу мүмкүн эмес го.

-Бул атка минген ибилис турбайбы! - деп, чек арачылардын демейде эч нерседен тайманбаган, көптү көргөн бирөө чаңырып жиберди. - ***Кудай урсун,*** бул ибилистин дал өзү экен! (180).

Бул контекстте бир нече адамдан турган отряд токойдо жүрүп, ат минген башы жок чабандести көрүп калышат. Албетте, мындай көрүнүш алардын жүрөгүн түшүрөт да, алардын бирөөсү аябай коркуп, катуу кыйкырып жиберет, бул коркуп турган шериктерин ого бетер коркутат. Алар күтүлбөгөн жерден чыккан мындай көрүнүштөн аябай чочуп кетишип, тапырашып, кыйкырышат. Мындай ызы-чуудан улам, башы жок чабандестин аты да чочуп, бурулуп качып кетет. "***By the 'tarnal Almighty"*** деп ошол жерде жашап жүрүп эч нерседен коркпогон жашоочу кыйкырып жиберет. Демек, бул сөз - өтө корккон адамдардын айткан сөзү деп биле алабыз. Бул сөз (www.dictionaryfocus.com) жазылышы боюнча, сын атооч, этиш жана сырдык сөз болуп колдонулат экен. Сын атооч "кудуреттүү", этиш катары "бирөөнү таң калтыруу" же болбосо "күтүлбөгөн жерден бирөөгө чабуул жасоо" дегенди билдирет. Ал эми сырдык сөз катары "коркунучтун белгиси", "чочулоонун үнү" дегенди туюнтат. Демек, англис тилиндеги аныктамалары өкызыктуу жана маанилүү экендигине күбө болдук. Берилген контекстте "Almighty" эмоционалдуу, бир маанилүү жана туунду сырдык сөз, корккон адамдын эмоциясын чагылдырат. Бул сөз орус тилинде "***Клянусь, это сам дьявол!***" жана кыргыз тилинде "***Кусур урсун***" деген фразалар менен берилет. Орус тилиндеги "клянусь" жана кыргыз тилинде "кусур урсун" сырдык

фразалар адекваттуу котормого жетишкен, эмне дегенде, маанисиболюнча “өлүп кетейин” же болбосо “Кудай акы” дегенди билдиришет. Орус тилинде башы жок чабандес “дьявол” менен салыштырылат, кыргыз тилинде ал “*Э, шайтандыкы*” деп берилгенде, туура болот эле деп ойлойбуз. Биздин оюбузча, англис тилинен орус тилине которулган версиясы “всемогущий”, башкача айтканда “бог!” деп берилген, *всемогущий* деген сөздү кыргыз тилинде “О кудуретүү кудай” деп берсе болот. Демек, орус тилине “О боже!” ал эми кыргыз тилине “О кудайым ау!” деген сырдык сөздөр которулуп берилгенде, дал келет эле деген ойдобуз. Демек, англис жана кыргыз тилдериндеги котормо толук адекваттуулукка жетишкен. Ал эми орус тилинде карама-каршы сөз менен берилген. Бирок эмоциялык жактан үч тилде тең изоморфтук кубулушту байкайбыз.

3.7. Модель - 7. Өкүнүү бул сезим кандайдыр бир жагымсыз иш, окуя ж.б. болуп кеткенине кейиште болуу, кейип калуу. *Өткөн ишке өкүнбө*. (макал)
Мисалы:7. “Oh! I is, Mass’ ’Tump. Sorry dis chile am to hab say dat am too troo. Dey all gone tosarch atter de body.”

“Hyur! Take these things to the kitchen. Thur’s a gobbler, an some purayra chickens.Whar kin I find Miss Lewaze?”

“Here, Mr Stump. Come this way!” replied a sweet voice well known to him, but nowspeaking in accents so sad he would scarce have recognised it.

“***Alas!*** it is too true what Pluto has been telling you. My brother is missing. He has notbeen seen since the night before last. His horse came home, with spots of blood uponthe saddle. O Zeb! it’s fearful to think of it!” (265).

7. –Ох, масса Стумп! Очень горько этому малому говорить, но это сама правда. Все поехали искать, где он лежит.

-На, отнеси это на кухню. Здесь индюк и дикие куры. Где мисс Луиза?

-Я здесь, мистер Стумп. Идите сюда! – ответил серебристый голосок, хорошо знакомый охотнику, но на этот раз такой грустный, что Зеб Стумп с трудом узнал его.- ***Увы!*** Все, что Плутон вам сказал, - все это правда. Мой

брат пропал. Его никто не видел с позавчерашнего вечера. Его лошадь вернулась домой с пятнами крови на седле. О Зеб, даже страшно подумать! (260).

7. –О! Барып турган чындык, масса Стумп. Ал жөнүндө айтуу мага абдан кайгылуу. Анын кай жерде жатканын издеп тапканы баары кетишти.

-Мен мындамын, мистер Стумп. Кириңиз! – деп мергенчиге жакшы тааныш, шаңкылдаган үн жооп кайтарды, бирок бу жолу абдан кайгылуу чыккандыктан бул үндү Зеб Стумп зорго ажыратты. – ***Атаганат!*** Плуто сизге айткан сөздүн баары чын. Агам дарексиз жок болуп кетти. Мурдагы күндөн бери аны көргөн эч ким жок. О, Зеб, ойлосоң жүрөк түшөрлүк иш (210).

Картайган мергенчи Зеб Стумп Пойндекстердин үйүнө тооктору алып келип, аларды кухняга жеткирип койгонун негр кызматчы Плутонго айтат. Плутондун кайгырып турганын байкап эмне болгонун сурайт, негр кызматчы мистер Генри атын минип кетип, келбей калгандыгын маалымдайт. Ошондуктан үйдөгүлөрдүн бардыгы абдан кайгылуу абалда болгонун да айтат. Мындай кайгылуу окуяны тастыктап мисс Луиза да "***Alas!***" деп айтуу менен, агасы Генри үйгө кайтып келбей, дарексиз жок болуп кеткенине кайгырат. Бул кырдаалда кайгырууну билдирген "***Alas!***" сырдык сөзү колдонулган, бул сөз эмоционалдуу, бир маанилүү жана тубаса сырдык сөздөргө кирет. Вебстер сөздүгүндө (Webster's third New International Dictionary, 1961:49) англис тилинин орто доорунда байыркы француз тилиден кирген сөз деп берилген, ошондой эле, *ah + las* "чарчап калган, кыйналган" деп которулат. Бул сөз бактысыз, кайгыруу, боор оруу сезимдерин түшүндүрөт жана көбүнчө сүйлөмдөрдүн башында колдонулат. Демек, англис тилиндеги "***Alas!***" деген сырдык сөз адамдын кайгыруу эмоциясын билдирет. Англис тилиндеги бул сөз орус тилине маниси жагынан дал келген "***Увы!***" деп которулган, байыркы орус тилинде "оувы", латын тилинде "vah, vae" деп берилген жана биринчи жолу бул сырдык сөз "Повести временных лет", "Сказание о Борисе и Глебе" деген чыгармаларда

Аввакуумдун насыяларды айтуусунда колдонулган (ru.m.wictionary.org), ошондой эле бул сөз бир нерсе боюнча кайгыруу жана капалануну дагы билдирет (Ожегов С.И. “Словарь русского языка”- М.:1949). Демек, англис жана орус тилдеринде кайгыруу жана капалануу эмоциялары: “***Alas!***” жана “Увы!” сөздөрүнүн жардамында берилет. Ал эми кыргыз тилине “***Атаганат!***” деген сөз менен туюнтулган, кыргыз тилинде бул сөз “капачылыкты, кейүүнү” билдирет деп айтсак болот. Бул сөздүн төмөндөгүдөй аныктамасы бар: *атаган* деген сөз түрк тилинде “ятаган” деп айтылып, “саюучу курал” деген мааниси бар (www.zabytye-slova.ru). Биздин оюбузча, саюучу курал менен кейүү жана капачылык деген сөздөр маанилери боюнча жакын сөздөр деп айтсак болот, себеби саюучу курал адамга сайылганда, ал адамга биз боор ооруп, капа болобуз. Демек, үч тилде тең эмоционалдуу, бир маанилүү жана тубаса сырдык сөздөр колдонулган, котормо жана пунктуациялык белгилери жагынан толук адекваттуулукка жетишкен деп ишеним менен айтабыз.

3.8. Модель - 8. Кейүү бул адамдар кандайдыр бир ишке, кырсыкка ж.б. байланыштуу капалануу, кейиште болуу, санаага батуу сезимин билдирет. Мисалы: 8. “No, senor. I have nothing of the kind. I am sorry I have not.”

“Faugh! The more’s the pity for poor Masther Maurice. It ud a done him a dale avgood. Well; he must put up widout it.”

“But, senor; surely I can see him?”

“Divil a bit. Besides fwhat ud be the use? He wudn’t know ye from his great grandmother. I till yez agane, he’s been badly thrated, an ’s now besoide hisself!”

“All the more reason why I should see him. I may be of service. I owe him a debt —of — of —” (337).

8. -Нет, сеньор, у меня нет ничего такого. К сожалению, нет.

-Жаль! Обидно за мистера Мориса. Это было бы очень кстати. Но что поделаешь, придется обойтись и так.

- Но, сеньор, неужели правда, что мне нельзя его видеть?

- Конечно. Да и к чему? Он ведь все равно не отличит вас от своей прабабушки. Я же вам говорю- он весь изранен и не в себе.

- Тем более я должна его видеть. Может быть, я могу помочь ему. Я в долгу перед ним... (327).

8. -Жок, сеньор, менде бир тамчы шарап жок эле.

- ***Кап***, мистер Морис үчүн жаман болду, шарап ага абдан керек эле.

-Бирок, сеньор, ырас эле аны мага көрүүгө болбойбу?

- Кылдай да калпы жок. Анын үстүнө, аны көргөндө эмне пайда? Баары бир ал сизди өзүнүн чоң энесинен ажырата албайт. Дагы айтайын, ага жаман мамиле кылышыптыр, эс-учун билбей жатат.

- Ошол үчүн да көрүшүм керек. Балким, мен ага жардам берермин. Мен ага карыздармын...(266).

"Faugh! деген сөз орус тилине ***"Жаль!"*** кыргыз тилине болсо ***"Кап,"*** деп которулуп берилген. Англис тилиндеги ***"Faugh!"*** сөзү 1540-жылга таандык жана жийиркенүүнү, жек көрүүнү түшүндүргөн сырдык сөз (www.etymoline.com), (Вебстер, 829-б.). Англис тилиндеги контекстте бул сөз кейүүнү билдирет, анткени бул сөздөн кийин *The more's the pity for poor Masther Maurice* деген сүйлөмдө Моррис Жеральд жаман болду деп Зеб Стумп кейип, ага боору ооруп олтурат. Морриске жаман мамиле кылышты деп, жардам бергиси келет. Демек, бул сөз кандайдыр бир кейүү менен боор оруу эмоцияларынын аралашуусу болуп кеткен деп ойлойбуз. Орус тилиндеги "Жаль!" өзгөрүлбөгөн предикатив, бирөөгө боор ооруу же аёо деп которулат. Ошондой эле Православян тилиндеги *жалити* деген сөздөн келип чыккан деген маалымат төмөнкү сайттан алынган (Старославянский словарь, 1994), (ru.m.wiktionary.org). Демек, бул контекстте *жаль* предикатив сөзү сырдык сөздүн функциясын аткарат деп айтсак болот. Ал эми кыргыз тилинде "***Кап***" деген сөз бир маанилүү, эмоционалдык жана тубаса сырдык сөз болуп эсептелинет (Ахматов Т. К., 1975: 151). Бул сырдык сөз капалануу же болбосо кейүү эмоциясын билдирет. Мурда айтылып кеткендей, кыргыз тилиндеги контекстте да капалануу менен кейүү эмоцияларынын

аралашуусун көрө алабыз. Демек, үч тилде адекваттуу котормону көрдүк, айырмасы бир гана пунктуациялык белгилерде жатат: англис жана орус тилдеринде илеп белгиси менен айырмаланса, кыргыз тилинде үтүр менен ажыратылат.

3.9. Модель - 9. Тоготпогондук бул адамдардын өзүн башка адамдан бийик сезүү жана башкаларды кемсинтүү, же болбосо өзүн башкаларга теңебөө, мурдун көтөрүү сезимин билдирет. Ошондой эле, бирөөнүн көйгөйүнө кенебеген мамиле жасоо дегенди түшүндүрөт.

Мисалы: 9. “Odd he should always make back there?” reflected Calhoun, as he pondered upon thecircumstance. “Damned ugly odd it is! Looks as if he knew —. Bah! It’s only becausethe grass is better, and that pond by the side of it. Well! I hope he’s been thinking thatway this morning. If so, there’ll be a chance of finding him. If not, I must go onthrough the chapparal; and hang me if I like it — though it be in the daylight. Ugh!

“***Pish***! what’s there to fear — now that he’s safe in limbo? Nothing but the bit of lead;and it I must have, if I should ride this thing till it drops dead in its tracks. HolyHeaven! what’sthatoutyonder?” (462).

9. “Как странно, что он всегда возвращается туда!- думал Колхаун.- Чертовски странно! Словно он знает...Глупости! Просто там трава сочнее и близко вода. Ну что же, надеюсь, что и сегодня он будет так же настроен и у меня будет возможность найти его. Если же нет, то мне придется искать его в зарослях, а это даже и днем удовольствие небольшое. ***Бр-р-р!***.. А чего мне, собственно, бояться, раз мустангер уже в тюрьме? Какие улики? Один только кусочек свинца. Но его я достану, даже если бы мне пришлось загнать коня до смерти!”

- Силы небесные! Что это там? (438).

9. “Анын дайыма ушерге кайра-кайра келип жүргөнү өтө таң каларлык, - деп ойлоду Кольхаун. - Ырас эле так билет окшойт...Ошол жер оттуу болгондугу үчүн аты атайы тандап келип жүрсө керек, себеби аердин чөбү

ширелүү, суусу да жакын. Эгерде жолуктура албай калсам, бадалдын арасына барып, асылып өлүшүм гана калат. ***Чындыгында***, мустангер аман-эсен абакта отурганда эмнеден корком? Кандай далилдер бар! Бир тоголок коргошун гана бар. Бирок, атымды бардыктырып өлтүрүүгө туура келсе да, ошол коргошунду алууга тийишмин".

- Кудая тобо! Тетиги эмне деген балакет! (354).

Англис тилиндеги контексттеги "***Pish***!" сөзү Вебстер сөздүгүндө тоготпогондукту билдирген сырдык сөз деп жазылган (Webster, 1723). Бул контекстте, Кольхаун чындыгында тоотпогондук менен Моррис жөнүндө ойлонот да, ал абакта болгондо эмнеден коркот элем деп сүйлөнөт. Демек, Кольхаун күнөлүү болгону менен, өзүнүн байлыгына ишенип, күнөөсү жок адам абакта олтурса дагы, ошол кырдаалды тоотпой жаткандыгы бизге маалым. Бул сырдык сөз эмоционалдуу, тубаса жана көп маанилүү сөз деп ойлойбуз. Англис тилинен бул сырдык сөз орус тилине "Фи, тьфу" деп которулат (slovar-vocab.com). А бирок бул контекстте орус тилиндеги котормодо "***Бр-р-р!..***" деп берилген, эгерде "Фи" деп берилгенде так котормого жакын болот болчу. Негизинен, *Бр-р-р* деген сырдык сөз орус тилинде алып карасак, үшүгөндү билдирет, мисалы "Брр как холодно!". Бирок бул контекстте башка маанини түшүндүрөт, бул сөз - тоготпогондукту билдирген сырдык сөз. Ал эми кыргыз тилинде сырдык сөз менен берилбестен, "чындыгында" деген сөз менен берилүүдө. Биздин оюбузча, бул жагдайга кыргыз тилинде ылайыктуу сырдык сөз табылбайт, ошондуктан "чындыгында" деген сөз контексттин маниси боюнча туура келет. Кошумчалап кетсек, бул котормочулар трансформация ыкмасын пайдаланганын көрүп турабыз, мындай ыкма боюнча кандайдыр бир сырдык сөздүн ордуна мааниси боюнча өтө жакын сөз же болбосо синоним тандалат. Англис жана орус тилдеринде сырдык сөздөр берилет жана өзүнчө сүйлөмдү түзүшөт. Кыргыз тилинде болсо, үтүр менен кийинки келген сөздөрдөн бөлүнөт. Англис жана орус тилдеринде адекваттуу котормону көрө алабыз, ал эми кыргыз тилинде зат атооч менен берилет.

3.10. Модель - 10. Тамшануу бул даам татканда же даам таткысы келгенде суктангандык, самагандык менен тилин көмөкөйүнө жабыштырып шилекей ирмөө. Жалпы эле бир нерсеге суктануу, аны самоо, сугу түшүү.*Бали,укмуш, пай-пай, ох-ох, чиркин* ж.б.

Мисалы: 10. But this only satisfied him for a very short time; and gradually the bottom of the jar was seen going upwards, while the reverse end descended in like ratio in the direction of his protruding lips.

"*Be japers!*" he exclaimed, once more glancing stealthily towards the door, "flesh and blood cudn't stand the smell ov that bewtiful whisky, widout tastin' it. ***Trath!*** I'll chance it—jist the smallest thrifle to wet the tap av my tongue. Maybe it 'li burn the skin av it; but no matter—here goes!"[29].

10. Однако это успокоило его лишь на короткое время; постепенно дно бутылки поднималось все выше, в горлышко с той же скоростью опускалось прямо к вытянутым губам.

-***Черт побери!***- воскликнул ирландец еще раз, взглянув украдкой на дверь. - Плоть и кровь не устоять против запаха этого чудесного виски - как не попробовать его! Куда ни шло! Я только одну каплю, лишь бы смочить кончик языка. Может быть, обожгу язык…ну да ладно [41].

10. Гальвеец ордунан туруп, чоң бөтөлкө турган бурчту көздөй басты. Эшикке карай тике кылчайып, ал бир нече секундтың шап турдуда, өзүн азгырган идишти көтөрүп тыгынын алып, бөтөлкөнүн оозун мурдуна алып барып жыттады.

-***Шайтан баскырдыкы! "Шайтан алгырдыкы"***- деп жиберди ал эшикке дагы уурдана карап.

-Мындай сонун вискиден ким ичпей тура алат! Кайдакетпеген оокат! Тилимдинучунганасуулапкоеюнчу.

Бөтөлкөнүн оозу эрдине тиер менен чулкулдаган дабыш чыкты [35].

«***Be japers!***» сөзү орто кылымдын англис тилине француз тилинен кирген сөз, "***japen+-er***" бирөөнүн үстүнөн тамашалап сүйлөгөн адам деген

маанини билдирет. Webster’s third New International Dictionary (1961:1210) сөздүгүндө “to jape” тамашалоо же болбосо шылдыңдоо деп этиш формасында берилген. Бул *japers*деген көптүк түрдө берилген зат атооч *Ве*этиши менен бирге келип, сырдык сөздү түзүп, бул контекстте гальвеец вискини жакшы көрүп, анын жытына жана даамына суктанып ичип олтурат. Демек, бул сөздүн маанисин стилистикалык жактан алып караганда оксюморонго жакын болуп, тамшануу менен шылдыңдоо маанилеринин аралашуусу деп ойлойбуз. Оксюморон (гр. – акылдуу + акылсыз) бизге белгилүү болгондой, эки ар кандай мааниси бар сөздөрдүн айкашы болуп эсептелинет, чындыгында, тамшануу менен шылдыңдоо мааниси боюнча эки түрдүү сөз деп айтсак болот. Эгерде башка сөз менен берсек, анда “жаман сонун экен” деп дагы түшүнсөк болот. Бул контекстте гальвеец вискинин даамы боюнча тамашалабай эле суктанып турганы бизге маалым болуп турат. Орус тилиндеги котормодо болсо, “***Черт побери***” деген сырдык фразаны көрө алабыз. Мурда айтып кеткендей, ирландиялык вискини өтө жакшы көргөнүнөн, анын даамына тамшанып, *черт побери* деп айтып жатат. Орус тилинде ушул сыяктуу эле дагы башка фразаларды келтирсек болот, мисалы, “Чертовски хороша” же болбосо “Ах, ты, маленькая чертовка!” ж.б. *Черт* деген сөздүн мааниси терс болсо дагы, адамдар бирөөнү жакшы көрсө же суктанса ушундай сөздөрдү айтышы мүмкүн. Кыргыз тилиндеги котормодо “***Шайтан баскырдыкы!***” деп берилген, бул котормо такыр эле тура болбой калган. Эмне дегенде шылдыңдо маанисин алганда да, *шайтан* деген сөз өтө терс мааниде колдонгон үчүн, бул контекстке дал келбейт. Кыргыз тилинде да орус тилиндеги котормо сыяктуу эле мааниси жана синтаксистик структурасы боюнча адекваттуулукка жетишет деп айтсак болот. Англис, орус жана кыргыз тилдериндеги сырдык фразалар буйрук сүйлөм менен берилген, о.э. сүйлөмдүн башында туруп илеп белгиси менен айырмаланат. Бирок орус жана кыргыз тилдеринде сызыкча менен бөлүнүп турса, англис тилиндеги фраза тырмакчага алынган.

3.11. Модель - 11. Ишендирүү– бул сөздүн семантикалык мааниси төмөндөгүдөй: адамдардын иш аракетине аң сезимдүү кароого алардын коомдук маанисин туура түшүнүүгө жардам берет. Ишендирүү түшүндүрүү аркылуу жүргүзүлөт, бирок угучуутүшүндүрүүнүн далилдерине ишенгидей же түшүнгүдөй болушу зарыл. Ишендирүү түрдүү сөздөр менен айтылат: *чындап, өлүп кетейин, жер жутуп кетсин, нан урсун* ж.б.

Мисалы:He could not, and did not. He was not even aware of her existence. He had only glanced at the dust-bedaubed vehicle in passing—as one might look upon the rude incrustation of an oyster, without suspecting that a precious pearl may lie gleaming inside.

«***By my faith!*** » he declared, facing round to the owner of the waggons, «I can discover no landmarks for you to steer by. For all that, I can find the way myself. You will have to cross the Leona five miles below the Fort; and, as I have to go by the crossing myself, you can follow the tracks of my horse. Goodday,gentlemen!" [11]

11. Но как он мог это знать? Он даже не подозревал о ее существовании. Его взгляд лишь скользнул по запыленной карете, - так смотришь за невзрачную раковину, не подозревая, что внутри нее скрывается драгоценная жемчужина.

-***Клянусь честью!***- сказал всадник, обернувшись к владельцу фургонов. - Я не могу найти никаких примет, которые помогли бы вам добраться до места. Но дорогу туда я знаю. Вам придется переправиться черезЛеону в пяти милях ниже форта, а так как я и сам направляюсь к этому броду, то вы можете ехать по следам моей лошади. До свиданья, господа! [18]

11. Креол кыздын жүрөгүн элеп-желеп кылганын билсе, бейтааныш жигиттин төбөсү көккө жетет болчу. Бирок андайэкенинал кайдан билет? А түгүл, кыз бар экендепойлогон да жок! Чаң баскан каретаны үстүртөн карап гана тим болду. Ичиндебермет бар экенин билбей, жаман кутуга назар салбай коюууш ундай болот эмеспи.

-Кусур урсун, силердин өзүңөрдүн жетишиңерге жардам бергидей эч кандай белги табалбадым! Бирок аерге барчы жолду билем, - деди бейтааныш жигит, киренин кожоюнунан бурулуп. – Силерге форттон беш мильде төмөнүрөөк жерден Леона дарыясынан өтүүгө туура келет, дарыядан мен да дал ошол жерден өтүүм керек, ошондуктан менин атымдын изи менен жүрүп отурсаңар болот. Кошкула, жентльмендер [16,17]!

Англис тилиндеги "***By my faith!***" деген фраза сырдык сөздөргө кирет. Бул фраза ишендирүүнү билдирүү менен, кыргыз тилине которгондо "Албетте" же болбосо "Чындап", " Чын дилим менен " деген маанилерди билдирет. http://mo,ile-dictionary.reverso/net сайтынын маалыматы боюнча, бул байыркы сырдык сөздөргө кирет жана XII кылымдагы англис-француз сөздөрүнө таандык болуп, "ишеним", "ишенимдүү" деген мааниге ээ. Бул контекстте Морис Жеральд атчан кетип жатып плантатор Кольхаун жана анын туугандарына жолугуп калат. Алар Мористен жолду көрсөтүп берүүсүн суранышат, атчан бара жаткан Морис аларга ишеним менен жолдо эч кандай белгилерди таба албаганын айтып, анын атынын изи менен жүрүү, керектүү жерге чейин алып бара тургандыгына убада берет. Орус тилинде "***Клянусь честью***" деген фразеологиялык каражат сырдык сөздүн функциясын аткарат. Орус тилинде ишендирүү формасында колдонулган башка да фразалар бар алар төмөндөгүчө: "Клянусь богом!", "Клянусь мамой!" ж.б. Бул контекстте баяндооч менен толуктооч жөнөкөй, толук эмес сүйлөм түрүндө берилет. Толук эмес сүйлөм менен берилсе дагы анын мааниси бизге толугу менен түшүнүктүү болуп турат. Кыргыз тилиндеги сүйлөм менен салыштырсак, **"*Кусур урсун*"** - кыргыз тилинде каргышты – проклятиени билдирет, ал эми "клянусь честью" – орус тилинде " кудай урсун"деген белгилүү фраза менен берилет, синтаксистик талдоого көңүл бурсак бул толук эмес сүйлөм. Орус тилинде баяндооч жана толуктооч болсо, кыргыз тилинде ээ жана баяндоочтон турган сүйлөм аркылуу сырдык сөздүк каражат берилген. Кыргыз тилиндеги "кусур урсун" деген сөз өтө кеңири таралган фраза болуп эсептелинет. Кыргызча-орусча электрондук

сөздүктө *кусур* сөз араб тилинен келип кирип “күнөө” деген мааниге ээ. Сөздүктөгү маалымат боюнча, (kirgyz_russian. academic.ru) бул сөз өзүнчө колдонулбайт, сөз айкашы аркылуу гана берилет, мисалы, *кусуруна кал, сени кусурум урар, кусурум урсун сени, кусур урсун, малдын кусуру урат* ж.б. Муну кыргыз тилиндеги башка сөздөр менен дагы түшүндүрсө болот: *чындап айтып жатам, өлүп кетейин, жалган эмес* ж.б. Демек, англис тилиндеги «***By my faith!***» сырдык сөзү орус жана кыргыз тилдерине которгондо ***“Клянусь честью!”*** жана ***“Кусур урсун!”*** фразалары менен берилүүсү, маанилик жактан толук адекваттуу деп ойлойбуз. Сүйлөмдөгү ордун белгилеп кетсек, сүйлөмдүн башында туруп англис жана орус тилдеринде илеп белгиси менен айырмаланып турат, ал эми кыргыз тилинде башында келет, бирок үтүр менен айырмаланып, өзүнөн кийин келген сөздөр менен биргеликте сүйлөмдү түзөт.

3.12.Модель - 12. **Анткорлонуу**– адамдын кандайдыр бир сезимдин же анын айрым белгилерин атайылап жалган тууроо, же болбосо атайылап күчөтүп көрсөтүү. Ал пайдакечтик үчүн же жеке кызыкчылыктан уламжасалат. Мындай эмоция ар кандай сырдык сөздөр аркылуу айтылат: *кудай акы, кудай сакта, малдын кусуру урсун* ж.б.

Мисалы:2. “Well, one doesn’t know what may happen. Travelling parties as strong, and stronger than we, have been attacked on these plains, and plundered of everything-murdered”.

«***Mercy!***» exclaimed Louise, in a tone of terror, more affected than real. "ByIndians," replied Poindexter[17].

12. -Ну, мало ли что может случиться! В этих прериях нередко нападают на караван - и не только на такие, как наш, но и на караваны посильнее нашего, - грабят и убивают.

-**Упаси боже!**- с притворным испугом воскликнула Луиза.

-Индейцы? - сказал Пойндекстер [25].

12. -Бери карачы, Кассий, деги иштин жөнүн түшүндүрчү, - деп сурады плантатор. – Жанагы сенин айтканың жүрөгүбүздү өйкөй баштады. Бизге

жалган жеринен жол көрсөткүдөй, бейтааныш жигиттин көздөгөн максаты кайсы?

-Болуптур, таяке, - деди Кольхаун, бирок анын сөзүн үн кыязында мурункудай өзүнө өзү ишенгендик болгон жок. - Мен дал ошондой болот деген жерим жок, жөн эле өзүм болжолдоп жатам.

-Болжолуң кандай?

-Ар кандай болушу мүмкүн! Бул преријада кербендерге кол салып, өлтүрүп кеткен учурлар аз болбойт.

-Өлчөөсү курсун! Луиза кара күчкө коркумуш болуп койду.

- Ким, индеецтерби? – депсурадыПойндекстер[22]. Сырдык сөздөрдүн дагы бироосун ала турган болсок , мисалы «***Mercy!***» деген сөз бул контекстте кудайга кайрылган маанини билдирет. Бул сырдык сөзбайыркы француз тилинен келген жана "рахмат" деп которулат, ал эми латын тилинде *mercedem* сөзү "эркин" же болбосо "баа" деп берилет. Бул контекстте Луиза Пойндекстер Кассий Кольхаун менен индеецтер жөнүндө сүйлөшуп, жолдо кетип жаткан болушат. Кассий индеецтер коркунучтуу адамдар болуп, көрүнгөнгө кол салган же болбосо адамдарды да өлтүрүшкөн элдер деп Луизага түшүндүрөт. Ал эми Луиза анткордук менен коркумуш болуп, «***Mercy!***» деп айтат. Демек, бул контекстте француз тилиндеги "рахмат" деген мааниси берилген эмес, бул жерде мындай сөз бир аз какшыктоо менен айтылып "О кудай" деген мааниге жакын деп ойлойбуз. Орус тилине "Упаси боже!" деп которулган, жана бул фраза сырдык сөздүн функциясын аткарып турат. Кыргыз тилине которгондо "Кудай сактай көр" "Кудай сактасын " деп сөзмө сөз которсок болот, а бирок кыргыз тилине Сүйүнтбек Бектурсунов "Өлчөөсү курсун!" деп берген. Бул контексте ал мезгилде индеецтер прериядан өтүп жаткан кербендерге кол салып жүргөндүктөрү үчүн алар жөнүндө жаман сөз таралган, ошондон улам аларды ойлоп Луиза "***Өлчөөсү курсун***" деген сөздү айтат. Бул сөз **"Өлчөөсу озуу менен кетсин!"** деген фраза менен берилсе да болот. Демек, орус жана кыргыз тилдеринде структура, мааниси жана пунктуациялык белгиси боюнча изоморфтук

кубулушка жакын. Ал эми англис тилинде болсо, бир сөз менен берилип, тырмакчага алынат.

3.13. Модель - 13.Тынчтандыруу бул бирөнү жымжырттык, ызы-чуу, жоктук, бейкуттук, тынчтык абалга чакыруу же келтирүү.

Мисалы: 13. “I wondher,” muttered he, “fwhat makes Masther Maurice so anxious to get back to the Sittlements. He says he'll go wheniver he catches that spotty mustang he has seen lately. Sowlisn't he bad afther that baste! I suppose it must be somethin’, beyant the common-the more be token, as he has chased the craythe three times widout bein' able to throw his rope over it-an' mounted on the blood-bay, too. He sez he won't give it up, till he gets howlt of it. ***Trath!*** I hope it'll be grupped soon, or wez may stay here till the marnin' av doomsday. ***Hush!*** what'sthat ?” [30]

13. Вскоре он опять заговорил:

- И что это мастера Мориса так тянет в поселок? Он сказал, что отправится туда, как только поймает крапчатого мустанга. И на что ему вдруг как понадобилась это лошадка? Это неспроста. Хозяин уже три раза охотился за ней и не смог набросить веревку на шею этой дикой твари, - а ведь сам-то был на гнедом, вот как! Он говорит, что разобьется в лепешку, а все-таки поймает ее, ей-богу! Скорее бы уж, а то как бы не пришлось нам с тобой проторчать здесь до того самого утра, когда начнется Страшный суд….***Шш!*** Кто там? [42]

13. Ал бир аздан кийин дагы сүйлөй баштады:

-Булэмне эле биздин кожоюнду сеттльмент тартат да турат? Жанагы чаар мустангды кармар менен ошо жакка барам деди эле. Эмне үчүн күтпөгөн жерден ага чаар ат керек болуп калды? Бул жөнүнөн болгон иш эмес. Ал атты кармамайынча тынбайм дейт. Экөөбүз бир жыл бою ушул жерде соксоюп отуруп калбасак эле болгону!.. Бул ким? [86]

Hush! Орто кылымга таандык англис тилиндеги байыркы сырдык сөз [ME-huissht-] “husht”- (Webster’s third New International Dictionary, 1961:1104) - “тынчтыкты сактоо” же болбосо “тынч бол” деген маанини билдирет. Бул контекстте Морис Жеральддин кулу Фелим вискини ичип олтурат, ошол убакытта анын ити Тара бир маалда секирип туруп, үрүп баштады. Фелим болсо итине тынчтанып турганга белги берип ***Hush!*** деп айтат да, “Ким бул?” деп сураганда, эшикти акырындап ачып Моррис кирип келет. Демек, бул сөз англис тилинде тынчтануу максатында айтыла турган сөз деп саноого болот. Ал эми орус тилинде ***Шш!*** деген сөз менен которулуп берилген, орус тилинин кичи академиялык сөздүгүндө бул сырдык сөз тынчтыкка чакырган сөз болуп берилген. Англис жана орус тилдеринде бул сырдык сөз тексттин ортосунда келген жана өзүнчө сүйлөмдү түзүп, илеп белгиси менен айырмаланган. Ал эми кыргыз тилине которгондо автор сырдык сөздү колдонбой эле, көп чекиттен кийин “Бул ким?” деген сүйлөмдү эле берген. Демек, англис жана орус тилдеринде толук изоморфтук кубулуш байкалат, ал эми кыргыз тилине бул сөз которулбай калганына күбөө болдук. Комиссаров В.Н. (1990: 204) котормо процессинде ар кандай ыкмалар колдонулушу мүмкүн деп жазган, мындай ыкмалардын бири болуп түшүү ыкмасы пайдаланылат. Бул ыкма боюнча, семантикасы артык баш сөздөр которулбай калат, себеби алардын мааниси релеванттуу эмес же болбосо контексттин ичинде оңой эле түшүнүктү болуп калат. Же болбосо, балким котормочу тексттин көлөмүн азайтуу максатында да түшүп калуу ыкмасын колдонушу мүмкүн. Ошентип кыргыз тил контекстинде сырдык сөздүн котормосу түшүп калган деген пикирге келдик.

3.14. Модель - 14. Жалынуу бул сезим кандайдыр бир оор абалда калганда жалбарып жан дили менен абдан сурануу же жалдырап өтүнүү.

Мисалы: 14.At the end of this interval, however, the chorus recommenced breaking out abruptly as before, and as before led by the vociferous voice of the Connemara man.

“Meliah murd her!” cried he, his first exclamation not only startling the host of the hut, but the guest so soundly sleeping outside. “***Howly Mother!*** Vargin av unpurticted innocence! Save me – save me!” (45)

14. Охотник (ЗебСтумп) заснул почти сразу, как только снова улесгя внутри веревочного кольца. Шутка, которую он сыграл с Фелимом, чтобы отомстить за прерванный сон, успокоительно подействовала на него, и он теперь наслаждался полным отдыхом. Но вот снова зазвучал хор. Запевалой, как и в прошлый раз, был Фелим.

-Спасайте, погибаю!- закричал неожиданно ирландец, разбудив не только своего хозяина в хижине, но и гостя на лужайке – ***Святая дева!*** Заступница чистых душ! Спаси меня! (56)

14. Кепенин сыртында да жым-жырт эле. Бир гана добуш тымтырстыкты бузуп турду. Ал добуш крокодилдин анча-мынча кышылдаганына, баканын чардаганына анча-мынча окшоду. Ал добуш Зеб Стумптун таноосунан чыгып жаткандыктан, уктап жаткан мергенчинин коңурук тартканынан башка нерсе болушу мүмкүн эмес эле.

Бул концерт бир саатка жакын созулду.

-Жан соога, өлүп баратам! – деп кыйкырды гальвеец күтпөгөн жерден, кепедеги кожоюнун гана эмес, эщикте жаткан мейманды да уйкудан ойготуп. - ***Кудай эне!*** Күнөөсү жок бечарага жардам кыла көр! Жанымды сакта! - Жанымды сакта! (48)

Бул контекстте уктап жаткан Фелим кокусунан эле күтпөгөн жерден чочуп ойгонот, себеби түнү ал уктап жаткан жерден жылан сойлоп өтүп кетет. Фелимдин корккону аны жылан чакса, өлүп калам деп ойлойт. Англис тилинде “***Howly Mother!***”деп кыйкырат, бул сырдык сөз орус тилине “***Святая дева!***”, ал эми кыргыз тилине “***Кудай эне!***” деп которулган. Англис тилиндеги “***Howly Mother!*** деген сырдык фраза

http://english.stackexchange.com/question/91844 сайтынын маалыматы боюнча, көбүнчө католик өлкөлөрдө колдонулат, бул фразанын Америкада колдонулушунун себептеринин бири – еврейлер менен байланышы бар болуусу, еврей тилинде бул фраза “arrow prayer” “түздөн-түз сыйынуу” деген мааниге ээ. Башкача айтканда, “Кудай эне, аларга көз болуп тур!” же болбосо “Кудай эне, аларга батаңды бер!” деп өзүбүз божомолдоп которсок болот.

Поп Афанасий Гумеровдун (Сретенский монастырь) айтуусу боюнча, “Святая дева!” кудайдын чын апасы - (www.pravoslavie.ru) баарыбыздын ыйык апабыз деп жазган. Бул контекстте Фелим бул фразаны айтышынын себеби төмөндөгүчө: жылан чагып койгон болсо, ал өлүмгө дуушар болот, бирок Фелим ыйык энеге кайрылып, жардам берүүсүн суранат. “Заступница чистых душ...” деп Фелим кыйкырат, демек “...күнөөсү жок адамга жардам бер...” деген маанини билдириши мүмкүн. Башкача айтканда, аны кудай эне сактап калат деген ойдо болгонун байкайбыз. Кыргыз тилинде дагы “***кудай эне***” деген фраза кудайга кайрылып, жардам берүүсүн суранып, өлүмдөн сактап калуу дегендин белгиси. Бирок, бул котормо туура эмес берилген деп айтсак болот, эмне дегенде кыргыз тилинде “кудай эне” деген сөз жок. Бул контексте “О кудай” же болбосо “Кудай акы” деген сөздөр туура келет деп ойлойбуз. Мындай шартта котормодо тарыхый релевантуулукту эске алуу керек (КараеваЗ.К., 2006.) Демек, англис, орус жана кыргыз тилдеринде бул фразалар семантика жана сүйлөмдүн типи боюнча толук адекваттуулукка жетишет.

3.15. Модель - 15.Тамашалоо адамдардын көңүлүн көтөрүү катарында же азил иретинде сүйлөө, күлкү үчүн бура сүйлөө.

Мисалы: 15. “Certainly not. Why should I be angry with you, child? I’m not. I didn’t say I was,” only you are quite mistaken in your ideas. What you’ve seen, or heard, could be only a fancy of your own. As for sighing, heigho! I have to entertain about a hundred quests-nearly all strangers, too; among them the young

planters and officers whom you would entangle if you had my hair. ***Ha! ha! ha!*** I don't desire to enmesh them-not one of them! So twist it up as you like-without the semblance of a snare in it" (58).

15. – Конечно, нет. За что мне на тебя сердиться, девочка? Я не сержусь, я же не говорила, что сержусь. Только ты ошибаешься. То, что ты видела и слышала,- всего лишь твоя фантазия. Ну, а вздыхать мне некогда. Сейчас мне хватит и других дел - ведь нужно будет принять чуть ли не сотню гостей, и почти все они незнакомые. Среди них будут молодые плантаторы и офицеры, которых ты поймала бы, если бы у тебя были мои волосы. ***Ха-ха!*** А у меня нет никакого желания очаровывать их, ни одного из них! Так что поскорее причесывай мои волосы, только не плети из них сетей(72).

15. – Жок, ачууланбайм. Эмне үчүн сага ачууланмак элем? Ачууланган жерим да жок. Сенин угуп, көргөндөрүң - өзүңүн гана фантазияң. Үшкүрүгүм таш жаргыдай чолом да жок - азыр эле жүзгө жакын мейманды күтүш керек, алардын бардыгы бейтааныш кишилер десе да болот. Чачың меникиндей болсо, алардын арасында сага ашык болуучу жаш плантаторлор менен офицерлер да бар. ***Ха-ха-ха!*** Аларды ашык кылгыдай менде эч кандай тилек жок. Аларды сен кызыктыргын! (59).

М. Вебстер сөздүгү боюнча "***Ha!***" англис тилинде орто кылымда пайда болгон сырдык сөз, адамдар бул сөздү таң калганда же сүйүнгөндө айтышкан, ошондой эле ал шектенүү жана кайгыруу эмоциясын билдирген (Webster's third New International Dictionary, 1961:1017). Бул сөздүн толук формасы төмөндөгүчө - "***Ha ha ha!***". Ономатопиялык сөз катары, тамгалар биригип жазылышы мүмкүн ***hahaha***, мындай жазылуусу көбүнчө формалдуу эмес кепте колдонулат. Эгерде тире коюлса, такыр эле башка мааниге ээ болот (English.stackexchange.com). Бул контекстте Луиза Пойндекстер менен Флоринда дагы эле маектешип олтурушат, Луиза тамашалап Флоринданын чачы Луизаныкындай болгондо жаш плантаторлор менен офицерлер ашык болуп калмак дейт. Ошол сөздү айтып, ***Ha! ha! ha!*** деп күлүп жиберет. Ушул сырдык сөз орус жана кыргыз тилдерине дал эле ошондой болуп которулуп

берилген “***Ха!***”. Айтылуу жана жазылуу формалары толугу менен окшош. Бир гана пунктуациялык жактан айырмасы бар: англис тилинде ар бир сөздөн кийин илеп белгиси коюлган болсо, ал эми орус жана кыргыз тилдеринде дефис менен айырмаланат. Үч тилде тең редупликация формасы менен жазылган. Демек, бул контексттен төмөндөгүдөй тыянак чыгарсак болот: *ха!* сырдык сөзү *ах!* сөзү сыяктуу интернационалдуу сөздөргө кирет, мындан улам, балким, дүйнө жүзүндө адамдар бирдей күлүшөт деген да пикир пайда болот. Бул сөздөрдү да тилдик универсалийге киретдеп айтабыз. Үч тилде тең адекваттуу котормо берилген.

3.16. Модель - 16. Уяткаруу кандайдыр бир кылык-жоругу, мамилеси ж.б. ар-намысына, абийирине тийип, оңтойсуз, ыңгайсыз абалда калуу сезими.

Мисалы:16. The old hunter’s praise was scarce exaggerated. Fresh from the toilette, the gloss of her luxuriant hair untarnished by the action of the atmosphere; her cheeks glowing with a carmine tint, her fine figure, gracefully draped in a robe of India muslin- white and semitranslucent…”Geehosofat!” again exclaimed the hunter, following up his complimentary speech, “I hev in my time seed what I thort war some putty critters o’ the sheemale kind…

“***Oh-oh-oh!*** Mr. Stump-Mr. Stump! I’m astonished to hear you talk in this manner. Texas has quite turned you into a courtier. If you go on so, I fear you will lose your character for plain speaking! After that I am sure you will stand in need of a very big drink. Haste, Florida! I think you said you would prefer whisky?” (61).

16. Старый охотник не преувеличивал. Только что причесанные волосы молодой креолки блестели, ее щеки после холодной воды горели ярким румянцем. Стройная, в легком платье из белой индийской кисеи, Луиза Пойндекстер действительно казалась первой красавицей на земле, а может быть, и на небе.

-Иосафат!- снова воскликнул охотник.- Мне случалось на своем веку видеть женщин, которые казались мне красивыми, и моя жена была недурна

собой, когда я впервые встретил ее в Кентукки,- все это так. Но я скажу вот что, мисс Луиза: если взять всю их красоту и соединить в одно, то все равно не получилось бы и тысячной части такого ангела, как вы.

-***Ай-яй-яй***, мистер Стумп, мистер Стумп, от вас я этого не ожидала! Как видно, Техас научил вас говорить комплименты. Если вы будете продолжать в том же духе, боюсь, вы лишитесь своей репутации правдивого человека. Теперь я уже совсем убеждена, что вам необходимо как следует выпить…Скорей, Флоринда!... Вы, кажется, сказали, что предпочитаете виски? (75).

16. Азыр да Стумп бир нече секундадан кийин гана сөзгө кириштн. Ал кыздан көзүн албай, дудук болгон эмече карап турду.

-Кудретиңден айланайын кудай, мисс Луиза! - деди ал акырында. - Миссисипиде көргөнүмдө, сиз бу дүйнөдөгү эң сонун адам го деп ойлодум эле. Эми сиз бу дүйнөнүн гана эмес, тиги дүйнөнүн да керемети экениңизге көзүм жетти.

Жаш креолканын жаңы эле таралган чачы жылтылдап турду. Муздак суудан кийин анын эки бети албырууда. Жука инд кисеясынан тигилген көйнөгү, келишкен сымбаты Луиза Пойндекстерди чын эле периште сыяктандырды.

Ой, ой! Мистер Стумп, сизди минтип айтат экен деп күткөн жок элем. Техас сизди да кошомат сүйлөөгө үйрөткөн окшойт. Эгерде дагы ушинтип сүйлөй берсеңиз, мурдагыңыздай жөнөкөй сүйлөгөндү унутуп коер бекенсиз деп корком. Мындай мактоо сөздөн кийин жакшылап ичишиңиз керек... Кош, эмне турасың? Тезирээк, Флоринда!.. Жаңылбасам, сиз вискини жакшы көрөм деп айтсаңыз керек?

Англис тилиндеги уяткаруу эмоциясы "***Oh-oh-oh!***" деген сөздөр менен берилгенин байкайбыз, бул сөз орус тилине ***-Ай-яй-яй*** ал эми кыргыз тилине ***Ой, ой!*** сөздөр менен которулган. Бул контекстте Луиза Пойндекстер Зеб Стумпту уялтат, себеби ал Луизанын сулуулугуна суктанып, аябай сонун комплименттерди айтып бүткөндөн кийин, Луиза мындай сөздөрдү ал

кишиден күтпөгөнүн баса белгилеп, ***Oh-oh-oh!*** деп айтат. Бирок мындай сөз башка эмоцияны да билдириши ыктымал, мисалы: ***Oh****, what a nice weather we have today!* (О, аба ырайы кандай сонун! Суктануу) же болбосо ***Oh****, haven't seen you for ages!* (О, сизди көрбөгөнүмө жүз жыл болду го! Таң калуу). Демек, бул контекстте уялдыруу маанисин билдирген сөз тубаса, көп маанилүү жана эмоционалдуу сырдык сөздөргө кирет. Англис тилиден орус тилине *-Ай-яй-яй* деп которулган, бул сөз орус тилинде эмоционалдуу жана өзгөрбөгөн сырдык сөздөргө кирет. В.А. Чудинов "Расшифровка славянского слогового и буквенного письма", (2009) деген китебинде төмөндөгүдөй ойду билдирет: бул сөздүн заманбап орус тилинде сакралдуу этимологиясы бар деп жазат, себеби *Яй* - "жизнь" деген сөздү билдирет. Үч жолу кайталанган формасы "живи, живи, живи!" деген дубалоону билдирет. "Живи!" кыргыз тилине "Жаша!" деп которулат. Эгерде бул контекстеги мааниге ылайык божомолдоп кыргыз тилиндеги маанини талдап көрсөк, анда *Жаша!* деген сөздү тамаша түрүндө берсек болот. "***Ой, ой!*** Мистер Стумп, сизди минтип айтат экен деп күткөн жок элем". Бул сүйлөмдөгү *Ой, ой!* сөздөрүн *жаша* деген сөз менен алмаштырсак болот. ***Жаша!*** Мистер Стумп, сизди минтип айтат экен деп күткөн жок элем", башка сөз колдонгонубуз менен, мааниси анча деле өзгөрбөйт. Кыргыз тилинде ***Ой, ой!*** деп берилиптир, бул сөз көп маанилүү, эки кайталанган жана эмоционалдуу сырдык сөз болуп эсептелинет. Бул контекстте дагы башка сырдык сөздөр берилиши мүмкүн деп ойлойбуз. Мисалы: *Айии, Аппей, ой бой* ж.б.

3.17. Модель - 17. Жеккөрүү, кемсинтүү жаман көрүү, көргүсү келбөө, кодулоо, кыжырдануу сезиминде болуу.

Мисалы: 17. My dear Sloman, Louise Poindexter is a lady and Maurice Gerald__". "May be a gentleman for aught that is known to the contrary".

"Pshaw!" scornfully exclaimed Crossman; "A trader in horses! The major is right- the thing's improbable- impossible".

"Ah, gentlemen!" pursued the officer of infantry, with a significant shake of the head. "You don't know Miss Poindexter, so well as I. An eccentric young lady- to say the least of her. You may have already observed that for yourselves" (109).

17. -Мой дорогой Слоумен, Луиза Пойндекстер – леди, а Морис Джеральд...

- Может быть, и джентльмен- ведь мы ничего о нем не знаем.

-***Фу***, - с презрением сказал Кроссмен, - торговец лошадьми! Майор прав: это неправдоподобно.

-Ах, джентльмены!- продолжал пехотный офицер, многозначительно покачав головой.- Вы не знаете мисс Пойндекстер так, как я ее знаю. Это очень эксцентричная молодая особа, чтобы не сказать больше. Вы, должно быть, и сами это заметили (131).

17. -Ардагым Сломан, Луиза Пойндекстер - деди, а Морис Жеральд болсо... А жөнүндө башка нерсе белгилүү болгону менен, балким, жентльмендир.

Фу, - деди Кроссман кемсинткенсип, - ат сатып соода кылган киши да. Майор туура айтат, андай болушу чындыкка коошпойт, мүмкүн эмес.

Сиз эмне түшүнмөк элеңиз! - деп пехотанын офицери сөзүн улантты, көп нерсе билген эмече башын чайкап. - Мисс Пойндекстерди силер менчелик билбейсиңер. Ал жаткан апенди чалыш кыз, андан ашса ашып да кетет. Ошондой экенин өзүңөр да байкагандырсыңар? (105).

"Pshaw!" кыжырданууну, ачууланганды билдирген сырдык сөз (Webster's third New International Dictionary, 1961:1832) бул контекстте Кроссман Моррис Жеральд жөнүндө кемсинткенсип офицерге айтып олтурат. Мындай сөздөн улам биз ошол убакыттагы коомдо бай менен кедейлердин ордун жана бийликтеги адамдардын кызматчыларга болгон мамилесин байкайбыз. Моррис Жеральд болсо, бээлерди караган кызматты аткарат, ошондуктан ал жөнүндө тоотпогондук менен сөз кылышат. Демек,

англис тилинде бул тубаса, эмоционалдуу жана көп маанилүү сырдык сөз сүйлөмдүн башында келип, илеп белгиси менен ажыратылат. Орус жана кыргыз тилдеринде бул сөздүн котормосу үтүр менен айырмаланган болсо, англис тилинде илеп белгиси бар, демек, англис тилинде күчтүү эмоция менен айтылат. Орус жана кыргыз тилдериндеги котормо толук адекваттуулукка жетишет, себеби эки тилде тең бул сөз "Фу" деп берилген. Д.Н. Ушаковдун түшүндүрмө сөздүгүнүн маалыматы боюнча (Толковый словарь русского языка: 1947-1948) "***Фу***" сөзү байыркы орус тилиндеги сырдык сөздөргө кирип, "***Фуй***" деп колдонулган жана жек көрүүнү билдирген. Бирок бул сырдык сөз кыргыз тилине таандык эмес, ал орус тилинен кирген деп айтсак болот. Мисалы: Т.К. Ахматов өзүнүн "Киргизский язык"(1975: 152) китебинде төмөндөгүдөй мисалдарды берет: ***Фу****! Какой негодяй. -****Тү****, бети курсун.* Демек, биздин оюбуз боюнча, *Фу* сырдык сөзүнө караганда ***Тү*** сырдык сөзү көбүрөөк кыргыз тилине таандык. Ошентип, англис тилиндеги ***"Pshaw!"*** сырдык сөзү орус жана кыргыз тилдерине "***фу***" деген эмоционалдуу, тубаса жана көп маанини билдирген сырдык сөз менен которулуп берилген. Мааниси боюнча үч тилде тең изоморфтук кубулушту көрө алабыз.

3.18. Модель - 18. Жинденүү кандайдыр бир жактырбаган абалда болуп, же жаман сөздү угупкатуу ачууланууу, каарын төгүү, буркан- шаркан түшүү сезими.

Мисалы: 18. "Time enough to talk when you've done something to justify it. Cry bo to a goose; but don't fancy your big words are going to frighten me, Mr. Calhoun! Quick, gentlemen! I'm impatient to put an end to his boasting and blasphemy!"

"Hound!" frantically hissed out the chivalric Southerner. "Low dog of an Irish dam! I'll send you howling to your kennel! I'll__".

"Shame, Captain Calhoun!" interrupted the major, seconded by other voices. "This talk is idle, as it is unpolite in the presence of respectable company (116).

18. Хватит еще времени поговорить, после того как вы докажите это на деле. И не воображайте, что ваши хвастливые слова испугали меня…Скорее, джентльмены! Я должен положить конец этому бахвальству и злословию!

-***Собака!***- свирепо прошипел «благородный южанин». – Проклятая ирландская собака! Я отправлю тебя выть в твою конуру! Я…

-Стыдитесь, капитан Колхаун!- прервал его майор при общем возмущении.- Это лишние разговоры. Так держать себя в порядочном обществе непристойно(139).

18. – Иш менен далилдегениңизде сүйлөңүз. Мени мактанчаак сөзүңүз коркутуп жиберет экен деп ойлобоңуз. Кетиңиздер. Жентльмендер, силерден сураганым, ылдамыраак кетиңиздер! Мындай мактанчаактын, обу жок сөздүн түбүнө керек!

- ***Ит,*** - деп ызырынды капитан. – Атаңа наалат, ирландиялык ит! Сенин күпкөңө барып улугандай кылам. Мен...

-Уялсаң боло, капитан Кольхаун, - деп, майор анын сөзүн бузуп кетти, аерде тургандардын баары нааразы болду. – Мунун баары обу жок сөз, абийирдүү элдин арасында өзүңүздү мындай тутканыңыз келишпеген иш (113).

Англис тилиндеги контекстте "***Hound***" сөзү (www.urbandictionary.com) сайтынын маалыматы боюнча, оозу жабылбай көп жана орой сүйлөп, көпчүлүккө жакпаган адамды билдирет. Бирөөнү "***Hound***" деш төмөнкү маанини да билдирет: *оозду жапканга убакыт келди, болбосо биз өзүбүз эле жаап салабыз.* Демек, бул деген узак убакытка чейин үргөн итти билдирип, көп сүйлөгөн адамды да ошол ит менен салыштыруу. Бул контекстте Кассий Кольхаун менен Моррис Жеральд айтышып кетишет, себеби Кассий Кольхаун өзүнүн байлыгына жана ошол жердеги аты чыккан адам болгондуктан жөнөкөй эле Моррис кызматчыга сөз артып аны ирландиялык болгонуна ишенбей "***Hound!***" *Ит* деп айтат. Баарыбызга маалым болгондой, ошол убакта байлар кедейлерди кемсинткенде, алар каяша айтууга эркин жетпейт эле, бирок Моррис кызматчы болгонуна карабастан Кассий

Кольхаунга сөз кайтарып коет. Сөз кайтарганы аз келгенсип, Моррис анын көйнөгүнө вискини чачып жиберет. Ошондон улам, бул эки адамдын ортосунда сөз талаш болуп, дуэль башталып кетет. Чындыгында, Кассий Кольхаун Моррис Жеральдды көрө албагандыктан аны кемсинтүүгө ар кандай аракеттерди жасайт. "***Hound!***" деген сөз зат атооч болуп, сырдык сөздүн функциясын аткарып, жинденген эмоцияны түшүндүрөт. Зат атооч болгондон улам бул сөз туунду, эмоционалдуу сырдык сөзгө кирип, ачууланууэмоциясын билдирет. Ал эми орус жана кыргыз тилдерине сөзмө-сөз "***Собака***", "***Ит***" деп которулган, анткени эки тилде тең бул сөз адамдар жинденгенде жана бирөө менен уруша кеткенде айтылат. Орус жана кыргыз тилдеринде бул сөздөр туунду сырдык сөздөргө кирет, себеби алар - этимологиялык жактан өзүнчө мааниси бар сөздөр, бирок бул контекстте алар лексикалык маанисин жоготуп, эмоцияны билдирет (Ахматов Т.К., 1975: 154). Демек, үч тилде тең адекваттуу котормону көрө алабыз.

3.19. Модель - 19. Көңүл буруу баамдын белгилүү бир нерсеге же окуяга багытталышын туюндуруучу сезим

Мисалы: 19. Beforeanyone could respond, a sable face appearing at the door of the dining-room- which was the apartment in which breakfast was being eaten- caused a complete change in the character of the conversation.The countenance belonged to Pluto, the coachman.

"What do you want, Pluto?" inquired his owner.

"Ho, ho! Massr Woodley, dis chile want nuffin 't all. Only look in t'tel Missa Looey dat soon's she done eat her brekfass de spotty am unner de saddle, all ready for chuck de bit into him mouf. ***Ho! Ho!*** Dat critter do dance 'bout on de pave stone as ef wa' mad to 'treak it back to de smoove tuff ob de praira".

"Going out for a ride, Louise?" asked the planter with a shadow upon hisbrow, which he made but little effortto conceal.

19. В это время в дверях столовой, где они сидели за завтраком,

показалась черная физиономия кучера, и разговор перешел на другую тему.

- Что тебе надо, Плутон? – спросил его Пойндекстер.

-Хо-хо! Масса Вудли, этому малому совсем ничего не надо. Я только заглянул; только надо сказать мисс Луи: пусть скорее кончает завтрак-крапчатая стоит с седлом на спине и ждет, чтоб ей сунули железку в рот. Крапчатая не хочет стоять на камнях, рвется на мягкую траву прерии.

-Ты едешь кататься, Луиза?- спросил плантатор с явным неудовольствием.

19. Ошол арада бардыгы тамак ичип отурган тамаккананын эшигинен негр кирип келди. Сөздүн кыязы дароо эле өзгөрүп кетти.

-Сага эмне керек, Плуто? – деп сурады Пойндекстер.

-Хо, хо! Масса Вудли, бу жигитке эчтеменин кереги жок, мен жөн эле баш бактым. Эртерээк чыккын деп мисс Луизага айтуу керек, чаар байтал токулуп, ооздугун кажап турат. Чаар байталташтак жерде тургусу келбей, прериянын тулаң чөбүнө жулунуп жатат.

-Сен сейилдеп чыгайын дединг беле, Луиза? – деп сурады плантатор көрүнөө нааразы болуп.

“Ho, ho!” сөзү Вебстер сөздүгү боюнча, англис тилинин орто доорунда пайда болгон (1993: 1075) жана сырдык сөз катары бир нече мааниге ээ: таң калуу, сүйүнүч, мазактоо же болбосо атайын бирөөнүн көңүлүн бир нерсеге бурууну билдирет. Ал эми en.wiktionary.org сайтынын маалыматы боюнча, байыркы Норвегия тилинде чабандардын малдарды жана койлорду айдоодо кыйкырык катары колдонулган сөз деп берилген. Бул контекстте Пойндекстердин үйүндө кызматчы негр киши Луиза менен атасы олтурган жерге кирет дагы, “***Ho, ho”*** деп сейилдеп чыгам деген Луизага кайрылып, чаар байтал даяр экендигин айтат. Демек, бул контекстте “***Ho, ho!”*** сырдык сөзү байталдын даяр болгонуна Луизанын көңүлүн бурууну билдирет. Англис тилинде бул сөз тубаса, эмоционалдуу жана көп маанини билдирген сырдык сөздөргө кирет. www.urbandictionary.com сайтына кайрылсак, бул сөз Санта Клаус Рождество майрамында үч жолу айта турган сөздөргө да кирет

экен. Мисалы: “Ho ho ho, Merry Christmas!” - апалар жана эжелерге кайрылып куттуктап айтылган сөз. Демек, бул сөз көп маанилүү сөздөргө кирет деп ишеним менен айта алабыз. Орус жана кыргыз тилдеринде дал эле ошентип сөзмө-сөз “***Хо хо!***” деп берилген, бирок биздин оюбуз боюнча орус тилинде “***Кхе кхе***!” деп берилсе, белгиленген жагдайга көбүрөөк дал келет эле. Себеби бул сөз орус тилинде көңүл бура турган сөздөргө окшошот. Ал эми кыргыз тилинде ***хо хо!*** сөзү биздин оюбузча, окшошпой калган, балким, *мүмкүнбү?!* деген сөз дал келет деп ойлойбуз. Демек, мааниси жана пунктуациялык белгилери боюнча, котормо адекваттуулукка жетишкен.

3.20. Модель - 20. Айран калуу эч нерсени билбей, эч нерсеге түшүнбөй таң калгандык.

Мисалы:20. The canteen empty; the posada shut up; everybody in bed! “Madre de Dios! what can it have been? Ghost it could not be; flesh and bones Igrasped myself; so did Vicente on the other side? I felt that, or something very like it, under the tiger-skin. Santissima! it could not be a cheat!

“If a contrivance, why and to what end? Who cares to play carnival on the prairies - except myself, and my camarados? ***Mil demonios!*** What a grim masquerader!

“Carajo!am I forestalled? Has some other had the offer, and earned the thousanddollars? Was it the Irlandes himself, dead, decapitated, carrying his head in his hand? (268).

